Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Шухрат Эргашев, Бекзат Ходжаев,**
**Жамшид Абдуллаев**

# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ

**(1991 – 2017-жылдар)**

***Орто билим берүүчү мекемелердин 11-классы үчүн окуу китеби***

Биринчи басылышы

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тастыктаган

Ташкент
«TURON-IQBOL»
2018

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**УЎК 94(100)(075.3)=512.154**
**КБК 63.3(0)**

**Д 81 Эргашев, Шухрат.**
Дүйнө тарыхы [Текст]: Орто билим берүүчү мекемелердин 11-классы үчүн окуу китеби / Ш. Эргашев, Б. Ходжаев, Ж. Абдуллаев. – Ташкент: «Turon-Iqbol», 2018. – 144 б.

**КБК 63.3(0)**

**Жооптуу редакторлор:**
**М. Рахимов** – тарых илимдеринин доктору, профессор;
**Т. Бабаматов** – тарых илимдеринин кандидаты.

**Рецензенттер:**
**К. Ражабов** – тарых илимдеринин доктору, профессор;
**Г. Пасилова** – Ташкент шаарынын Юнусабад районундагы 257-мектептин тарых мугалими;
**Ф. Аманова** – Ташкент шаарынын Мырза Улукбек районундагы 248-мектептин тарых мугалими;
**О. Эргашев** – Ташкент облусунун Ахангаран районундагы 22-мектептин тарых мугалими

**Шарттуу белгилер**


Интернетте иштөө боюнча тапшырма


Терминдердин түшүндүрмөсү


Эске ал



Эсте сакта


Карта менен иштөө боюнча тапшырма


Өзүңдү сына


Чыгармачыл иш тапшырмасы

**Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-14-539-9

© Ш. Эргашев жана башк., 2018.
© «TURON-IQBOL», 2018.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

Дүйнө тарыхынын 1991-жылдан башталган доорунда дүйнөнүн социалдык-саясий жана экономикалык режиминде чоң өзгөрүүлөр болду. Бул мезгилде коомдун жашоосунун бардык тармактарына күчтүү таасир көрсөткөн фактор илимий-техникалык революциянын жаңы баскычы – компьютер-маалымат революциясы болду. Бул революциянын таасири астында өнүккөн мамлекеттерде цивилизациянын индустриалдык баскычынан постиндустриалдык, маалыматтык баскычына өтүү башталды.

Бул китеп ошол мезгил окуяларын баяндоо менен бирге, коомдун өнүгүшүнүн азыркы баскычын талдоо жана өз алдынча жашоого кадам коюу алдында турган Сен сыяктуу окуучуларга өз турмуштук келечегиңди белгилеп алуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү билимдерди калыптандырат. Бул билимдер дүйнө элдеринин маданиятынын ар бири өзүнө мүнөздүү баалуу экендигин, гуманизм жана патриоттук принциптери, жарандык коому жана укуктук мамлекет идеяларына негизделген жалпы инсандык баалуулуктарды таанууга жардамдашат. Коомдун өнүгүүсүнүн маанилүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн билип алуу, өнүгүүнүн өзүнө мүнөздүү жолдорун түшүнүү жана келечектери жөнүндө элестетүүлөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берет. О.э, алган билимдериң алдыңкы мамлекеттердин тарыхый тажрыйбасын Өзбекстанда чыгармачыл колдонууга жардам берет.

## КИТЕПТЕ КОЛДОНУЛГАН КЫСКАРТМА СӨЗДӨР:

БУУ – Бириккен Улуттар Уюму

НАТО (англ. North Atlantic Treaty Organization) – Түндүк Атлантика аскердик блогу

ЕБ – Европа Биримдиги

СССР (орус. Союз Советских Социалистических Республик) – мурдагы Советтик Социалисттик Республикалардын Союзу

РСФСР – Россия Советтик Федеративдик Социалисттик Республикасы

АКШ – Америка Кошмо Штаттары

БРИКС (англ. BRICS – Brazil, Russia, India, China, South Africa) – Бразилия, Россия, Индия, Кытай, Түштүк Африка мамлекеттеринен турган союз.

ИТР – илимий-техникалык революция

ИДӨ – ички дүң өнүм

ASEAN – Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринин ассоциациясы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I БӨЛҮМ. XX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XXI КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА ДҮЙНӨ МАМЛЕКЕТТЕРИ

## 1-ТЕМА. XX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XXI КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Дүйнө тарыхы эң жаңы доордун үчүнчү баскычы 1991-жылдан башталып, азыркы күнгө чейин болгон окуяларды үйрөнөт. Бул доордо социалисттик режимдин кыйрашы, СССРдин тарап кетиши дүйнөлүк дэңгээлде күчтөрдүн катышына, күчтүү мамлекеттердин ортосунда калыптанган геосаясий тендикке чоң таасир көрсөттү.

**Бириккен Улуттар Уюму качан түзүлгөн эле?**

Бул мезгилде экономикалык жана маданий турмуштун глобалдашуусу, экологиялык көйгөйлөрдүн курчушу, дүйнөнүн өтө чоң бөлүгүндө модернизация жараяндарынын бүтпөгөндүгү менен байланыштуу карама-каршылыктардын күчөшү эл аралык туруктуулукка олуттуу коопсала баштады, көптөгөн мамлекеттердеги татаал көйгөйлөрдүн булагына айланды.

**XX кылымдын 90-жылдарынын аягында эл аралык мамилелер.** Экинчи дүйнөлүк согуштан соң дүйнөдөгү күчтөрдүн катышын белгилеп келген капиталисттик жана социалисттик аскердик-саясий блоктордун ортосундагы карама-каршылык 1990-жылдарда аяктады. Бирок, ошол учурда, аймактык чыр-чатактар жана «кичи согуштар» коркунучу күчөп, адам жана элдердин укук жана коопсуздугун коргоо, гуманитардык-укуктук, маданий мамилелерди камсыздоо, объективдүү маалымат таратуу маселелери дүйнө саясатынын олуттуу көйгөйлөрүнө айланды.

1990-жылдардын баштарында эл аралык мамилелерде түптөн бурулуш болду. Алгач Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринде социализмдин кыйрашы, кийин болсо СССРдин тарап кетиши жана «эки уюлдуу дүйнө» моделинин жоюлушу натыйжасында дүйнөдө бир уюл, б.а. АКШ башчылыгында Батыш мамлекеттеринин бийлиги орнотулду. Мурдагы социалисттик лагерь мамлекеттериндеги кыйынчылыктар, Германиянын биригүүсү жана Батыш мамлекеттериндеги интеграция жараяндары XX кылымдын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аягы – XXI кылымдын баштарындагы эл аралык мамилелердин маанилүү факторуна айланды.

Ошол учурда эки уюлдуу дүйнө режиминин өзгөрүүсү бир топ мамлекеттердин саясий өнүгүүсүндө кескин бурулууга, тоталитардык идеологиянын жоюлушуна алып келди. Пайда болгон идеологиялык вакуумга улутчулдук, диний фанатизм, агрессиячылдык идеялары кирип келе баштады. БУУнун тынчтыкты жактоочу кыймылдары дайыма эле натыйжалуу болбоду. Эки уюлдуу дүйнө жоюлгандан соң глобалдуу кагылышуу коркунучунун ордун локалдык согуштар коркунучу ээледи.

Мурдагы СССР жана Югославия аймактарындагы көйгөйлөрдөн сырткары Жакынкы Чыгыштагы абал да курч бойдон калды. О.э, Индия жана Пакистандын ядро куралына ээ болуу үчүн кылган умтулуулары ошол аймактагы карама-каршылыктарды күчөттү.

Дүйнөнүн түрдүү аймактарындагы саясий туруксуздук жаңыдан жаңы чыр-чатактарды келтирип чыгарды. 1990-жылдардын аягында Тропикалык жана Түштүк Африканын бир топ мамлекеттери кандуу согуштар, мамлекеттик төңкөрүштөр, партизандык кыймылдар майданына айланды.

**XXI кылымдын баштарындагы эл аралык мамилелер.** XXI кылымдын баштарына келип дүйнөдө жаңы кудуреттүү мамлекеттердин пайда болушу жана алардын альтернативдүү борборлорго айлануу жараяны байкалып калды. Бул мамлекеттер таасиринин ашуусунда алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүшү негизги фактор болду. Индия, Пакистан жана Түндүк Кореянын ядро куралына ээ болушу бул мамлекеттердин эл аралык мамилелерде көз карандысыздыгын арттырды. Иран да өз ролун ашырууга умтулуп, баштаган ядролук программасы дүйнөлүк коомчулукту катуу түйшүккө салды.



Түркүн дүйнө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кытай жана Бразилиянын тез өнүгүшү аларды «үчүнчү дүйнө» мамлекеттери катарынан экономикалык өнүккөн мамлекеттердин күчтүү ондугуна жана дүйнө саясатынын жетекчилери катарына алып чыкты. Ушундай тез өнүгүп жаткан башка мамлекеттер – Түркия, Саудия Арабстаны, Мексика, Перс булуңу аймагындагы араб мамлекеттери жана башка мамлекеттер эл аралык жана аймактык мамилелерге күчтүү таасир көрсөтө баштады. Бул учурда АКШнын эл аралык мамилелерде бул мамлекеттерге таасири азайып барды. Ошентип көп уюлдуу дүйнө моделинин калыптануу жараяны башталды. Бул жараянда ар бир мамлекет өз ордуна ээ болууга умтулууда.

Өзбекстан Республикасынын Президенти Ш. Мирзиёевдин 2017-жыл 19-сентябрда БУУнун 72-сессиясында сүйлөгөн сөзү көп уюлдуу дүйнөнүн калыптанышы жана глобалдашуу жараянында Өзбекстандын ордун белгилеп берүүгө каратылды. Анын Борбордук Азияны тынч жана гүлдөп-жайнап жаткан аймакка айландыруу, Арал кризисин чечүүдө бүткүл дүйнөнүн катышуусу, Ооганстанда тынчтык орнотуу жана бүт дүйнө жаштарын террордук коoптон сактап калуу зарылдыгы жөнүндөгү сунуштары дүйнөлүк коомчулук тарабынан кызыгуу менен күтүп алынды.

Дүйнө ылдам өзгөрүп барууда. Дүйнөдө жаңы пайда болгон күчтүү мамлекеттер 2008 – 2009-жылдардагы дүйнөлүк финансылык кризиси ЕБ жана АКШга олуттуу таасир көрсөткөндөн пайдаланып, дүйнөлүк экономикада күчтөр катышын өзгөртүүгө умтулушууда. Учурда дүйнөлүк экономиканын башкаруучулугун арттыруу максатында Батыш мамлекеттеринин өнүгүп жаткан мамлекеттер менен жакындашуусу болууда. Ушул максатта дүйнөнүн 20 экономикалык эң ири мамлекеттери өкүлдөрүн бириктирген «Чоң жыйырмалык» – G-20 клубу түзүлдү. G-20 мамлекеттери дүйнө экономикасына олуттуу таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Анткени, дүйнөлүк ИДӨнүн 80%ы ушул мамлекеттердин эсебине туура келет, Жер бети калкынын 2/3 бөлүгү ушул мамлекеттерде жашашат.



**2017-жылы 19-сентябрда ...**
**2008 – 2009-жылдардагы ...**
**Эң жаңы доордун үчүнчү баскычы – бул ...**

Экономикалык кызматташтык жана интеграциянын күчөшүнө карабастан, дүйнө коомчулугу алдында чечилиши зарыл болгон бир топ көйгөйлөр турат. Алар, оболу, Жакынкы Чыгыш (Ирак,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Палестина, Сирия), Түндүк Корея, Украина жана Африкадагы чыр-чатактар менен байланыштуу. Бул көйгөйлөрдү чечүүгө Батыш мамлекеттери, Россия жана Кытайдын түрдүүчө мамилеси алардын ортосундагы мамилелерди татаалдаштырууда.

Эки жетекчи ядролук мамлекет – АКШ жана Россиянын ортосундагы татаал мамиле дүйнөлүк коомчулуктун алдында турган бир топ олуттуу көйгөйлөрдү чечүүгө тоскоол болууда. Ошондой көйгөйлөрдүн ичинде эң кооптуусу эл аралык терроризм болуп саналат. Ал азыр глобалдык дүйнө цивилизациясынын калыптануу жараяны өзүнүн жыйынтыктоочу фазасына өтүп жаткан доордо жаңы сапатка ээ болду жана дүйнөлүк саясатта чоң көйгөйгө айланды.

Эл аралык мамилелердеги өзгөрүүлөр XXI кылымда эл аралык коопсуздук жана кызматташтыкка негизделген жаңы дүйнөлүк тартипти орнотуу идеясынын илгери сүрүлүшүнө алып келди. Бирок бул милдетти ишке ашыруу дүйнө мамлекеттери, биринчи орунда, алдыңкы мамлекеттердин ортосунда кызматташтыкты талап кылат.

«Суук согуш» аяктагандан соң эл аралык мамилелерде, оболу АКШ жана Россия ортосунда пайда болгон шериктештик абалы 2014-жылга чейин уланды. Ошол жылы Украинада башталган саясий кризис Россия жана Батыш мамлекеттеринин ортосундагы олуттуу карама-каршылыктын жаңы баскычына алып келди.




**1990-жылдардын баштарында эл аралык мамилелер режиминде түптөн бурулуш болду.**

**АКШ менен Россиянын ортосунда пайда болгон шериктештик абалы 2014-жылга чейин уланды.**

XXI кылымга кирип келген адамзат глобалдык чакырыктарга гана эмес, о.э. геосаясий абалдын өзгөрүшү менен байланыштуу көйгөйлөргө да туш келүүдө. Жалгыз улуу мамлекет болуп калган АКШ өзүнүн жетекчилик ролун дүйнө коомчулугунун каалоосу катары сунуштап келди. Ирак жана мурдагы Югославия, Ооганстан жана Сирияда аскердик күчтүн колдонулушу, Түндүк Атлантика блогунун кеңейиши, планетабыздын башка аймактарында да күчтөн кеңири пайдалануу АКШнын дүйнөдө толук гегемондугун көрсөттү. Бирок бүгүн эл аралык мамилелерде барган сайын чоң роль ойноп жаткан Кытай, Россия, Индия сыяктуу мамлекеттердин буга ыраазы болушу кыйын. Түзүлгөн бул кырдаалда адамзаттын чыныгы коопсуздугу мамлекеттердин жана элдердин ортосундагы карама-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

каршылыктын тереңдешүүсү менен эмес, цивилизацияны сактап калуу жана анын гүлдөп-өсүшүн камсыздоого жөндөмдүү болгон өз ара шериктештик менен байланыштуу болуп калууда.



**Глобалдашуу** – бул дүйнөлүк мамлекеттердин экономикалык, саясий, маданий жана диний жактан биригүүсү же жакындашуу жараяны.

**Модернизация** – бул социалдык режимди тез өнүктүрүү максатында аны толук же бир аз жаңылоо, салттык коомдон жаңыланган коомго, агрардык цивилизациядан индустриалдык цивилизацияга өтүү жараяны.

**Тоталитардык идеология** – идеологиялык режимдин түрү болуп, тоталитардык коомдо элди кеңири масштабда массалык түрдө идеологиялык кайра тарбиялоо каражаты болуп саналат.

**Көп уюлдуу дүйнө** – дүйнөдө бири-биринен үстөм болбогон бир нече саясий, экономикалык, аскердик жана маданий борборлордун (уюлдардын) болуу абалы.

**Үчүнчү дүйнө** – XX кылымдын экинчи жарымына таандык болгон саясий термин. Ал «суук согуш»та жана аны менен байланыштуу куралдануу жарышында түздөн-түз катышпай жаткан мамлекеттерге карата колдонулган. Алгач АКШнын тарапташтары жана социалисттик лагерге кирбеген бардык мамлекеттер «үчүнчү дүйнө» деп аталган.

**ИТР (илимий-техникалык революция)** – илим жана техниканын өнүгүүсүндө жаңы сапат баскычына өтүү, чоң секирик жана анын негизинде өндүрүштүк күчтөрдү толук кайра куруу.

**Интеграция** – бул суверендүү мамлекеттер ортосунда товарлар, кызматтар, финансы, инвестиция, ишчи күчү эркин аракеттене турган экономикалык кендикти түзүү максатында биригүү жараяны.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Эки карама-каршы аскердик-саясий блоктор жоюлгандан соң эл аралык мамилелердин олуттуу көйгөйлөрү эмнелерден туруп калды?
2. 1990-жылдардын башында эл аралык мамилелерде болгон түпкү бурулуш эмнелерде көрүндү?
3. XXI кылымда көп уюлдуу дүйнө моделинин калыптанышы эл аралык мамилелердеги кандай жараяндарда байкалууда?
4. Китептеги материалдардан пайдаланып, XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында эл аралык мамилелерге таасир көрсөтүп жаткан маанилүү факторлордун тизмесин түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Өз алдынча иш

Текстте келтирилген карта менен тааныш жана «Түркүн дүйнө» темасында эссе жаз.

## 2-ТЕМА. ЧЫГЫШ ЕВРОПА МАМЛЕКЕТТЕРИНДЕ ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯЛАР ЖАНА СОЦИАЛИСТТИК ЛАГЕРДИН КЫЙРАШЫ

**Социалисттик режимдин кыйрашы.** Чыгыш Европа мамлекеттеринде социалисттик режимдин оодарылышы түрдүүчө көрүнүштө ишке ашырылды. Кайра куруу доорунда активдүү реформалар алып барган, идеологиялык плюрализмди орното алган жана жетекчилери өзгөрүүлөрдүн айкындыгын сезген мамлекеттерде социализмдин кулашы кыйла жумшак өттү.

**Экинчи дүйнөлүк согуш Чыгыш Европа мамлекеттери үчүн кандай натыйжалар менен аяктады?**


Лех Валенса

Польшада калктын мамлекеттеги социалисттик режимден наразылык чыгуулары 1988-жылдан баштап күчөп барды жана алар саясий реформаларды, Лех Валенса башчылыгындагы «Биримдик» профсоюзунун эркин ишмердик жүргүзүү укугун талап кылды.

1989-жылы болуп өткөн шайлоолор бийликчил Польша бириккен жумушчу партиясынын (ПБЖП) аброю түшүп кеткендиги, ошол учурда, оппозициядагы «Биримдик» профсоюзунун жалпылашып баратканын көрсөттү. Жаңы курамдагы парламент конституциясына өзгөртүү киргизип, Польшаны демократиялык-укуктук мамлекет деп жарыялады. ПБЖП өз ишин токтотту. 1990-жылы кезектен сырткары президенттик шайлоолордо Лех Валенса жеңди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Ион Илиеску

Румынияда коммунисттик режимдин кулашы олуттуу аскердик кагылышуу натыйжасында болду. 1989-жылы декабрда Тимишоара шаарында калктын Н. Чаушеску режимине каршы тынч демонстрациясынын Румыния жашыруун кызматы өкүлдөрү тарабынан окко тутулушу мамлекет бойлоп козголоңдун башталышына алып келди. Армия козголоңчулар тарабына өттү. Бир нече миң кишилик аламан танктык бөлүмдөр жардамында мамлекеттик кеңешти курчады. Козголоң Н. Чаушеску жана анын аялын соттоо, сот өкүмүнө ылайык атып таштоо жараяны менен бүттү. Козголондо миңден ашуун киши каза болду. Бийлик козголоң күндөрү түзүлгөн Улуттук куткаруу фронту колуна өттү. Комитеттин төрагасы болгон Ион Илиеску 1990-жылдагы шайлоолордо мамлекеттин президенти болуп шайланды.



**1988-жылдан Польшада ...**
**1989-жылда Польшада ...**
**1990-жылда ...**
**(ПБЖП – бул ...)**

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки эң маанилүү окуялардан бири Германиянын биригүүсү болду. 1980-жылдардын аягында Германия Демократиялык Республикасында социалдык-экономикалык жана саясий кризис күчөп, 1989-жылы ноябрда эки немис мамлекетин ажыратып турган Берлин дубалынын кулашына алып келди. Бул иш жүзүндө эки Германия ортосундагы чек аранын ачылышы эле. 1990-жылы Москвада эки немис мамлекетин бир – Германия Федератив Республикасына бириктирүү жөнүндөгү келишимге кол коюлду.

**Чыгыш Европа мамлекеттери XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында.** Негизинен тынч жол менен ишке ашырылган демократиялык революциялардын натыйжасында Чыгыш Европа мамлекеттери өнүгүшүнүн экономикалык жана саясий багыты кылып Европа Биримдигин тандады. Чыгыш Европанын бардык мамлекеттери НАТОго мүчө болду.

Базар экономикасына тез өтүү бир топ олуттуу көйгөйлөрдү келтирип чыгарды. Инфляция даражасы жана ишсиздиктин ашуусу, турмуш даражасынын төмөндөшү, коомдун бай жана көп сандуу өтө кедейлерге бөлүнүшү күзөтүлдү. Натыйжада, реформалар үчүн жоопкер болгон өкмөттөрдү эл колдобой койду. Польшада социалдык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чөйрөнүн өзгөрүшү натыйжасында 1990-жылдардын эң белгилүү саясатчыларынан бири Лех Валенса президенттик шайлоолорунда жеңилүүгө учурады. Күчтүү идеологиялык басымга карабастан, солчулдар Литвада, кийинчерээк Албанияда өкмөткө келди.




Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттери



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзгөрүүлөр башка Европа мамлекеттериндегиге салыштырмалуу **Югославия**да бир аз татаал кечти. Алты республикадан түзүлгөн Югославия Федеративдик Республикасында социалисттик режимдин кулашы улутчул жана бөлүп-жаруучу күчтөрдүн активдешүүсү үчүн шарт жаратты. Натыйжада 1991 – 1992-жылдары Югославия мамлекети ыдырап кетти. Сербия жана Черногория гана федерацияда калды. Словения, Хорватия, Босния, Герцеговина жана Македония эгемендүү мамлекеттерге айланды. Бирок, эгемендүү мамлекеттерге ажыроо этникалык карама-каршылыктарды курчутуп жиберди.

**1989-жылы ноябрда ...** **1990-жылы Москвада ...**
**1991 – 1992-жылдары ...**

1990-жылдан кийин Сербияда мусулман-албандар өздөрүнүн «Косово Республикасын» жарыялады. Бул Сербия менен куралдуу жаңжалга алып келди жана ага НАТО аралашты. 1999-жылы НАТО кошуундары Югославияны бомбалады. Жаңжал Европа деңгээлиндеги кризиске айланды.




Югославиянын талкаланышы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дагы бир оор абал Босния жана Герцеговинада келип чыкты. Бул жерде сербдер, хорваттар жана мусулмандар узак тарыхтан бери коңшу жашашкан. Ошол себептүү этникалык бөлүп-жарууга диний карама-каршылык да кошулду. Босния жана Герцеговинада улуттук карама-каршылыктар өзгөчө кескин түс алды. Калктын жарымын түзгөн сербдер Югославиянын курамынан чыгууну каалабады жана өздөрүнүн Босния серб республикасын жарыялады. 1992 – 1994-жылдары сербдер, мусулмандар жана хорваттар ортосунда аскердик чыр башталып кетти жана бул тынч калктын арасында да көптөгөн курмандыктарга алып келди. Босниядагы этникалык чатактарды жоюу үчүн бул жерге БУУ тынчтыкты жактоочу күчтөрү киргизилди жана согуш аракеттери токтотулду. 2006-жылы өткөрүлгөн референдум натыйжасына көрө, Черногория Сербиядан бөлүнүп чыкты. Югославия Республикасы жоюлду.

**Чехословакия** улуттук көйгөйлөрдү чечүүнүн тынч жолун тандады. 1992-жылы өткөрүлгөн референдум натыйжасы боюнча, мамлекеттин калкы бөлүнүүнү чечти. Бөлүнүү жараяны олуттуу талкууланып, жакшылап даярдалды. 1993-жылы 1-январдан дүйнө картасында эки эгемендүү мамлекет – Чехия Республикасы жана Словакия Республикасы пайда болду.




**Чехословакияда улуттук көйгөйлөрдү чечүү максатында 1992-жылы референдум өткөрүлдү.**

**1999-жылы НАТО кошуундары Югославияны бомбалады.**

Чыгыш Европа мамлекеттеринде болгон окуялар сезилерлүү эл аралык саясий өзгөрүүлөргө алып келди. Бул мамлекеттерди эми Батыш Европа мамлекеттеринин экономикалык жана аскердик-саясий уюмдары – оболу ЕБ жана НАТО өзүнө тартты. Венгрия, Латвия, Литва, Эстония, Польша, Словения, Словакия жана Чехия, Румыния жана Болгария ЕБке мүчө болду. Бул мамлекеттерде демократиялык салттардын болушу жана Батыш Европа менен жалпы цивилизацияга таандыктыгы алардын өнүгүшүнө оң таасир көрсөтүүдө. Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттеринде калктын жашоо даражасынын өскөндүгү коомдо демократиялык реформаларга болгон ишенимди күчөттү.

Бирок бул мамлекеттердин көпчүлүгүндө ишсиздик кыйла жогору, бир бөлүк эл Батыш Европанын өнүккөн мамлекеттерине чыгып, иш



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

издөөгө мажбур болууда. Ошого карабастан, Борбордук жана Чыгыш Европа Батыш Европа менен экономикалык жана маданий теңдикке карай чечкиндүү адымдоодо. Бул мамлекеттердин эң чоң көйгөйлөрүнөн бири коомдо коррупция даражасынын жогорулугу болуп калууда.



**Көп партиялуулук принциби** – бул заманбап демократиялык мамлекеттерде саясий турмушту уюштуруунун негизги конституциялык принциптеринен бири болуп, идеологиялык плюрализм (көп түрдүүлүк) дин айкын көрүнүшү болуп саналат.

**Этникалык чыр** – адатта, бири-бири менен коңшулаш жашоочу түрдүү этникалык топко таандык коомдордун ортосундагы кагылышуу.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Чыгыш Европа мамлекеттеринде социалисттик режимдин кыйрашы кандай көрүнүштөрдө ишке ашырылды?
2. Чыгыш Европа мамлекеттери НАТОго мүчө болууда өз коопсуздугунун кепилдигинен сырткары дагы кандай артыкчылыктарды көрүштү?
3. Чыгыш Европа мамлекеттеринде социализм кыйрагандан соң кандай көйгөйлөр пайда болду?
4. Тексттен пайдаланып социализм кыйрагандан соң Чыгыш Европада пайда болгон жаңы мамлекеттердин тизмесин түз.

## Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, Борбордук жана Чыгыш Европа мамлекеттерине тиешелүү аймактарды статусуна карай ажырат жана түшүндүр.



Тексттен пайдаланып, Чыгыш Европа мамлекеттериндеги демократиялык өзгөрүүлөрдүн хронологиясын түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-ТЕМА. СОВЕТ МАМЛЕКЕТИНИН КЫЙРАШЫ ЖАНА МУРДАГЫ СОВЕТТИК РЕСПУБЛИКАЛАРДА ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН ЖАРЫЯЛАНЫШЫ

**КМШнын түзүлүшү.** 1991-жылдын аягына келип бардык мурдагы республикалар СССРдин курамынан чыккандыгын жарыялады. 1991-жылы 8-декабрда Россия, Украина жана Беларусь жетекчилери чогулуп, СССР саясий биримдик катары жоюлганын жана Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) түзүлгөндүгүн тастыкташты.



**СССР качан жана кайсы мамлекеттердин катышуусунда түзүлгөн эле?**

1991-жылы 25-декабрда СССРдин президенти М. Горбачёв мамлекет башчысынын ыйгарым укуктарын тапшыргандыгы жөнүндө маалымат берди.



КМШнын желеги

1991-жылы декабрда Түркмөнстандын борбору Ашхабад шаарында беш Борбордук Азия республикаларынын жетекчилеринин жолугушуусу болуп, анда мүчө мамлекеттердин теңдиги жана бардыгынын КМШ негиздөөчүсү катары союзга кошулушу маалым кылынды. 1991-жылы декабрда Казакстандын Алмата шаарында болуп өткөн жолугушууда Декларация кабыл алынып, СССР эл аралык укук субъекти жана геосаясий реалдык катарында өз ишмердигин аяктаганы белгиленди. Ошол жылдын аягына чейин Балтика бою республикалары – Латвия, Литва, Эстониядан тышкары бардык мурдагы советтик республикалар КМШ курамына кирди. Бирок Грузия 2008-жылы, Украина болсо 2014-жылдан КМШ ишинде катышпастыгын билдирди. Монголия КМШнын бир топ структураларында байкоочу катары катышып келүүдө. 2008-жылы Ооганстан КМШга кирүү каалоосун билдирип, азыр КМШ парламенттер аралык ассамблеясында байкоочу катары катышууда.

КМШнын түзүлүшү СССР кыйрагандан соң мурдагы советтик республикалардын ортосундагы экономикалык жана гуманитардык мамилелерди сактап турууда, социалдык жана гуманитардык кырсыктардын алдын алууда, пайда болгон көйгөйлөрдү шериктештикте чечүүдө маанилүү роль ойноду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**СССР тарагандан кийинки көйгөйлөр.** СССР кыйрагандан кийин түзүлгөн эгемендүү мамлекеттерде бир топ көйгөйлөр келип чыкты. Булардан биринчиси саясий өнүгүү менен байланыштуу эле. Мурдагы СССР аймагында түзүлгөн эгемендүү мамлекеттерде саясий жактан демократиялык режимдин орношу өтө оор кечти, көпчүлүк мамлекеттерде авторитардык режимдер орнотулду. Мунун бир канча себептери бар. Эң негизгиси, демократиялык принциптердин жарыяланышына карабастан, жетекчилик усулдарында, социалдык аң-сезимде совет доорунан бери жашап келаткан тоталитардык ой жүгүртүү үстөмдүк кылды. Натыйжада, мурдагы советтик республикаларга салыштырмалуу демократиялык жол менен бийликке келген жетекчилер ушул жолду улантпады, түрдүү усулдар жана шылтоолор менен өз жеке бийлигин чыңдоо жана аны сактап калуу жолунан барды. Оппозиция аёосуз жок кылынды жана натыйжада авторитардык режимдер калыптанды.

Мурдагы советтик республикалардын экономикалык өнүгүшү бир аз башкача жүрдү. Алардын бир бөлүгүндө советтик пландык экономиканын белгилери сакталып калган болсо да, негизги бөлүгү базар экономикасы жолун тандады.



**1991-жылы декабрда ...**
**1991-жылы 25-декабрда ...**
**2008-жылы ...**

СССРдин тарап кетиши мурдагы республикалардын ортосундагы салттуу экономикалык мамилелердин бузулушуна алып келди. Эгемендүүлүккө жетишкен мурдагы советтик республикалар кайрадан Россиянын таасирине түшүп калбастык үчүн этияттык менен аракет кылышты. Россиянын экономикалык, технологиялык жана аскердик мүмкүнчүлүктөрү төмөндөшү себептүү анын эл аралык майдандагы абройю да түшүп кетти. XX кылымдын соңку он жылында Россиянын дүйнөнүн чарбалык мамилелеринде катышуусу кескин кыскарды.

СССРдин кыйрашы Россия үчүн геостратегикалык абалдын олуттуу өзгөрүшүнө алып келди. Россиянын эл аралык абройю да төмөндөп, Югославия, Ирактагы сыяктуу кескин эл аралык көйгөйлөрдү чечүүдө дээрлик катышпады.

1990-жылдардын экинчи жарымында Россиядагы экономикалык-социалдык абал жана Россиядан тышкарыдагы орустар көйгөйү өзүнчө олуттуу болду. Буга мурдагы СССРдин түрдүү аймактарынан Россияга



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көчүп келе жаткандар көйгөйү да кошулду. Ошол мезгилде орустар дүйнөдөгү эң чоң бөлүнгөн улут болуп калды. СССР таркалып кеткенден соң 80 млн орус Россия аймагынан сыртта калып кетти.



**1990-жылдардын экинчи жарымында ...**
**1999-жылдын аягында ...**
**XXI кылымдын баштарында ...**

1999-жылдын аягында Б. Ельцин президенттик ыйгарым укуктарын В. Путинге тапшырды. 2000-жылы мартта болуп өткөн шайлоолордо В. Путин Россия президенти болуп шайланды. Ал мамлекетти башкаруу системасын реформалады. Борбордук бийликти бекемдеп, жайлардагы өз башымчалыкка чек койду. Ойлонуп жүргүзүлгөн экономикалык, социалдык, финансылык саясат себеп 2000-жылдардын баштарына келип, Россия оор абалдан чыгып алды. Тышкы саясатта АКШ жана Батыштын алдыңкы мамлекеттери менен мамилелер курч бойдон калды. Айрыкча, 2014-жылы Украинада болгон кезектеги «түстүү революция» себеп бийлик алмашкандан соң Крымдын Россияга кошулушу артынан Батыш мамлекеттери Россияга каршы экономикалык санкциялар жарыялады, ал «Чоң сегиздик» – G-8 ден чыгарылды. Россиянын экономикасында бир топ көйгөйлөр пайда болду, рублдун курсу түшүп кетти. Азыр Россия БРИКС жана ШКУ чөйрөсүндө шериктештикти күчөтүүдө. КМШ мамлекеттери ортосундагы өз ара мамилелер да оңой кечпеди. Россия менен Украина ортосунда Кара деңиз флотун бөлүп алуу, Крым жарым аралындагы Севастополь шаарынын статусу жөнүндө кескин талаштар жүрдү. Россия менен Балтика бою мамлекеттери ортосунда да ал жерде жашоочу көп сандуу орус тилдүү элдердин укуктары жана аймактык маселелер боюнча катуу тартышуулар болуп өттү. Тажикстан жана Молдова республикаларында жарандар аралык жаңжалдар болгондо, Россия өзүнүн экономикалык жана стратегиялык кызыкчылыктары себеп бул көйгөйлөрдү жоюуда катышты.




**2000-жылдардан баштап КМШ мамлекеттери жакшы экономикалык өсүү темптерин көрсөтүүдө.**

**2014-жылы Украинада «түстүү революция» себеп бийлик алмашты.**

XXI кылымдын баштарында Россиянын сырткы саясатында да олуттуу өзгөрүүлөр болду. КМШ мамлекеттери менен да мамилелерге



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

олуттуу көңүл бурула баштады. Мисалы, 2017-жылы Өзбекстан жана Россия мамилелери жаңы баскычка көтөрүлүп, эки тараптуу ири кызматташтык келишимдерине кол коюлду.

2000-жылдардан баштап КМШ мамлекеттери жакшы экономикалык өсүү темптерин көрсөтүп келүүдө. 2012-жылдын натыйжалары боюнча КМШ мамлекеттеринде ИДӨнүн өсүшү 4 % ды түздү. Калк жан башына ИДӨнүн көлөмү боюнча КМШ мамлекеттери Латын Америкасы, Жакынкы Чыгыш сыяктуу аймактарды кууп өттү.

Бүгүнкү күнгө келип, КМШдан тышкары аймактык эл аралык уюмдар да пайда болду. Шанхай Кызматташтык Уюму (ШКУ), Бажы Кеңеши буга мисал болуп, Өзбекстан Республикасы бул уюмдардын ишинде өз ара пайдалуу жана тең негиздерде катышып келүүдө.



**Геостратегия** – мамлекеттин эл аралык майданда алып бара турган тышкы саясий жана экономикалык иш-аракетинин багыттары. Геостратегия улуттук коопсуздук доктринасынын ажыралгыс бөлүгү болуп, геосаясий же геоэкономикалык аймакта өз максатына жетүү үчүн мамлекет тарабынан колдонула турган аракет технологияларын да өз ичине алат.

**«Түстүү революция»** – бул XX кылымдын аягы – XXI кылымдын баштарындагы нааразылык чыгуулары жана алардын натыйжасында болгон бийлик алмашууларынын жалпы аты.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. СССР кыйрагандан соң мурдагы советтик мамлекеттин аймагында КМШ кандай роль ойноду?
2. Эгемендүүлүккө жетишкен мурдагы советтик республикалардын өнүгүүсүндө кандай саясий жана экономикалык көйгөйлөр пайда болду?
3. 2010-жылдардан кийин Россия жана КМШ мамлекеттери ортосундагы мамилелерде кандай өзгөрүүлөр болду?
4. 2000-жылдардан баштап КМШ мамлекеттеринин өнүгүшүндө кандай өзгөрүүлөр болду?

## Өз алдынча иш



Интернеттен пайдаланып, КМШга тиешелүү сүрөттөрдү издеп тап жана түстүү кластер түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II БӨЛҮМ. 1991–2017-ЖЫЛДАРДА ДҮЙНӨ МАМЛЕКЕТТЕРИ

## 4-ТЕМА. 1991–2017-ЖЫЛДАРДА РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ

**Экономикалык реформалар.** 1991-жылдагы август кризисинен соң Россияда негизги кызматтарга демократиялык күчтөрдүн өкүлдөрү эмес, коммунисттик партиянын активисттери келди. Кайра куруу жылдарында бул активисттердин көпчүлүгү коммунисттик партия менен байланыштарын үзгөн болсо да, алардын реформачылык мүмкүнчүлүктөрү чектелген эле. Б. Ельцин тарабынан Премьер-министр кызматына сунуш кылынган Е.Гайдар Россиядагы реформалардын «архитектору» болду.



**«Кайра куруу» кандай себептерден улам өзүн актаган жок?**

Реформалар өтө оор жүрдү. Улуттук киреше жана өнөр жай өндүрүшү төмөндөп кетти. 1992-жыл 1-январдан эркин коюп жиберилген нарктар кескин жогорулады. Көп үй-бүлөлөрдө тамак-аш керектөөлөрү үй-бүлөлүк кирешенин негизги бөлүгүн түздү. Натыйжада согуштан кийинки мезгилде биринчи жолу Россиянын калкы азая баштады.

Инфляция жана саясий туруксуздук инвестициялардын кирип келишине тоскоолдук кылды. 1999-жылга келип Россиянын сырткы карызы 130 млрд доллардан ашып кетти. Эл аралык финансы уюмдары карыз бербей койду. Мамлекеттин экономикалык абалы социалдык абалына да таасир тийгизди. Ишсиздер, качкындар, жакырлар жана үйсүздөрдүн саны кескин артты.



**1991-жылдагы август ... 1992-жыл 1-январдан ...**
**Е.Гайдар ... 1999-жылга келип ...**

**Ички саясий турмуш.** Саясий багытта да маанилүү өзгөрүүлөр болду. 1991-жылдагы август окуялары, СССРдин тарашы жана «шок терапиясы» коомдо социалдык чыңалууну арттырды. Иш таштоолор жана саясий чыгуулар кеңири кулач жайды.

1993-жылы президент Б. Ельцин Элдик депутаттар съездин жана Жогорку Советти таратып жиберди, мамлекеттик бийликтин жаңы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

органдары – Федерация Кеңеши жана Мамлекеттик Думага шайлоолор жана Мамлекеттин жаңы конституциясы жөнүндө референдум өткөрүү жөнүндө указга кол койду. Жогорку Совет жетекчилиги жана Конституциялык соттун көпчүлүк мүчөлөрү президенттин указын конституцияга каршы деп эсептеп, ага каршы чыкты.




Россия Федерациясы

Буга жооп катары Жогорку Совет имараты кошуундар тарабынан курчап алынды жана артиллериядан окко тутулду.

1993-жылы декабрда Федерация Кеңеши жана Мамлекет Думасына шайлоолор болуп өттү. Ал биринчи жолу партиялык тизме боюнча өткөрүлдү. Шайлоонун натыйжаларына ылайык, Мамлекеттик Думада «Россия жолу», ЛДПР (Россия либерал-демократтар партиясы), КПРФ (Россия Федерациясынын коммунисттик партиясы) партиялары эң көп орундарды ээледи.



Борис Ельцин

Добуш берүүдө катышкандардын көпчүлүгү президент тарабынан сунуш кылынган Россиянын Конституциясынын долбоорун колдоду. Жаңы Негизги мыйзам кабыл алынышы менен бийликтин советтик режими жоюлду. Ошентип, Россияда XX кылымдын 90-жылдарында ишке ашырылган эң маанилүү саясий реформалар советтерден калган бийлик режимин бузуу, анын ордунда заманбап жана демократиялык бийлик режимин жаратуу үчүн аракеттин башталышы болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Улуттар аралык мамилелер.** Россия көп улуттуу мамлекет. Ошондуктан улуттар аралык мамилелер Россия үчүн дайыма орчундуу болуп келген. Айрыкча, чоң өзгөрүүлөр мезгилинде бул көйгөй биринчи орунга чыгат. СССР тарагандан соң оор кырдаал жаралды. 1991-жылдын аягы – 1992-жылдын башында Татарстан, Башкыртыстан жана Якутиядагы улуттук кыймылдар өздөрүнүн съезддерин өткөрүп, аларда РСФСРдин курамынан чыгуу маселеси коюлду. Чечен-Ингуш Автономдуу Республикасында Чечен элинин жалпы улуттук конгресси автономияны Чеченстан жана Ингушетияга бөлүүнү, Чеченстандын РСФСР курамынан чыгуусун билдирди. 1992-жылы Татарстан да өз мамлекеттик эгемендүүлүгүн жарыялады.

Булардын бардыгы борбордук бийликти Федерациялык Келишим түзүүнү ылдамдатууга аргасыз кылды. Федерациялык Келишимге 1992-жылы мартта Татарстан жана Чеченстандан сырттагы бардык субъекттер тарабынан кол коюлду. Борбор жана аймактардын ыйгарым укуктары Россиянын Конституциясында да өз тастыгын тапты.




**1992-жылы Татарстан өз мамлекеттик эгемендүүлүгүн жарыялады.**

**1999-жылга келип, Россиянын тышкы карызы 130 млрд доллардан ашып кетти.**

Татарстандын президенти болуп шайланган М.Шаймиев окуялардын өнүгүүсүн өз колуна алууга жетишти. Татарстан 1994-жылда федералдык бийлик менен ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү жөнүндө келишимге кол койду.

Чеченстан борбор менен ар кандай келишимдер түзүүнү четке кагуу жолунан барды. Аны менен мамилелер кырсыктуу түс алды. 1996-жылы Чеченстан менен федералдык борбордун ортосунда башталган согуш 2000-жылга чейин созулду. Бул согуш Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин СССР аймагында болгон эң чоң аскердик кагылышуу болду. Согуш Россияга бир нече млрд долларлык зыян келтирди, эки жактан 120 миңден ашуун адам курман болду.

**1990-жылдардагы тышкы саясат.** СССРдин тарап кетиши Россия үчүн олуттуу геосаясий өзгөрүүлөргө алып келди. Мамлекет Чыгыш жана Борбордук Европадагы союздаштарынан айрылды, алар НАТО менен кызматташа баштады. Балтика бою жана башка КМШ мамлекеттеринде улуттук жетекчилердин бийликке келиши алардын көпчүлүгү менен Россиянын мамилелерин татаалдаштырды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кантип болсо да Батыш менен мамилелерди жакшыртуу үчүн жасалган аракеттер Россиянын акырындык менен эл аралык аренада өзүнүн көз карандысыз ролун жоготуп баруусуна алып келди. Жылдан жылга артып бараткан Россиянын Батыш мамлекеттерине экономикалык көз карандылыгы да мамлекеттик коопсуздукка зыянын тийгизди.

**Россия XXI кылымда.** Б. Ельцин 1999-жылы декабрда отставкага чыкты. Убактылуу президент кызматын ээлеген Владимир Путин 2000-жылы март айында болуп өткөн шайлоолордо Россиянын президенти болуп шайланды.



**1993-жылы декабрда ...** **1992-жылы мартта ...**
**1996-жылы ...** **2000-жылы мартта ...**

В. Путин өзүн күчтүү мамлекеттик бийликтин жактоочусу экендигин көрсөттү. Жаңы президенттин баштапкы аракеттери коомдун турмушунда мамлекет бийлигинин ролун жана аброюн чындоого каратылды. Эл аралык майданда да Россиянын ролу тикеленип барды.

2008-жылы августта Грузия өзүнүн курамдык бөлүгү эсептелген Түштүк Осетия жана Абхазияда конституциялык тартипти кайра орнотуу максатында бул аймактарды артиллериядан бомбардимон кылууну баштады. Мындан соң жаңжалга Россия кошуундары кийлигишип, Грузиянын аймагына чейин бастырып кирди. Аскердик жаңжал бат эле бүттү. Бирок Россия – Грузия мамилелери кескин начарлады.

2014-жылы февралда Украинада бийлик алмашты. Крымда бийликке келген россиячылдар Киевдеги жаңы өкмөттү таанымады. Алар референдум өткөрүп, анын натыйжасына көрө Крымдын эгемендүүлүгүн жарыялашты жана Россия Федерациясынын курамына кирүү жөнүндө келишимге кол коюшту.



Владимир Путин

Россиянын Украинага карата саясатындагы дагы бир көйгөйлүү жагдай Украинанын чыгышында, т.а., Донецк жана Луганск облустарында болуп жаткан окуялар менен байланыштуу. Бул жерде да Украинадагы бийлик алмашуусун таанымаган бир топ орус тилдүү жетекчилер тарабынан Донецк жана Луганск Эл республикалары жарыяланып, өз армияларын калыптандырышты.

Тышкы саясатта Россия чечиши керек болгон маселелерден бири Сирия көйгөйү болду. Россиянын аскердик-космостук күчтөрү 2015-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жылы сентябрдан баштап Сириядагы согуштарда катышып жатат. Сирияда ИШИМ (Ирак жана Шам ислам мамлекети) жана башка эл аралык террордук уюмдарга каршы күрөштө Россия бир топ ийгиликтерге жетишти. Бул ага өзүнүн геосаясий беделин чыңдоо мүмкүнчүлүгүн берди.



**Шок терапиясы** – бул экономикалык теория, о.э., бул теорияга негизделген кескин экономикалык реформалар.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Россияда Е. Гайдардын өкмөтү тарабынан ишке ашырылган экономикалык реформалар кандай натыйжаларга алып келди?
2. 1990-жылдары Россияда жасалган эң маанилүү саясий реформанын маңызы эмнеден турган эле?
3. Россияда 1990-жылдары жаралган улуттар аралык чыңалуу кандай усулдар менен чечилди?
4. XXI кылымда Россия тышкы саясатта кандай көйгөйлөрдү чечүүгө умтулууда?

## Өз алдынча иш



**Картага негизделип, СССР таркагандан кийинки Россия Федерациясынын аймагын талда.**

# 5-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА УКРАИНА, БЕЛАРУСЬ ЖАНА МОЛДОВА РЕСПУБЛИКАЛАРЫ



Леонид Кравчук

**Украина.** 1991-жыл 24-августта Украина өз эгемендүүлүгүн жарыялады. 1991-жылы декабрда өткөрүлгөн референдумда дээрлик басымдуу эл Украинанын көз карандысыздыгы үчүн добуш берди.

Референдум менен бирге Украина президенттигине болгон шайлоолордо Леонид Кравчук Украинанын биринчи президенти болуп шайланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эгемендүүлүк жарыяланды. Бирок жогорку эффективдүү, туруктуу улуттук экономиканы түзбөстөн реалдуу саясий эгемендүүлүктү орнотуу мүмкүн эмес эле. СССРди чулгап алган экономикалык кризис, жалпы союздук экономикалык комплекстин кыйрашы башкалар катары Украинага да олуттуу таасир көрсөттү. Эгемендүүлүк жарыяланган маалда Украинанын экономикасы күчсүз абалда эле.

Кризис өнөр жай жана айыл чарбасын камтып алды. Кризистен чыгуунун көптөгөн программалары иштеп чыгылды, бирок алардан бири да аягына чейин ишке ашырылбады.

**Мурдагы Союзда 1991-жылы 19–21-август күндөрү кандай окуялар болгон эле?**




Украина Республикасы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XX кылымдын 90-жылдарынын экинчи жарымынан иш акысынан карыздарлыкты жоюу, чет эл кредиттери жана валюта базарын тартипке салуунун эсебинен экономикалык абал өзгөрдү, 1996-жылы улуттук валюта – гривна мамилеге киргизилди. Бирок күтүлгөндөй, чет эл инвестициясы мамлекетке агып келбеди, гривна курсун тез жоготуп барды.

XX кылымдын аягына келип, көптөгөн ишканаларда мүлк ээлери алмашты, жаңы кожоюндар өндүрүштү тикелөөгө киришишти. Жогорку тажрыйбалуу жана өтө арзан ишчи күчү, о.э. кудуреттүү өнөр жай базасы Украинанын экономикасына акча тигүүнү пайдалуу кылып койду. Бул өзгөрүүлөр экономиканын турукташуусун, кийин болсо экономикалык өсүүнү камсыздады. Бирок бул көпчүлүк КМШ мамлекеттериндеги сыяктуу Украинада да жетекчилик элитасынын коррупциялашуусуна, калктын басымдуу бөлүгүнүн болсо жакырлашуусуна алып келди.

**Украинада мамлекет курулушу жана саясий жараяндар.** Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Украинанын алдында турган эң маанилүү маселелерден бири мамлекеттик курулуш көйгөйү эле. 1996-жылы кабыл алынган Украинанын конституциясы бул жараяндын укуктук негизи болду.


Пётр Порошенко

Бирок саясий туруксуздук жана экономикалык кыйынчылыктар узак жылдардан бери чечилбей келаткан социалдык көйгөйлөр менен кошулуп, бир топ саясий кризистерге алып келди. 2004-жылдагы шайлоолордо Виктор Януковичтин жеңген деп жарыяланышы көп миң кишилик наразылык чыгууларына себеп болду. Натыйжада, өткөрүлгөн үчүнчү тур шайлоолорунда «Биздин Украина» блогунун башчысы Виктор Ющенко Украинанын президенти болуп шайланды. Бирок В. Ющенко мамлекетте олуттуу оң өзгөрүүлөрдү жасай албады. Ошондуктан 2010-жылдагы шайлоолордо В. Янукович жеңип чыкты. Ал мамлекеттеги социалдык системаны толук реформалоого киришти. Бирок анын 2013-жылы Евробиримдик менен кызматташуу жөнүндө келишимге кол коюудан баш тартуусу саясий кризиске себеп болду. Киев жана башка шаарларда массалык наразылык чыгуулары болуп, алар социалдык тармактарда «Евромайдан» атын алды. В. Янукович Украинаны таштап кетти. 2014-жылы болуп өткөн шайлоолордо Петр Порошенко Украинанын президенти болуп шайланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Крым Автономдук республикасы жана Севастополь шаары Россияга кошуп алынгандан соң болсо Украина менен Россиянын ортосундагы мамилелер өтө курчуду.



**1991-жылы 24-августта ...** **1996-жылы ...**
**2004-жылдагы ...** **2014-жылы ...**

Украинадагы жаңы бийликти дүйнөлүк коомчулук тааныды. Эгерде борбор шаарда, түндүк, борбордук жана батыш аймактарда Евроинтеграцияга карай умтулуп жаткан жаңы өкмөт бат эле таанылып, калктын жактыруусуна жетишкен болсо, түштүк-чыгыш аймактарда орус тилдүү калктын наразылык чыгуулары күчөп барды. Бул аймактын эли тарыхы боюнча Россия менен байланыштуу болгондуктан эки мамлекеттин ортосундагы мамилелерди сактап калууну талап кылды жана өтө оңчул, экстремисттик, улутчул топтордун өз аймагында таралуусуна каршы чыкты. Россиячыл жетекчилер башчылыгындагы бул аракеттер Донецк жана Луганск облустарында куралдуу карама-каршылыкка айланып кетти. Украинанын жетекчилери бул аймактарда антитеррордук операция башталаарын жарыялады, бул болсо эки жактын ортосунда кең көлөмдөгү согуш аракеттерине алып келди. 2014-жылы сентябрда Беларусь Республикасынын борбору Минск шаарында Россия, Украина жана Донецк менен Луганск облустарынын өкүлдөрү ортосунда аскердик аракеттерди токтотуу жөнүндө келишимге кол коюлду. Бирок 2015-жылдын январынын ортолорунан согуштар дагы башталып кетти. Ушул жылы февралда Германия, Франция, Россия жана Украина мамлекет башчылары Минск шаарына чогулуп, Украинанын чыгышында аскердик жаңжалды чечүү жөнүндө жаңы келишимге кол коюшту (Минск–2). Бирок согуш токтободу. 2017-жылы ноябрда артиллериядан өз ара атышуулар кайра башталып кетти. Батыш мамлекеттери жана Украина бул жаңжалда Россияны көтөрүлүшчүлөрдү колдоп-кубаттоодо айыптап келүүдө. Ал эми Россия муну танып, жаңжал Украинанын ички иши экенин ырастоодо.



Александр Лукашенко

**Беларусь Республикасы.** Белоруссиянын борбору Минск шаарынын 1944-жылы немис фашисттеринен бошотулган күнү – 3-июль Эгемендүүлүк күнү катары белгиленет.

1994-жылы кабыл алынган конституцияга ылайык Беларусь Республикасы унитардык демократиялык социалдык-укуктук мамлекет деп жарыяланды. 1994-жылы болуп өткөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

шайлоолордо Александр Лукашенко мамлекеттин президенти болуп шайланды. Анын демилгеси менен референдум өткөрүлүп, беларусь тили менен бир катарда орус тилине да мамлекеттик тил статусу берилди, мамлекет желеги өзгөртүлдү, президенттин укуктары кеңейтилди.

Беларусь жана Россия ортосунда Достук, жакшы коңшучулук жана шериктештик жөнүндө, кийин болсо Россия жана Беларусь ортосунда Союздаш Мамлекет түзүү жөнүндө келишимдерге кол коюлду. Келишим Россия жана Беларусь ортосунда жакындашуу жана укуктук, экономикалык, финансылык, бажы жана башка режимдерди бириктирүүнү, мамлекеттер аралык бийлик режимдерин калыптандырууну, ошол эле маалда мамлекеттердин эгемендүүлүгү жана суверенитети сакталып калышын көздө тутат.

1996-жылы биринчи Жалпыбеларусь элдик жыйыны мамлекеттин 1996 – 2000-жылдарга белгиленген социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн негизги багыттарын тастыктагандан соң Белоруссияда акырындык менен экономикалык өсүү күзөтүлдү. 2000-жылга келип өнөр жай жана калк колдонуучу продукцияларды өндүрүү жана калктын реалдуу кирешелери кризистен алдыңкы даражадан ашып кетти. Жарандардын орточо айлык кирешеси КМШ мамлекеттери арасында эң жогорулардан бири болуп калды.

Тамак-аш азыктарын өндүрүү боюнча да Беларусь КМШда алдыңкы орундардан бирин ээлейт. Беларусь сүт жана сүт азыктарын жеткирип берүүчү дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери катарына кирет.

**Молдова Республикасы.** Молдова 1991-жылы 27-августта өз эгемендүүлүгүн жарыялады. Молдова Республикасы наамын алган мамлекеттин биринчи президенти болуп Мирча Снегур шайланды.

1990-жылы Молдованын Румыния менен интеграциялашуусу жараянында республиканын түштүк-чыгыш аймактарындагы жергиликтүү орус тилдүү калк арасында айырмачылык маанайы күчөдү. Алар өздөрү жашаган аймакты Днестр боюу Молдавия Республикасы деп жарыялады. Бул кандуу кагылышууга алып келди жана Россия армиясы аралашкандан соң согуш токтотулду.




**1991-жылы 24-августта Украина өз эгемендүүлүгүн жарыялады.**

**Белоруссияда 3-июль Эгемендүүлүк күнү катары белгиленет.**

**Молдавия 1991-жылы 27-августта өз эгемендүүлүгүн жарыялады.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Игорь Додон

Молдова экономикалык жактан агрардык-индустриалдык мамлекеттердин катарына кирет. Анын климаты айыл чарбасы үчүн өтө ыңгайлуу. Мамлекетте минералдык ресурстардын кору жок, ошондуктан экономика айыл чарбасына негизделген. Калктын жарымынан көбү айылдарда жашайт. Экспорттун негизги бөлүгүн тамак-аш жана токуучулук продукциялары түзөт. Молдова – Европанын эң кедей мамлекеттеринен бири. Бирок 2009-жылдагы кризистен соң Молдова тез өнүгүүнү баштады.

Ошондой болсо да, абал туруксуз бойдон калууда. 2017-жылы майда болуп өткөн президенттик шайлоолордо Россия менен жакшы мамилелердин жактоочусу болгон Игорь Додон жеңип чыкты.



**Коррупция** – бул аткаминер (чиновник) тарабынан өз укуктарын жана ага ишенип тапшырылган укуктарды, о.э., расмий кызмат менен байланыштуу аброюн жана байланыштарын мыйзамга жана ахлактык ченемдерге каршы түрдө өз жеке кызыкчылыктары жолунда пайдалануусу.

**Антитеррордук операция** – бул террордук актыны жоюу, калк, уюм жана мекемелердин коопсуздугун камсыздоо, о.э., террордук актынын кесепеттерин жоюу үчүн өткөрүлүүчү атайын иш-чаралардын (күжүрмөн, аскердик) комплекси.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. XX кылымдын аягына келип кандай өзгөрүүлөр Украинада капиталисттик экономиканын калыптануусуна алып келди?
2. Украинада 2014-жылдагы саясий кризис натыйжасында кандай көйгөйлөр келип чыкты?
3. Беларусь Республикасы эгемендүүлүк жылдары экономикалык өнүгүүдө кандай ийгиликтерге жетишти?
4. Молдова Республикасынын алдында эгемендүүлүк жылдары кандай саясий жана экономикалык көйгөйлөр пайда болду?
5. Украина, Беларусь жана Молдова республикаларынын өнүгүүсүндөгү жалпы жактарды көрсөтүп бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өз алдынча иш**

Тексттен пайдаланып, Украина, Беларусь жана Молдова республикаларынын эгемендик жылдарында жетишкен ийгилик жана кемчиликтерин SWOT-схемасынын негизинде талда жана дептериңе жаз.

Пётр Порошенко, Александр Лукашенко, Игорь Додондор жөнүндөгү маалыматтарды издеп тап жана тарыхый адамдардын ишмердүүлүгүнө баа бер.

## 6-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА БАЛТИКА БОЮ МАМЛЕКЕТТЕРИ

Балтика бою республикалары дегенде, адатта, Латвия, Литва жана Эстония түшүнүлөт.

**Орто кылымдарда Балтика бою республикалары аймагында кайсы элдер жашаган?**

Эгемендик жарыялангандан баштап Балтика бою республикалары ылдам түрдө базар экономикасын колдонууга, өздөрүнүн Батыш мамлекеттери менен мамилелерин чындоого киришти. Үч мамлекет да 2004-жылда НАТОго, ошол жылы ЕБке мүчө болду.

Эгемендик жылдарында абройлуу эл аралык уюмдарга мүчө болгон бул мамлекеттер тездик менен экономикалык өнүгүү жолуна түштү. Ушул тез өнүгүү себеп алар «Балтика жолборстору» деп аталды. Бирок мындай ылдам өнүгүү 2008 – 2009-жылдардагы кризиске чейин уланды.

**Латвия.** 1988-жылы түзүлгөн Латвия Элдик фронту эгемендүүлүк үчүн күрөш баштады. Натыйжада 1990-жылы 4-майда Латвия өз эгемендүүлүгүн жарыялады.

Эгемендүүлүк жылдарында Латвия советтик мезгилде курулган ири өнөржай мекемелерин, мисалы, электротехника буюмдарын өндүрүүчү эң ири VEF, микроавтобустар өндүрүүчү RAF заводдорун жапты. Бул көптөгөн тажрыйбалуу ишчи-адистердин кыскаруусуна, ишсиздер санынын кескин ашуусуна алып келди. Балык азыктарын кайра иштетүүчү завод да чоң зыян тартты. Бийликке келген



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Латвия президенти Раймондс Веёнис

жаңы саясий күчтөр банк сектору жана логистиканы өнүктүрүүнү чечти. Баштап Батыш мамлекеттеринин инвестициялары тез экономикалык өсүүгө алып келди. Бирок 2008-жылдагы кризис чет эл инвестицияларына толук көз каранды болгон мамлекет экономикасынын өтө туруксуздугун көрсөттү жана чоң зыян тийгизди. Ошол мезгилден Латвияда экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрү түшүп кетти. 2010-жылга келип мамлекеттин жалпы улуттук продукциясынын көлөмү 1990-жылдагы көрсөткүчкө да жетпеди.

Ишсиздиктин жогорку даражасы себеп калк иш издеп массалык түрдө Батыш мамлекеттерине кетүүгө мажбур болууда. СССР тарагандан соң Латвиянын калкы 400 миң кишиге азайды.

Мамлекеттин алдында турган көйгөйлөрдөн дагы бири этникалык көйгөй. Эгемендүүлүк жылдарында советтер доорунда бул жерге көчүп келген орус тилдүү элге жана алардын балдарына Латвия жарандыгы берилбеди. Орус тилдүү эл азыр Латвия калкынын 30% ын түзүүдө. Мамлекетте латыш жана орус улутуна таандык жарандардын ортосунда мамиле да чыңалган бойдон калууда.

**Литва.** 1988-жылы июнда Литвада «Саюдис» («Кыймыл») уюму түзүлүп, өз алдына Литванын эгемендүүлүккө жетишүүсүн камсыздоо милдетин койду.




Балтика бою мамлекеттери



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1990-жылы 11-мартта Литва Жогорку Совети Литва Республикасынын эгемендүүлүгүн жарыялады. Бирок эгемендүүлүк оңойлукча колго киритилбеди. 1991-жылы 13-январда Вильнюста эгемендүүлүктү колдоп өткөрүлгөн демонстрацияда телемунара жана парламент имаратын советтик кошуундардан коргогон 14 демонстрант курман болду. Ошол мезгилден Литва менен аяктап бараткан СССР жетекчилери ортосундагы мамилелер дээрлик үзүлдү.



**«Балтика жолборстору» ... 1991-жылы 13-январда ... 2008-жылдагы ... 2010-жылга келип ...**

Бул республиканын этникалык курамы Латвия жана Эстонияга караганда бирдейлиги менен айырмаланып турат. Калктын 90% га жакынын литвалыктар түзөт. Ошондуктан эгемендүүлүктөн соң мамлекетте жашоочу бардык элге улутунан көз карандысыз түрдө Литва жарандыгы берилди.

Литва да 2008-жылдан кийин оор социалдык-экономикалык кризисти баштан өткөрдү. 2010-жылы ишсиздердин саны 20% га жакындашты. Адамдардын иш издеп көптөгөн Европа өлкөлөрүнө көчүп кетүүсүнүн натыйжасында калктын саны таптакыр өспөй жатат, тескерисинче, азаюуда. Кризис себеп көптөгөн литвалыктар Батышка көчүп кетти.



Литва президенти
Даля Грибаускайте

**Эстония.** Эстонияда «Элдик фронт» 1988-жылы түзүлдү. Ал кайра курууну колдоп-кубатташын жарыялап, республиканын СССР курамынан чыгуусун өзүнүн ачык милдети кылып койбоду.




**1990-жылы 4-майда Латвия өз эгемендүүлүгүн жарыялады.**

**1990-жылы 11-мартта Литва Жогорку Совети Литва Республикасынын эгемендигин жарыялады.**

**1988-жылы 16-ноябрда Эстония Жогорку Совети «Эстония ССРдин мамлекеттик суверенитети жөнүндөгү декларацияны» кабыл алды.**

Ошентсе да, 1988-жылы 16-ноябрда Эстония Жогорку Совети «Эстония ССРдин мамлекеттик суверенитети жөнүндөгү декларацияны» кабыл алды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Эстония президенти Керсти Калюлайд

Балтика бою республикалары ичинде эң түндүктөгүсү болгон Эстония да советтик доордо тез индустриалдаштырылды. Көптөгөн тажрыйбалуу ишчилердин тартылышы мамлекеттеги демографиялык жана этникалык абалды өзгөрттү. Мамлекеттин калкында эстондордун үлүшү кыскарып барды, калктын кыйла бөлүгүн орустар түздү. Эгемендүүлүк жарыялангандан соң Эстония орустардын жарандык алууларына тоскоол болуучу кескин мыйзамдар кабыл алды. Бул орустардын Эстонияны таштап кетүүсүнө алып келбеди, бирок улуттар аралык мамилелерди татаалдаштырды. Ошондой эле, Эстонияда (дегеле Балтика боюу мамлекеттеринде) совет доорунан, айрыкча, согуш мезгилинен калган эстеликтерди жок кылуу же шаардын четине көчүрүү Россиянын нааразылыгына себеп болуп, эки жактын мамилелеринде чоң көйгөйлөрдү келтирип чыгарууда. 2011-жылы орус тилдүү калк өкүлдөрү менен эстон полициясынын ортосунда болуп өткөн кагылышууда 1 адам каза болду, көбү жараланды.

Кыйынчылыктарга карабастан, Балтика боюу мамлекеттери Евробиримдикке интеграциялашуу жолунан барышууда. Алардын баары евро акча бирдигинин аймагына кирген.

Украинадагы кризистен кийин Россиянын агрессиячыл саясатынан тынчсызданган Балтика боюу мамлекеттери жана НАТО жетекчилери бул мамлекеттердеги НАТО аскердик күчтөрүн көбөйтүүгө киришти. 2016 – 2017-жылдары Балтика боюу мамлекеттерине НАТОнун чакан сандуу аскердик техникасы жана кошуундары жайгаштырылды. Айрыкча, Россия жана Беларусь тарабынан чогуу өткөрүлгөн «Батыш – 2017» аскердик машыгууларынан соң Балтика боюу мамлекеттеринде Россиянын бул жердеги саясатынан тынчсыздануу жана оруска каршы үгүт күчөп кетти. Мындай абал, өз кезегинде, Россиянын да нааразылыгына себеп болууда.



**Демография** – бул калк жана анын көбөйүү мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим. Ал калктын сандык жактан курамы, анын өзгөрүүсү, жайгашуусу жана ушул сыяктууларды үйрөнөт.

**Логистика** – бул товарлар, жүктөр жана ушул өңдүүлөрдү бир аймактан башкасына жеткирип берүү системасын уюштуруу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Эгемендүүлүк жылдарында Балтика бою мамлекеттери Батыш менен мамилелерде кандай жолдон барды?
2. Эгемендүүлүк жылдарында Латвия кандай экономикалык жана социалдык көйгөйлөргө туш болду?
3. Литва Республикасы кандай жактары менен Латвия жана Эстониядан айырмаланат?
4. Эстония менен Россиянын ортосундагы мамилелерде кандай көйгөйлөр бар?

### Өз алдынча иш



1991-жылы Советтер Союзу таркагандан кийинки Балтика бою мамлекеттеринин картасын талда жана чек araларды такташтыр.

## 7-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА КАВКАЗ АРТЫ МАМЛЕКЕТТЕРИ

**Азербайжан Республикасы** 1991-жылы 18-октябрь күнү өз эгемендүүлүгүн жарыялады. Азербайжан 1991-жылдан бери өткөн мезгил аралыгында өзүнүн көз карандысыз жолуна ээ мамлекет экендигин далилдеп келүүдө. Ал аймак саясатта маанилүү роль ойнойт. Азербайжан чоң мунай жана газ корлоруна (запастарына) ээлиги, стратегиялык жайгашуусу себеп Россия жана Батыштын кызыкчылыктары арасында чебердик менен тең салмактуулукту сактап, өз кызыкчылыктарын камсыздап келүүдө.

Бирок, тышкы саясаттагы ийгиликтерге карабай, бир топ ички көйгөйлөр сакталып калууда. Булардын катарына, биринчи кезекте, Тоолуу Карабак көйгөйүн киргизүү мүмкүн.

XX кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымында Азербайжан менен Армениянын ортосундагы эзелки көйгөй – Тоолуу Карабак маселеси дагы көтөрүлдү. Тоолуу Карабак Азербайжан аймагында жайгашкан жана негизинен армян улутуна таандык эл жашоочу автономдуу облус эле. Тоолуу Карабак автономдуу облусу башчыларынын облусту Армениянын курамына кошуусун сурап жасаган кайрылуусу аймактагы улуттук көйгөйлөрдү татаалдаштырып жиберди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1990-жылы Баку шаарында оппозициялык саясий уюм – Азербайжан Элдик фронтунун чыгуулары башталды. Элдик фронт Абулфайз Элчибей башчылыгында Улуттук коргоо кеңеши түзүлгөндүгүн жарыялады. Элдик фронттун улутчулдук маанайындагы митингдери Бакудагы армяндардын кыргынына түздөн-түз түрткү болду. Буга каршы Бакуга Советтик армиянын кошуундары киргизилди. Мамлекетте өзгөчө кырдаал жарыяланды. Армиянын киргизилиши Азербайжан үчүн чоң кырсык болду. Кагылышууларда жүздөп адамдар курман болду.



Кавказ арты мамлекеттери


Абулфайз Элчибей

1992-жылы майда Бакуда мамлекеттик төңкөрүш жасалып, президент Аяз Муталибов бийликтен кулатылды жана А.Элчибей башчылыгындагы Элдик фронт бийликке келди. Бирок Элдик фронт мамлекетте тынчтыкты камсыздай албады. Натыйжада Улуттук Кеңеш А.Элчибейди кызматынан бошотуп, анын укуктарын Азербайжан Улуттук Кеңешинин төрагасы болгон Гейдар Алиевге тапшырды. 1993-жылы болуп өткөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

президенттик шайлоолордо Г. Алиев Азербайжан Республикасынын президенти болуп шайланды.


Гейдар Алиев

Г. Алиев бийликке келгенден кийин республикадагы карама-каршылыктуу абалды жумшартууга жетишти. Ал президенттик кылган он жыл Азербайжанда анчалык демократиялык болбосо да, мамлекеттин тынч өнүгүүсүн камсыздады, коңшулар менен жакшы кызматташтык мамилелери орнотулду. Тоолуу Карабак маселеси чечилбеген болсо да, активдүү согуш аракеттери токтотулду, сүйлөшүүлөр башталды.

2003-жылы декабрда Г. Алиев каза болгондон соң мамлекеттин президенти болуп анын уулу Илхам Алиев шайланды. И. Алиев атасынын саясатын улантып келүүдө.


Звиад Гамсахурдия

**Грузия.** 1991-жылы мартта өткөрүлгөн референдумда Грузия калкынын абсолюттук чоң бөлүгү мамлекеттин көз карандысыздыгы үчүн добуш берди. 1991-жылы 9-апрель күнү Грузия өз эгемендүүлүгүн жарыялады. Ошол эле учурда президенттик кызматы киргизилди. Ошол жылы болуп өткөн президенттик шайлоолордо оппозиция башчысы Звиад Гамсахурдия мамлекеттин президенти болуп шайланды. Башкаруу тажрыйбасына ээ болбогон З. Гамсахурдия өзүнүн сегиз айлык президенттик доорунда мамлекет элитасы, интеллигенция менен мамилелерин бузду, улуттар аралык мамилелерди курчутуп, грузин-абхаз жаңжалын келтирип чыгарды. 1991-жылы Грузия элдик демократиялык партиясы башчылары З. Гамсахурдиянын отставкага чыгуусун талап кылды. Мамлекетте көтөрүлүш башталып, Тбилисиде чыныгы согуштар болуп өттү. З. Гамсахурдия өз жактоочулары менен Тбилисиден чыгып кетти.

З. Гамсахурдия президенттиктен четтетилгенден соң бийлик Эдуард Шеварднадзе башчылыгындагы Мамлекеттик кеңешке өттү. Бул учурда мамлекетте абал оор, грузин-осетин согушу уланып жаткан эле. Э. Шеварднадзе бул согушту токтотууга жетишти.

Ошол жылы октябрда өткөрүлгөн шайлоолордо Э.Шеварднадзе Грузия Жогорку Кеңешинин төрагасы болуп шайланды. Бирок мамлекетте топтолуп калган көйгөйлөр, айрыкча, экономикалык жагдайдын оордугу Э.Шеварднадзенин башкаруусуна болгон элдин нааразылыгын күчөттү. 2003-жылы өткөрүлгөн парламенттик шай-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лоолордон соң Э.Шварднадзе отставкага чыкканын жарыялады. Жаңы шайлоолордо Михаил Саакашвили жеңип чыкты. Бул жараяндар Грузия жана Батыш басма сөзүндө «Роза гүлдөр революциясы» атын алды. Бийликке көпчүлүгү Батыш мамлекеттеринде билим алган «жаңы демократтар» келди.


Михаил Саакашвили

М. Саакашвили өкмөтү Грузияда жарандардын мамлекеттик органдарына кайрылуусун жеңилдетүү, салыктарды азайтуу, мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү өңдүү маанилүү реформаларды ишке ашырды. Мамлекетте коррупцияга каршы күрөш жарыяланды. Бирок М. Саакашвили мезгилинде да Грузия менен Түштүк Осетиянын ортосундагы жаңжал өз чечимин таппады. 2008-жылы августта Грузия, Россия, Түштүк Осетия жана Абхазиянын катышуусунда болуп өткөн аскердик кагылышуунун натыйжасында Россия Абхазия менен Түштүк Осетиянын эгемендүүлүгүн таанып, алар менен эки жактуу мамилелер орнотту.

2012-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо «Грузиянын тилеги» оппозициялык партиясы жеңип чыкты. Бул партиянын өкүлү Георгий Маргвелашвили Грузиянын президенти болуп шайланды.

2016-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо да «Грузиянын тилеги» жеңди.



**1992-жылы майда ...** **1993-жылы ...**
**1991-жылы мартта Грузия ...**
**1990-жылы Баку шаарында ...**

**Армения.** 1991-жылы 21-сентябрда Арменияда республикалык деңгээлде референдум өткөрүлдү. Анда катышкандардын абсолюттук көпчүлүгү Армениянын СССРдин курамынан чыгуусу үчүн добуш берди. Ушундан соң «Армениянын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларация» кабыл алынды. Ошентип референдум Арменияда республика режимин орнотту. 1991-жылы октябрда болуп өткөн шайлоолордо Левон Тер-Петросян Армениянын биринчи президенти болуп шайланды.

Армениянын көз карандысыз мамлекетке айланышы башка республикаларга салыштырмалуу өзгөчө түрдө болду. XX кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымында эле эгемендик үчүн күрөш тышкы фактор – Тоолуу Карабак көйгөйү курчуган бир маалда башталды. Тоолуу Карабакты кошуп алуу армян коомунда этникалык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Серж Саргсян

биригүү, тарыхый адилеттүүлүктүн орношу катары каралды. Бул күрөш жараянында коммунисттик партиянын башчылары ордуна келген улуттук саясий элита калыптанды. Ушул элита бүгүн да Арменияның өнүгүү багытын белгилеп келүүдө.

СССРдин соңку жылдарында биринчилерден болуп союздун борборуна каршы күрөш баштаган Армения, эгемендүүлүктөн соң Москва менен мамилелерин так белгилеп алды. Айрым мурдагы республикалар катарында советтердин айыбы үчүн азыркы Россияны айыптаган жок. Мунун себептеринен бири Тоолуу Карабак маселесинде Арменияның Россияга таянуусу эле. Анткени Арменияның Азербайжан жана Түркия менен чек аралары иш жүзүндө жабык, Грузия менен мамилелери татаал, Иран менен кыйла олуттуу геосаясий келишпестиктер бар. Ошентип Россия Арменияның аймактагы жалгыз союздашы болуп калууда. 2008-жылы Арменияның президенти болуп шайланган Серж Саргсян ушул саясатты усталык менен улантып келүүдө.

Арменияның өнөр жайы негизинен совет доорунда жаратылган. Ал СССРдин ички базарына станоктор, шаймандар, токуучулук жана башка өнөр жай азыктарын жеткирүү, ордуна чийки зат жана электр энергиясын алчу. Айыл чарбасы ири агроөнөр жай комплекстеринин базасында өнүктү.




**1991-жылы 18-октябрда Азербайжан Республикасы өз эгемендүүлүгүн жарыялады.**

**1991-жылы 9-апрелде Грузия өз эгемендүүлүгүн жарыялады.**

**1991-жылы октябрда болуп өткөн шайлоолордо Левон Тер-Петросян Арменияның биринчи президенти болуп шайланды.**

Армения – индустриалдык-агрардык мамлекет. Анын жер асты казылма байлыктары кыйла чоң санды түзөт. Синтетикалык каучук, токуучулук, тамак-аш өнөр жайы, курулуш материалдарын өндүрүү жана машина куруучулук өнүккөн.



**Улуттук саясий элита** (элита – эң жакшысы, тандалганы) – бул коомду башкаруунун белгилүү бир жөндөмүнө ээ болгон адамдардын тобу болуп, алар саясий бийликти өз колдорунда топтойт, жетекчилик кызматтарды ээлешет, коомду башкарат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Азербайжанда А.Элчибей башчылыгындагы Улуттук коргоо кеңешинин улутчулдук чыгуулары кандай кесепеттерге алып келди?
2. Г. Алиев президент болуп шайлангандан соң Азербайжандын ички жана тышкы саясаты кандай өзгөрдү?
3. Грузияда М.Саакашвили алып барган реформалар кандай натыйжаларга алып келди?
4. Армениянын коңшу мамлекеттер менен мамилесинде кандай фактор негизги роль ойнойт?
5. Тексттен пайдаланып, Кавказ арты мамлекеттериндеги этникалык көйгөйлөрдүн тизмесин түз.

### Өз алдынча иш



1991-жылдан кийинки Кавказ арты мамлекеттеринин картасын талда жана чек араларды такташтыр.

## 8-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА БОРБОРДУК АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИ

Борбордук Азия мамлекеттерине, адатта, Өзбекстандан сырткары Казакстан, Түркмөнстан, Тажикстан жана Кыргызстан кирет.



**Түркстан атамасы (термини) качан пайда болгон?**

**Казакстан Республикасы.** 1991-жылы 16-декабрда Казакстан өз эгемендүүлүгүн жарыялады. Ошол жылы болуп өткөн президенттик шайлоолордо Нурсултан Назарбаев Казакстандын биринчи президенти болуп шайланды. 1993-жылы Казакстандын жаңы конституциясы кабыл алынды. Анда эң чоң укуктар президентке берилди. Өкмөт экономикалык реформаларды баштап жиберди.

1993-жылы ноябрда улуттук валюта – теңге мамилеге киргизилди. Ошол жылы декабрда Казакстан бийлиги ири мунай концерндери менен Каспий деңизинин түндүк бөлүгүндө чалгындоо жүргүзүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жөнүндө келишимге кол койду. Ири мекемелер менчиктештирилди. Ошол жылы парламент мамлекеттин борборун Акмола шаарына көчүрүү жөнүндө токтом кабыл алды. Ал 1998-жылдан «Астана» деп атала турган болду.


Нурсултан Назарбаев

Өткөн доордо Казакстан экономикасынын негизги багыттары мунай, газ жана металлургия болуп калды. Дал ушул тармактардын эсебинен экономиканын башка багыттарында да ылдам өсүүгө жетишилди.

2007-жылы февралда Н. Назарбаев президенттин укук мөөнөтүн жети жылдан беш жылга өзгөртүү, парламент депутаттарынын санын арттыруу демилгеси менен чыкты. Бул КМШ мамлекеттеринде кеңири жайылган саясий технология болуп, конституцияда бир адамдын эки мөөнөттөн ашык президент болуусуна коюлган чектөөнү айланып өтүүнүн жолу болуп калды. Н.Назарбаев да конституцияга киргизилген өзгөрүүдөн соң президенттик шайлоолордо дагы өз талапкерлигин коюу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

2010-жылы Казакстандын биринчи президенти – Элбашы жөнүндө мыйзам кабыл алынды. Бирок 2011-жылы Мангыстау облусунда жумуш шарты жана айлык маянадан наараазы болгон мунай кендери ишчилеринин эгемендүүлүк маалындагы эң ири наараазылык чыгуулары болуп өттү. Жаңыөзөн шаарындагы тартипсиздиктерде 15 адам өлдү, ондогон демонстранттар камакка алынды.

2015-жылы болуп өткөн кезектен сырткары президенттик шайлоодо Н. Назарбаев жеңди.


Сапармурад Ниязов

**Түркмөнстан.** 1991-жылы 26-октябрда референдум өткөрүлүп, анда катышкандардын көбү Түркмөнстандын эгемендиги үчүн добуш берди. 1991-жылы декабрда мамлекет КМШга мүчө болду. 1999-жылдан Элдик Межлистин токтомуна көрө Сапармурад Ниязов мамлекет башчысы кызматын өмүр бою мөөнөткө ээледи. С. Ниязовдун бийлиги оппозициялык партиялардын ишине тыюу салды. Ал «Түркмөнбашы» наамын алды. С. Ниязовдун «Рухнаама» аттуу китеби жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири үгүттөлүп, окуу жайларында окутулган. С. Ниязов 2006-жылы каза болду. Түркмөнстандын президенти болуп Гурбангулы Бердимухамедов шайланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Борбордук Азия мамлекеттери



Гурбангулы Бердимухамедов

Эгемендүүлүк жылдарынын башында Түркмөнстандын экономикасы терең кризисте эле. 1998-жылы ИДӨ көлөмү 1991-жылга салыштырмалуу эки эсе азайып кетти. Мамлекетте тамак-аш таңкыстыгы болду, элдин жашоо деңгээли кескин төмөндөп кетти. Бир топ күнүмдүк керектөө азыктарын жарандардын арасында акысыз таратуу жана кызматтарды акысыз көрсөтүү жөнүндө токтомдун кабыл алынуусу кырдаалды бир аз жакшыртты. Газ казып алуунун өсүүсү да мамлекеттин экономикасына чоң жардамчы болду.

2000-жылдардын баштарында Түркмөнстан кризистен чыгып алды. Табигый байлыктар, биринчи кезекте табигый газдын өтө чоң



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

корлору көптөгөн мамлекеттер жана трансулуттук корпорацияларды өзүнө тартууда. Бирок соңку жылдарда дүйнөдө углеводороддорго болгон талаптын төмөндөшү менен Түркмөнстан экономикасынын өсүү темптери басаңдады. 2015-жылы мамлекетте башталган финансылык кризис 2016-жылы ого бетер күчөдү.

2017-жылы сентябрда Ашхабад шаарында Жабык имараттардагы V Азиялык оюндар өткөрүлдү. Бул оюндар Түркмөнстандын туристтик беделин ашырууга жана чет эл инвестицияларын арттырууга кызмат кылышы мүмкүн.


Имомали Рахмон

**Тажикстан.** 1991-жылы 9-сентябрда Тажикстан өз эгемендүүлүгүн жарыялады. Эгемендүүлүктөн кийин мамлекеттин түрдүү аймактарындагы жергиликтүү элиталардын ортосунда бийлик үчүн күрөш кызып кетти. Бул күрөш 1992-жылдан 1997-жылга чейин созулган жарандар согушуна алып келди. Согуштан мамлекет өтө чоң экономикалык зыян тартты.

1994-жылы 6-ноябрда Тажикстандын конституциясы кабыл алынды жана ушул күнү өткөрүлгөн президенттик шайлоолордо Имомали Рахмонов Тажикстандын президенти болуп шайланды.

Мамлекетте тынчтык орнотулгандан соң, өкмөт Россия, Кытай, Иран менен кызматташып, мамлекеттин экономикасын тикелөөгө киришти. Тажикстан тоолуу өлкө болгондуктан анын гидроэнергетикалык мүмкүнчүлүктөрү чоң.



**1992-жылдан 1997-жылга чейин ... 1994-жылы ...**
**2000-жылы ... 2017-жылы ...**

Тажикстан 2000-жылы Евразиялык экономикалык биримдикти түзүү жөнүндөгү келишимге кол койду. Ал Шанхай кызматташтык уюмуна, Жамааттык коопсуздук келишими уюмуна кошулду. Тажикстан, Россия, Кытай жана Иран менен биргелешип бир канча ири инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууну баштады.

**Кыргыз Республикасы.** 1991-жылы 31-августта Кыргызстан өз эгемендүүлүгүн жарыялады. Ушундан соң демократиялык жараяндар ого бетер тереңдеп барды, жалпы элдик президенттик шайлоолор өткөрүлүп, анда Аскар Акаев жеңип чыкты. Ал мамлекетте



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Аскар Акаев

демократиялык реформаларды өткөрүү, эл аралык уюмдардын көз алдында Кыргыз Республикасын демократиялык мамлекетке айландыруу боюнча көп иштерди жасады. Бирок А. Акаев бийликте турган 15 жылдын ичинде элдин абалы жетиштүү деңгээлде жакшырбады. Коомдо наразылык жана социалдык чыңалуу артып барды.

А. Акаевди бийликтен кулатып таштаган 2005-жылдагы «Жоогазындар революциясы» өтө тез жана чоң жоготууларсыз ишке ашырылды. Бийликке келген Курманбек Бакиев күч түзүмдөрүнө таянып, коомдо жеке бийлигин чыңдоого, оппозицияны толук жоготууга аракеттенди. Бирок бул аракет узакка барбады. 2010-жылы «Апрель революциясы» деп аталган массалык кыймылдын натыйжасында К. Бакиевдин бийлиги кулатылды. Ал үй-бүлө мүчөлөрү менен мамлекеттен качып кетти. Мамлекетте тартипти сактоо үчүн Роза Отунбаеванын башчылыгында убактылуу өкмөт түзүлдү.




**1991-жылы 16-декабрда Казакстан өз эгемендүүлүгүн жарыялады.**
**1991-жыл 9-сентябрда Тажикстан өз эгемендүүлүгүн жарыялады.**
**1991-жылы 31-августта Кыргызстан өз көз карандысыздыгын жарыялады.**

Бирок бийликтин алсыздыгынан пайдаланган улутчул жана экстремисттик күчтөр 2010-жылы июнда Түштүк Кыргызстандын Ош жана Жалал-Абад шаарларында бул жердеги өзбек жамааттарына каршы кутум уюштурду.


Алмазбек Атамбаев

2011-жылы октябрда болуп өткөн шайлоолордо Кыргызстан социал-демократтар партиясынын жетекчиси Алмазбек Атамбаев президент болуп шайланды.

Эгемендүүлүк жылдарында Кыргыз Республикасы оор экономикалык кризисти баштан өткөрдү. 1996-жылы экономикалык турукташуу жараяны башталды. Бул мезгилде базар экономикасына өтүү үчүн реформалар жүргүзүлүп, алар 2000-жылдардан экономикалык өсүүгө алып келди. Негизги өнөр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жай мекемелери менчиктештирилди, жерге жеке ээлик жарыяланды. Алтын жана сымап казып алуу кескин арттырылды. Кыргызстан алтын казып алууда КМШда Россия жана Өзбекстандан кийин үчүнчү орунга чыкты. 2017-жылы сентябрда Өзбекстан Республикасынын президенти Шавкат Мирзиёевдин Кыргызстанга, А. Атамбаевдин ушул жылы октябрда Өзбекстанга сапары эки мамлекет ортосундагы мамилелердин кескин жакшыруусуна себеп болду.

Кыргызстанда экономиканын өсүүсү коомдун да туруктуулашуусуна алып келди. 2017-жылы октябрда өткөрүлгөн президенттик шайлоолордун натыйжасына көрө, өкмөттүк социал-демократтар партиясынын өкүлү Сооронбай Жээнбеков женди. Ал 2017-жылы декабрда Өзбекстанга расмий сапар менен келип, бир топ келишимдерге кол коюлду.

**Саясий технология** – бул саясий иш-аракеттин белгилүү бир усулдары болуп, алардан коомдун аң-сезимине таасир көрсөтүү аркылуу конкреттүү саясий максатка жетишүүдө пайдаланылат.

**Трансулуттук корпорация** – бул бир нече мамлекеттерде өндүрүш бөлүмдөрүнө ээ болгон жана ишмердүүлүгүнүн негизин эл аралык бизнес түзүүчү компания.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Эгемендүүлүк жылдарында Казакстандын экономикасы негизинен кайсы багыттардын эсебине өнүктү?
2. Г.Бердимухамедов президент болуп шайлангандан соң Түркмөнстандын ички саясатында кандай өзгөрүүлөр болду?
3. Тажикстанда жарандар согушу кандай кесепеттерге алып келди?
4. Эмне үчүн Кыргызстанда А. Акаевдин президенттиги доору наразылык жана революцияга алып келди?

## Өз алдынча иш

Интернет каражатында «Түркстан – жалпы үйүбүз» темасында эссе жаз жана класста чакан топтордо презентация өткөр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 9-ТЕМА. БАТЫШ МАМЛЕКЕТТЕРИНДЕ ИНТЕГРАЦИЯЛАШУУ ЖАРАЯНДАРЫНЫН ТЕЗДЕШҮҮСҮ. ЕВРОПА БИРИМДИГИ МЕНЕН АКШ МАМИЛЕЛЕРИ


Европада интеграциялашуу жараяны

**Интеграциялашуу жараяндары жана алардын натыйжалары.** XX кылымдын экинчи жарымында башталган капитал, товарлар, кызмат көрсөтүү жана ишчи күчүнүн эркин кыймылы Батыш Европа мамлекеттеринде өнүгүү жана жашоо деңгээлин бири-бирине жакындатты. Ишчи күчтөрүнүн өнүккөн мамлекеттерге сезондук же келишимдин негизинде ишке баруусу да өнүккөн мамлекеттерде ишсиздик көйгөйүн чечүүгө көмөктөштү. Жакыр аймактарды өнүктүрүү боюнча жалпы европалык программалар да бул аймактардын экономикалык өсүүсүнө жардам берди.


**Экинчи дүйнөлүк согуш Европа мамлекеттери үчүн кандай натыйжалар менен аяктады?**

Интеграциянын таасиринде өнүккөн ЕвроАтлантика мамлекеттеринде акырындык менен бирдиктүү экономикалык саясат модели калыптанып барды. Алардын ортосундагы негизги айырма экономиканын үстүнөн мамлекет көзөмөлүнүн деңгээли, ага таасир этүү усулдары менен байланыштуу эле.

1990-жылдардан баштап Европа интеграциясынын кийинки өнүгүшү эки багыт боюнча жүрдү. Биринчиден, жаңы мүчөлөрдү кабыл алуу багыты болуп, 1996-жылы мүчөлөрдүн саны 15 ке жетти. 2002-жылы Копенгагенде (Дания) болуп өткөн жолугушууда Евробиримдикке жаңы мүчөлөр – Венгрия, Кипр, Латвия, Литва, Мальта, Польша, Словакия, Словения, Чехия, Эстония кабыл алынды. Албетте, жаңы мүчөлөр үчүн өтүү доору көздө тутулган болуп, бул доордун ичинде алар өз мыйзамчылыгын, финансылык жана экономикалык режимин бирдиктүү Европа талаптарына ылайыкташтырышы керек эле. Аларга өздөрүнүн ички көйгөйлөрүн чечүү үчүн Евробиримдиктин бюджетинен субсидиялар берилди.

Экинчиден, интеграциянын терендешүүсүндө Европа мамлекеттеринде өз ара саясий мамилелер багытын да камтып алуу жолунан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

барды. Европа парламентинин статусу ашты, Европарламентке түздөн-түз шайлоолор өткөрүлө турган болду. 1987-жылы Европа Экономикалык Кызматташтык уюмун ЕБке айландыруу менен ал «ички чек араларсыз мейкиндик» болуп калды. 1993-жылы бирдиктүү Европа жарандыгын камсыздаган Маастрихт келишимдери күчкө кирди. ЕБке кирүүчү мамлекеттердин жарандары эч кандай визасыз Кеңештин каалаган мамлекетинде өзү каалаган мөөнөткө жашашы жана жергиликтүү шайлоолордо катышуусу мүмкүн болду. Мыйзамчылыкты бирдейлештирүү укуктук нормалардын бирдиктүү Европа режиминин калыптануусуна алып келди. 2002-жылы Европада (Улуу Британиядан башка) бирдиктүү валюта – евронун жарыяланышы ЕБ мамлекеттерин дагы да жакындаштырды. Келишилген бирдиктүү тышкы жана коргоо саясаты алып барылууда. Эми Европа Кеңешине иш жүзүндө конфедерация тибиндеги бирдиктүү мамлекет структурасы катары кароо мүмкүн болду. ЕвроАтлантика мамлекеттеринин кийинки интеграциясы Батыш Европа менен Түндүк Америка мамлекеттеринин дагы да жакындашуусунун негизинде болууда.



**1987-жылы ...** **Маастрихт келишимдери ...**

Бирок соңку учурларда ЕБке кирүүчү бир топ мамлекеттердин карызынын чектен ашып кетүүсү чоң көйгөйлөрдү келтирип чыгарды. 2015-жылдагы шайлоолордо Грецияда бийликке келген А.Сипрас башчылыгындагы солчулдар өкмөтү мамлекеттин карызын кредиторлор койгон шарттар боюнча үзө албастыгын жарыялады. Ушундан соң өткөрүлгөн референдумда Греция калкынын көпчүлүгү өкмөттү колдоп добуш берди. Греция өкмөтү карыздардын бир бөлүгүнөн кечүүлөрүн талап кылды. Грециянын карызын реструктуризациялоо жөнүндө Еврокомиссия келишимдерге жетишкен болсо да, Европа борбордук банкы жана Эл аралык валюта фонду менен сүйлөшүүлөр дагы уланды.

Италия жана Испаниянын да карыздары өтө чоң сумманы түзөт. Ошол эле учурда ЕБде экономикалык жактан жетекчилик кылып жаткан Германия менен Франциянын саясий басымынан да наарazылык күчөп барууда. Бул наарazылыктын айкын далили Улуу Британияда 2016-жылы июнда өткөрүлгөн референдум болуп, анда катышкан калктын жарымынан көбү мамлекеттин Европа Биримдигинен чыгуусу үчүн добуш берди. 2016-жылы сентябрда Братислава шаарында башталган



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ЕБ башчылары жыйынында алгачкы жолу Улуу Британиянын премьер-министри катышпады. Анда сөз сүйлөгөн ГФР канцлери А.Меркель ЕБ оор кризисте экенин моюнга алды.

Бул кризистин дагы бир белгиси 2017-жылы октябрда Испаниянын Каталония автономдуу облусунда өткөрүлгөн референдум болду. Анын натыйжаларына көрө Каталониянын көз карандысыздыгы жарыяланды. Бирок Мадриддеги борбордук бийлик референдум натыйжаларын таанызбады, Каталония өкмөтү мүчөлөрүн камакка алды жана автономиянын түздөн-түз Мадридден башкарылышын жарыялады.

**ЕБ менен АКШ мамилелери.** «Суук согуш» аяктап, коммунизм коркунучу жоюлгандан соң АКШ менен ЕБ ортосундагы мамилелерде да өзгөрүү болду. 1990-жылы ЕБ жана АКШ ортосунда Декларация – Трансатлантикалык хартияга кол коюлду. Анда эки жактын жакындан кызматташуусу, маанилүү маселелер боюнча кеңешүүлөрү белгиленди.




**2002-жылы Копенгагенде (Дания) болуп өткөн жолугушууда Евробиримдикке жаңы мүчөлөр – Венгрия, Кипр, Латвия, Литва, Мальта, Польша, Словакия, Словения, Чехия, Эстония кабыл алынды.**

**2002-жылы Европада (Улуу Британиядан башка) бирдиктүү валюта – евро кабыл алынды. 2015-жылы шайлоолордо Грецияда бийликке А.Сипрас келди.**

ЕБ менен АКШнын ортосундагы мамилелердин өзүнө мүнөздүү жагы анда салттык эки жактуу келишимдердин жоктугунда. Бул мамилелер эл аралык уюмдардын ченем жана эрежелери менен тартипке салынат.

2007-жылы ЕБ жана АКШ Трансатлантикалык экономикалык интеграцияны тереңдетүү жөнүндө келишимге кол койду жана Трансатлантикалык экономикалык кеңеш түзүлдү. Бирок эки жак бул келишимди толук ишке ашырууга ашыгышпады. 2000-жылдарда бир нече келишимдерге кол коюлуп, алар жактардын ортосундагы байланыштардын түрдүү жеке өзгөчөлүктөрүн тартипке салууга каратылды.

АКШ жана ЕБ дүйнөдө эң ири энергия керектөөчүлөр болуп, алар атмосферага эң көп уулуу заттарды чыгарат. 2000-жылдардын башында эки жак энергетиканын эффективдүүлүгү, коопсуздук жана климат өзгөрүүсү жөнүндө доклад, Климат өзгөрүүсү жөнүндө БУУнун Париж конвенциясына кол койду. Бирок 2017-жылы АКШ президенти Д.Трамп мамлекеттин бул конвенциядан чыгаарын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жарыялады. АКШ менен ЕБ ортосундагы мамилелерде белгилүү бир келишпестиктер бар. Бул келишпестиктер айрыкча эл аралык көйгөйлөрдү чечүүдөгү жандашуулардын айырмасында өзгөчө байкалууда. АКШ эл аралык жаңжалдарды чечүүдө күчкө таянууну жактайт, ал эми ЕБ дипломатиялык мүмкүнчүлүктөрдөн аягына чейин пайдалануу зарыл деп эсептейт. Ошого карабастан, алар өз ара саясий, аскердик-стратегиялык жана экономикалык кызматташтык кызыкчылыктары аркылуу бир-бири менен тыгыз байланышкан. АКШ менен ЕБ бирдиктүү Евроатлантикалык цивилизациянын өкүлдөрү болуп, бул алардын ортосундагы мамилелерди белгилөөчү негизги фактор эсептелет.

**Капитал** – бул кошумча пайда алууда пайдаланыла турган материалдык, интеллектуалдык жана финансылык каражаттардын жыйындысы.

**Субсидия** – мамлекет же башка кайсы бир мекеме тарабынан башка мамлекет, мекеме, өзүнчө адамга көрсөтүлө турган финансылык же материалдык жардам.

**Реструктуризация** – бул карыз же кредитти төлөө шарттарын кайра көрүп чыгуу жана өзгөртүү.

**1990-жылы ...**
**2015-жылдагы ...**
**1987-жылы ...**
**2017-жылы ...**

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. 1990-жылдары Европанын интеграциясы кандай багыттар боюнча улантылды?
2. Улуу Британиянын ЕБден чыгуусуна кандай факторлор себеп болду?
3. ЕБ жана АКШ мамилелери кандай документке негизделет?
4. ЕБ жана АКШ ортосунда кандай маселелер боюнча келишпестиктер бар?

## Өз алдынча иш

Интернет аркылуу Трансатлантикалык хартиянын маани-маңызы менен тааныш.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 10-ТЕМА. 1991–2017-ЖЫЛДАРДА АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ

**Экономикалык өнүгүү.** 1990-жылдардын башында АКШ экономикасында кыска мөөнөттүү рецессия күзөтүлдү. Өсүү темптеринин төмөндөшү чарбанын бардык тармактарын камтып алды. Бирок, 1992-жылдын жазынан ички дүң өнүмүнүн өсүү темптери дагы ылдамдай баштады.


Билл Клинтон

Билл Клинтон президенттигинин алгачкы үч жылы АКШнын экономикалык өнүгүшү үчүн ийгиликтүү болду. Бул доордо экономикалык конъюнктура жакшырып, ишсиздик даражасы жана инфляциянын төмөндөшүнө алып келди.

Б.Клинтон президенттигинин экинчи мөөнөтүндө анын администрациясы социалдык тармакты өнүктүрүүгө чоң көңүл бурду. Федералдык каражаттардын негизги бөлүгү адам ресурстарын өнүктүрүүгө сарпталды. АКШны социалдык мамлекетке айландыруу башталды. Бул саясат Б.Клинтондун «жаңы экономикалык философиясы» аталышын алды.



**АКШнын тарыхында «Уотергейт иши» кайсы президенттин ишмердүүлүгү менен байланыштуу?**

XXI кылымдын башына келип АКШ экономикасы техникалык өнүгүүнүн негизги булагына айланды. Дүйнө боюнча жаңы технологияларды жаратууга сарпталып жаткан бардык сарп-каражаттардын 1/3 бөлүгү АКШнын үлүшүнө туура келет. Дүйнөлүк өндүрүштө алдыңкы позицияны камсыздап турган макротехнологиялардын да жарымы АКШга таандык эле. Дүйнөнүн экономикалык жетекчиси болгон АКШ доор көйгөйлөрүн ийгиликтүү чечип, XXI кылымга жаңы экономика менен кирип келди. Бирок 2007–2008-жылдары АКШнын финансы секторунда башталган кризис 2009-жылга келип дүйнөлүк масштабдагы глобалдык рецессияга айланып кетти. 2009-жылы дүйнөдө өндүрүлгөн ИДӨ Экинчи дүйнөлүк согуштан бери биринчи жолу терс көрсөткүчкө түшүп кетти. Ишсиздиктин болуп көрбөгөндөй даражада ашуусу эмгек базарын күзөтүүнүн бүткүл тарыхында эң жогорку көрсөткүчкө жетти жана 2009-жылы дүйнөдө ишсиздердин саны 200 млн го жакын адамды түздү. Масштабы жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кесепеттери боюнча бул кризисти 1930-жылдардагы Улуу депрессия менен гана теңдештирүү мүмкүн. АКШнын экономикасы 2014-жылга келип да толук тикеленбеди.




Америка Кошмо Штаттары

**Саясий өнүгүү.** 1980-жылдар – 1990-жылдардын башы неоконсерватизм идеясынын жеңиши доору болду. Бул жылдары АКШ ички өнүгүүдө да, эл аралык аренада да чоң ийгиликтерге жетишти. Ошого карабай, 1992-жылдагы президенттик шайлоолордо республикачы Ж.Буш күтүүсүздөн жаш демократ Б.Клинтонго жеңдирип койду. Бирок демократтар да өз жеңишин чыңдай албады. 1994-жылдагы аралык шайлоолордо демократтар кыйраткыч жеңилүүгө учурады. Эки палатада да көпчүлүк орундарды, көп штаттарда губернаторлук кызматтарын да республикачылар ээледи. Республикачылар партиясынын аброюн жана таасирин кайра тикелөө үчүн ыңгайлуу шарт пайда болду. Бирок демократтардын ички жана тышкы саясаттагы ийгиликтери 1996-жылдагы шайлоолордо экинчи жолу Б.Клинтондун жеңишин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

камсыздады. Б.Клинтон администрациясы социалдык тармакты өз саясатынын үстөмдүү багыты деп жарыялады.


Барак Хусейн Обама

2000-жылдагы шайлоолордо дагы республикачылар өкүлү кенже Жорж Буш президент болуп шайланды. Анын экинчи мөөнөт президенттиги маалында АКШ экономикалык кризисти башынан өткөрдү. Натыйжада 2008-жылы болуп өткөн шайлоолордо демократиялык партиядан жалгыз талапкер Барак Обама АКШнын президенти болуп шайланды.

Б. Обама президенттигинин экинчи мөөнөтүндө Ирак жана Сириядагы кырдаалдын оорлошуусу, Европа мамлекеттери жана АКШнын өзүндө да террористтик кооптун күчөшү өңдүү бир топ көйгөйлөр президент жана анын командасынын аброюн түшүрүп жиберди.




**1992-жылдын жазынан жалпы ички дүң өнүмүнүн өсүү темптери дагы ылдамдай баштады.**

**1992-жылдагы шайлоолордо республикачы Ж.Буш күтүүсүздөн жаш демократ Б.Клинтонго жеңдирип койду.**


Дональд Трамп

Натыйжада 2016-жылы болуп өткөн президенттик шайлоолордо демократтар партиясынан талапкер Хиллари Клинтон жеңилип калды. АКШнын кезектеги президенти болуп республикачылар партиясынан талапкер Дональд Трамп шайланды.

Д. Трамп ички саясатта Американын улуулугун кайра тикелөө, тышкы саясатта болсо башка мамлекеттердин ишине аралашпоону жарыялаган эле. Бирок президенттик шайлооруна россиялык хакерлердин кийлигишкендиги жөнүндөгү күмөндөр жана президент жардамчыларынын Россия элчиси менен жашыруун жолугушуулары Д. Трамптын аброюн түшүрүп жиберди. Бул болсо ага өзүнүн шайлоо алды убадаларын аткаруу мүмкүнчүлүгүн бербей жатат.

**Тышкы саясат.** 1990-жылдары АКШ тышкы саясатынын негизги принциптери өз мазмунун сактап калды. Жогорку деңгээлде өнүккөн өнөр жай мамлекети болгон АКШ түрдүү аймактарда өзүнүн турмуштук маанилүү кызыкчылыктарын коргоо үчүн аскердик каражаттарга гана ээ эмес. Ошондой эле өнөр жай, соода, финансылык, илимий-техникалык, маданий жана башка каражаттар да дүйнөлүк саясатта өтө чоң мааниге ээ. АКШ эл аралык аренада ушулардын баарынан натыйжалуу пайдаланууда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**2009-жылы дүйнөдө ишсиздер саны ...** **1992-жылдагы ...**
**1980-жылдар – 1990-жылдардын башы ...** **1994-жылдагы ...**

Б. Обама президенттигинин биринчи мөөнөтүндө дүйнөдө зордукчулдукка, экстремизм жана терроризмге каршы күрөш, АКШнын дүйнөдөгү жетекчилик позициясын кайра калыбына келтирүү өкмөттүн тышкы саясатынын негизги багыты деп жарыяланды. 2009-жылы дүйнөнү ядро куралынан куткаруу, элдердин ортосунда кызматташтыкты өнүктүрүү жолунда жасаган аракеттери үчүн Б. Обамага Нобелдин тынчтык сыйлыгы берилди. Бирок экстремизм жана терроризмге каршы күрөш Ооганстанда толук аяктабай туруп, Жакынкы Чыгышта курч кырдаалдын жаңы очогу пайда болду. Иракта Саддам Хусейн режими кулатылгандан соң Сириядагы Башар Асад режимине каршы күрөштө ортозаар оппозицияны колдоп-кубаттаган АКШ бийлиги ИШИМ көрүнүшүндөгү жаңы террористтик топтун пайда болушуна себеп болду. Натыйжада АКШнын дүйнөдөгү жетекчи мамлекет катарындагы аброюна доо кетти.

Д. Трамптын аппаратына бир топ тышкы саясий көйгөйлөр мураска калды. Алар оболу эл аралык терроризмге каршы күрөш жана Жакынкы Чыгыш жана Ооганстандагы жагдай менен байланыштуу. О.э., Кытай жана Россия менен мамилелерде да чыңалуу бар болуп, алар да Д. Трамптан дипломатиялык активдүүлүктү талап кылууда.

2017-жыл ноябрь айында Д. Трамп Кытайга кылган расмий сапарында эки мамлекеттин ортосундагы мамилелердин жандануусуна, өтө чоң көлөмдөгү соода жана инвестициялык келишимдерге жетишти.



**Экономикалык конюнктура** – бул акчанын кыймылы, пайыз ставкалары, валюта курсу, иш акы, о.э., өндүрүш жана керектөөнүн динамикасы менен мүнөздөлүүчү экономиканын абалы, анын ишмердүүлүк даражасын билдирет.

**Макротехнология** – бул белгиленген параметрлерге көрө, белгилүү бир азык түрүн жаратуу боюнча бардык технологиялык жараяндардын (илимий-техникалык изденүүлөр, конструктордук иштери, өндүрүштү даярдоо, өндүрүш, сатуу жана долбоорду сервистик колдоп-кубаттоо) комплекси.

**Позиция** – абал, белгилүү бир окуя же кубулушка карата мамиле.

**Рецессия** – бул экономикада өндүрүштүн салыштырмалуу мелүүн, анчалык кооптуу болбогон төмөндөшүн же экономикалык өсүү темптеринин басаңдоосун билдирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Б. Клинтондун «жаңы экономикалык саясаты» АКШда кайсы багытты өнүктүрүүгө каратылган эле?
2. Б. Обаманын президенттигинин экинчи мөөнөтүндө пайда болгон кандай көйгөйлөр президенттин аброюн түшүрүп жиберди?
3. АКШ дүйнөдө өзүнүн турмуштук кызыкчылыктарын коргоо үчүн кандай каражаттардан пайдаланат?
4. Б. Обама президенттиги доорунда АКШ кандай эл аралык көйгөйлөргө туш келди?

### Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, АКШнын штаттарын тап жана тарыхый окуялар менен байланыштырып түшүндүрмө бер.

## 11-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ГЕРМАНИЯ ФЕДЕРАТИВДИК РЕСПУБЛИКАСЫ

**ГФР 1990-жылдарда.** 1980-жылдардын аягында Германиянын эки бөлүгүн бириктирүү боюнча сүйлөшүүлөр ийгиликтүү аяктады. 1990-жылы 3-октябрда бирдиктүү Германия мамлекети түзүлгөндүгү жарыяланды. 1990-жылы декабрда кезектен сырткары парламент шайлоолору болуп өттү.



**Германия мамлекети качан жана эмне себептен эки бөлүккө бөлүнүп кеткен эле?**

1990-жылы Германия үчүн маанилүү жыл болду. Эки Германиянын биригүүсү ГДРдеги экономикалык жакырлыкты жоюу милдетин кескин койду. ГДРде базар механизмдерин колдонуу негизинен ГФР тарабынан каржыланды. 1994-жылы болуп өткөн шайлоолордо христиан-демократтар менен либералдар коалициясынын позициясы дагы да чыңдалды. Германия социал-демократтар партиясы (ГСДП) жетекчи оппозициялык партия болуп кала берди. «Жашылдар» партиясы да кыйла чоң күчкө айланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1990-жылдардын биринчи жарымында экономикалык өнүгүү темптери мурункудай жогору болбосо да, ГФР дүйнөнүн экономикалык жетекчи мамлекеттеринен бири болуп кала берди. Мамлекетте күчтүү социалдык саясат алып барылды. Жарандар өздөрүн жетиштүү даражада корголгон сезишти. Бирок ошол жылдары ишсиздик даражасы өтө жогору болуп, бул Германиянын тарыхында эң чоң көрсөткүч эле.


Герхард Шрёдер

Ошондой шартта 1998-жылдагы парламенттик шайлоолордо ГСДП жеңип чыкты. Герхард Шрёдер өкмөтү экономикада жана социалдык багытта терең реформаларды баштады: мекемелер үчүн эң ыңгайлуу шарттар жаратуу, чакан жана орто бизнести колдоп-кубаттоо жана натыйжада ишсиздикти азайтуу реформалардын максаты кылып белгиленди. Финансы режимин кайра куруу, пенсия, медициналык кызмат жана социалдык камсыздандыруу режимин реформалоо башталды.


Ангела Меркель

**Германия XXI кылымда.** XXI кылымдын баштарына келип Германия социалдык-экономикалык жана илимий-техникалык өнүгүүдө сезилерлүү натыйжаларга жетишти. Ал Европада эң күчтүү экономикалык мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп, ИДӨ көлөмү боюнча АКШ жана Япониядан кийин дүйнөдө үчүнчү орунду ээледи.

2005-жылы сентябрда болуп өткөн шайлоолордо бир да партия толук үстөмдүккө жетише албады. Ноябрда болуп өткөн бундестаг (парламент) чогулушунда А.Меркель ГФРдин канцлери болуп шайланды. Ал биринчи аял-канцлер, бүткүл ГФР тарыхындагы эң жаш федералдык канцлер болду.

А.Меркель федеративдик режимди реформалоо, бюрократияга каршы күрөшүү, илимий долбоорлорду өнүктүрүү, энергетика, бюджет, финансы жана үй-бүлө, эмгек базары багыттарындагы саясаты, о.э. саламаттыкты сактоо системасын реформалоо жөнүндөгү программасын жарыялады.



**1990-жылы ...**
**1998-жылдагы ...**

**1994-жылы ...**
**«Жашылдар» партиясы ...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок 2008 – 2009-жылдардагы кризис башкалар катары Германиянын экономикасына да чоң зыян келтирди. 2014-жылга келип гана Германиянын экономикалык өсүү темптери кризистен алдыңкы көрсөткүчтөргө жетип алды. 2015-жылы А. Меркель бийликке келгендигинин он жылдыгы белгиленди. «Меркель доору» мамлекеттин тарыхындагы маанилүү доор болуп, анда Германия Европа Биримдигинин жетекчи мамлекетине айланды. А. Меркель дүйнөнүн эң абройлуу саясатчыларынан бири болуп калууда.



Германия Федеративдик Республикасы

2014-жылы Украинада болгон бийлик алмашуусунун артынан Германия Россиянын Крымды кошуп алышына каршы туруктуу позицияны ээледи жана башка Европа мамлекеттери катары Россияга каршы санкциялар жарыялады. А. Меркелдин Россиянын жетекчилери менен мамилеси татаал бойдон калууда. Ошого карабай, 2015-жылы май айында Европаны фашизмден бошоткондорду эскерүү үчүн А. Меркель Москвага келди. 2015-жылдын аягына келип, анын аброюу бир аз төмөндөдү. Буга Сириядан жана согуш аракеттери уланып жаткан башка мамлекеттерден келе жаткан качкындар көйгөйү себеп болууда.

Качкындардын немис коомуна көнүү жараяны кыйла оор кечүүдө. Алардын көпчүлүгү үчүн бул өтө чоң психологиялык кризиске айланууда. Мисалы, 2016-жылы келип чыгышы ирандык болгон 18 жаштагы Али Сонболи Мюнхен шаарындагы соода борборунда «Мен немисмин!», деген кыйкырык менен адамдарга карата ок атты. Натыйжада 9 киши каза болду, ондогон адамдар жараланды. А. Сонболи өзүн өзү атып өлтүрдү.

Бул жараяндар А. Меркель жана ал башчылык кылып жаткан ХДС (христиан-демократтар союзу) партиясынын аброюнун төмөндөшүнө алып келди. ГФР курамына кирген жерлерде өткөрүлгөн жергиликтүү шайлоолордо бул даана көрүнүүдө.

2017-жылы сентябрда болуп өткөн парламенттик шайлоолордо А. Меркель башчылыгындагы коалиция 33% добуш алды. Бул өкмөттү калыптандыруу үчүн жетиштүү болбоду. Бир топ партиялар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

менен коалиция түзүү үчүн өткөргөн сүйлөшүүлөр ошол жылы ноябрда натыйжасыз аяктады.




**А. Меркель ГФР тарыхындагы эң жаш федералдык канцлер кызматын ээлеген.**

**1998-жылдагы парламенттик шайлоолордо ГСДП жеңип чыкты.**

Ошого карабай, заманбап Германиянын социалдык жана маданий ийгиликтери кыйла чоң. Булардын бардыгы турмуштун жаңы, XXI кылымдын чакырыктарына жооп бере ала турган жогорку сапатты жаратуу мүмкүнчүлүгүн берди.

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Герхард Шрёдер өкмөтү экономикада жана социалдык багытта кандай терең реформалар жүргүздү?
2. «Меркель доору» мамлекеттин тарыхында кандай орун тутат?
3. Германиядагы А. Меркель доорунун тышкы саясаты жөнүндө эмнелерди билесиң?
4. Заманбап Германияда бүгүн кандай көйгөйлөр бар?

### Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, Германиядагы административдик бирдиктерди тап жана дептериңе жаз.

## 12-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА УЛУУ БРИТАНИЯ


Жон Мейжор

**Улуу Британия XX кылымдын аягында.** 1990-жылы Улуу Британиянын премьер-министри болуп шайланган Жон Мейжор саясаты М. Тетчер доорундагы неоконсерватизм курсун улантууга, ошол учурда «тетчеризм»дин авторитардык башкарууга ыктоо абалдарынан жана башка калдыктарынан акырындык менен баш тартууга каратылган эле. Бирок анын көптөгөн шайлоо алды убадалары ишке ашпастан калып кетти. Ошого карабай, 1992-жылы жазда болуп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өткөн парламент шайлоолору Ж.Мейжордун тактикасы тууралыгын көрсөттү. Консерваторлор партиясы шайлоолордо жеңип чыкты.

**Улуу Британияда М. Тетчер доорунда кандай иштер аткарылды?**

XX кылымдын 90-жылдарынын 1-жарымында Улуу Британиянын экономикасы узак мөөнөттүү рецессия доорун баштан өткөрдү. Инфляция өтө жогорулап кетти. Салык тармагын реформалоого аракет ийгилик келтирбеди, тескерисинче, консерваторлор партиясынын аброюна терс таасир кылды. 1990-жылдардын экинчи жарымынан экономикалык өсүүнүн башталышы да консерваторлор партиясынын аброюн көтөрбөдү. Ж.Мейжор «тетчеризм»ден толук алыстап, өзүнүн көз карандысыз курсун иштеп чыга албады.



Улуу Британия



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошондой абалда өздөрүнө жаңы жетекчи жана жаңы идеологиялык программаны тандаган Лейбористтер партиясы 1997-жылы май айында болуп өткөн парламенттик шайлоолордо жеңип чыкты. Партия жетекчиси жаш Энтони Блер өкмөт башчысы болду. Эми алар өздөрүн «жаңы лейбористтер» деп аташты.


Энтони Блер

Э. Блер кабинети ишмердүүлүгүнүн негизги багыты конституциялык реформа болду. Э. Блер жана анын катарлаштарынын пикири боюнча, реформалар шотландия жана Уэльске автономия, Англиянын аймактарына көбүрөк эгемендүүлүк берүүнү, шайлоо жөнүндөгү мыйзамды реформалоону, жогорку палатаны кайра түзүү жана анын шайланышын киргизүүнү жана башка бир топ иш-чараларды көздө тутат эле. Бирок бул реформаларды ишке ашыруу кыйла оор кечти. 1999-жылга келип гана алгачкы ийгиликтерге жетишилди. Шотландия жана Уэльс улуттук ассамблеяларына шайлоолор өткөзүлдү. Тышкы саясатта лейбористтер саясаты салттуу бойдон калды. Э. Блер өкмөтү тышкы саясаттагы бардык маселелерде АКШнын эң жакын шериктеши болду.

**Улуу Британия XXI кылымдын башында.** XXI кылымдын баштарында Улуу Британия Батыш Европанын башка мамлекеттери сыяктуу социалдык-экономикалык өнүгүүдө чоң ийгиликтерге жетишти. Мамлекетте өзгөчө ыңгайлуу абал жаралды. Экономикалык өсүү көрсөткүчтөрү жогору, ишсиздик жана инфляция болсо соңку он жылдардын ичинде эң төмөн болду.

Э. Блер өкмөтү социалдык керектөөлөр үчүн мамлекет каражаттарын ашыруу саясатын жүргүздү, бул кирешелердин чоң бөлүгү иш орундарын жаратууга сарпталды. Өкмөт ишсиздикти кыйла кыскартууга жетишти. Бирок социалдык камсыздоо багытында өкмөт бир топ олуттуу кадамдар коюуга мажбур болду. Саламаттыкты сактоо мамлекеттик кызматы, пенсиялар жана жалпы билим берүүгө тиешелүү мамлекеттик каражаттар кыскартылды.

Тышкы саясатта Улуу Британиянын 2003-жылы Иракка каршы коалицияда катышуусу коомдо кызуу талаштарды келтирип чыгарды. Улуу Британия ушул «антитеррордук» коалицияда АКШнын негизги союздашына айланды. Бирок көпчүлүк англичандар бул согушка каршы эле. Лейбористтердин сол канаты да согушка кескин каршы чыкты. Э. Блер саясатына наразылык белгиси катарында тышкы иштер министри Робин Кук отставкага чыкты. Ошого карабай, 2005-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо кичи айырма



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

менен лейбористтер партиясы жеңип чыкты. Натыйжада Э. Блер үчүнчү мөөнөткө премьер-министр болуп шайланды.




**2005-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо кичи айырма менен лейбористтер партиясы жеңди.**

**Улуу Британия 2003-жылы Иракка каршы коалицияда катышты.**

2005-жылы Лондондо төрт террордук акты жасалды, натыйжада ондогон адамдар каза болду. Жоопкерчиликти «Ал-Каида» эл аралык террордук уюму өз мойнуна алды.

2006-жылдагы Израиль-Ливан согушу бүткөндөн соң, АКШнын артынан Израилди жактаган Британиянын премьер-министри Э. Блердин отставкасы талап кылынды. Э. Блердин мөөнөтүнөн мурда отставкага чыгуусун көпчүлүк британиялыктар да колдоп-кубаттады, алар премьер-министрдин америкачыл саясатынан нааразы эле.

2007-жылы июнда Э. Блер отставкага чыкты. Лейбористтер партиясынын ички шайлоолорунда партиянын жаңы жетекчиси жана премьер-министр кызматтарын Гордон Браун ээледи. Г. Браун дүйнө экономикасынын глобалдашуусунун жактоочуларынан эле. Тышкы соодада протекционизм саясатына каршы чыкты.

Ишмердүүлүгүнүн алгачкы мезгилинде Г.Браун бир топ демилгелер менен чыкты жана алар коом тарабынан жылуу кабыл алынды. 2008-жылы башталган дүйнөлүк финансылык кризис шартында Г. Браундун банк режимин банкрот болуудан сактап калууга, бизнести колдоп-кубаттоого каратылган кескин аракеттери анын аброюн ашырды. Ошого карабай, 2010-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо консерваторлор партиясы жеңди. Консерваторлордун башчысы Девид Кэмерон Улуу Британиянын премьер-министри кызматын ээледи.



**Жон Мейжордун саясаты ...**
**Гордон Браундун ишмердүүлүгү ...**
**«Жаңы лейбористтер» саясатынын үстөмдүү багыты ...**

Д.Кэмерон өкмөтүнүн мамлекет каражаттарын үнөмдөө үчүн жасаган бир топ аракеттеринин натыйжасында ИДӨгө салыштырмалуу бюджеттин жетишсиздиги кыскарды. Ошого карабай, бул көйгөй дагы эле олуттуу бойдон калууда. Бул доордогу экономикалык кыйынчылыктар мамлекеттин бүтүндүгүнө да кооп сала баштады. 2014-жылы сентябрда Шотландияда Улуу Британиядан бөлүнүп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чыгуу маселесинде жалпы элдик референдум өткөрүлүп, анда 45% калк эгемендүүлүк үчүн добуш берди.


Девид Кэмерон

2015-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо консерваторлор партиясы дагы женди. Шайлоо алды кампаниясы учурунда премьер-министр Д. Кэмерон эгерде консерваторлор женсе, Улуу Британиянын Евробиримдиктен чыгуу маселесин көтөрүүгө жана ушул маселе боюнча референдум өткөрүүгө убада берди. 2016-жылы июнда болуп өткөн референдумда катышкан Улуу Британия калкынын 50 % дан көбү мамлекеттин Европа Биримдигинен чыгуусу үчүн добуш берди. Ушундан соң премьер-министр Д. Кэмерон отставкага чыкты. Улуу Британиянын премьер-министри кызматын Тереза Мей ээледи.


Тереза Мей

XX кылымдын экинчи жарымында Улуу Британиянын колониялык империясы толук жоюлду. Бирок Улуу Британия анча оңойлук менен болбосо да, дүйнөдө өзүнүн саясий жана экономикалык беделин сактап келүүдө. 2016-жылы Европа Биримдигинен чыгуу үчүн добуш берген көпчүлүк англичандар да муну мамлекеттин эгемендүүлүгүн баалоолору менен чечмеледи. Кантсе да, Улуу Британия XXI кылымда дүйнөлүк коомчулуктун эң маанилүү мүчөлөрүнөн бири болуп калууда.



**Протекционизм** – ички базарды белгилүү бир чектөөлөр (импорт жана экспорт бажы төлөмдөрү, субсидиялар ж.б. иш-чаралар) аркылуу чет элдик атаандашынан коргоого каратылган саясат.

**Тактика** – бул көздөлгөн максатка жетишүү үчүн колдонула турган усул жана каражаттардын жыйындысы.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. 1990-жылдардын аягында консерваторлор партиясынын жеңилүү себептери эмнеде?
2. Э.Блер администрациясынын ишинин негизги багыты эмнелерден турат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Д. Кэмерон кабинетинин отставкага чыгуусунун себептери эмнеде эле?

4. Улуу Британиянын ЕБден чыгуусунда эмнелер негизги фактор болду?

### Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, премьер-министр Э.Блер жана анын катарлаштары көз карандысыздык берилүүсүн тааныган аймактарды тап жана дептериңе жаз.

## 13-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ФРАНЦИЯ

**XX кылымдын аягында Франция.** 1980-жылдардын аягында Франция өкмөтү мекемелер, банктар жана камсыздандыруучу компанияларды жалпы менчиктештирүү саясатын жарыялаган эле. Менчиктештирүү жолдорунан бири – мекемени анын ишчилери тарабынан сатып алынышы болду. Ишчилер саны 500 дөн 1 миңге чейин болгон мекемелердин чейрек бөлүгү ушул жол менен сатып алынды. Экономикалык өнүгүүнүн 1989 – 1992-жылдарга карата планы акча айлануусунун туруктуулугун камсыздоону, инфляциянын төмөндөшүн жана экономиканын атаандаштыкка туруктуулугун колдоп-кубаттоону көздө тутат эле.



**Францияда Бешинчи республика качан орнотулган эле?**

Францияны социалисттер башкарган 1980 – 1990-жылдардын башында эл аралык турмушта эң маанилүү окуялар болду: «суук согуш» аяктады, Германия бирикти, Советтер Союзу жана Югославия тарап кетти, Батыш Европа бирикти. Франциянын президенти Франсуа Миттеран жана анын өкмөтү Германия менен жакындашуу жана Батыш Европа мамлекеттеринин биригүүсүн өзүнүн негизги милдети деп билди. Германия менен бирге Франция Батыш Европаны бириктирүүнүн эң активдүү катышуучусу болду. 1990-жылы январда Люксембургдун Шенген шаарында Франция өкмөтү Шенген келишимине кол койду. Ага ылайык Европа Экономикалык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Шериктештиги (ЕЭШ) мамлекеттеринин жарандары визасыз жана бажы көзөмөлүсүз бири-бирине кеңири өтүшү мүмкүн болду.



Франция Республикасы

Солчулдар бийликте турган жылдарда алардын жактоочулары күткөн натыйжаларга жетишпеди. Экономикалык өсүү темптери өтө төмөн болду. 1993-жылы өндүрүш көлөмү кыскарды. Ишсиздик чексиз даражага жетти. Социалисттердин абрoю түшүп кетти. Борбордук жана Чыгыш Европада коммунисттик режимдердин кулашы, СССР жана Югославиянын тарап кетиши, Россия өкмөтү тарабынан расмий түрдө коммунизмдин караланышы коммунисттерди гана эмес, о.э. бүткүл социалисттик идеялар жана баалуулуктар режимин абройсуздандырды.

1993-жылы Улуттук жыйынга болуп өткөн шайлоолордо оңчул күчтөр парламентте абсолюттук көп орунга ээ болду. Франциянын согуштан кийинки тарыхында солчул күчтөр алгачкы жолу ушундай олуттуу жеңилүүгө учурады. Солчул күчтөр мындай жеңилүүдөн соң узак убакыт кризистен чыга албады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1995-жылдагы президенттик шайлоолордо Жак Ширак жеңип чыкты жана ишсиздикке каршы күрөштү, коомдун байлар жана кедейлерге бөлүнүшүн жоюуну негизги милдет деп жарыялады. Тышкы саясатта анын негизги ишмердүүлүгү Францияга Европа Биримдигинин «жетекчиси» жана бүткүл дүйнө үчүн «эрк маягы» ролун кайтарууга каратылды. Жаңы өкмөт мамлекеттин бюджетинин жетишсиздигин кыскартуу, жумуш менен алектикти камсыздоо планын жарыялады. 1996-жылдан ИДӨнүн өсүү темптери, капитал киргизүү жана жеке керектөөнүн көлөмү ашты.




**1990-жылы январда Люксембургдун Шенген шаарында Франция өкмөтү Шенген келишимине кол койду.**

**Постиндустриалдык коом.** 1990-жылдары Францияда постиндустриалдык коомдун калыптануу жараяны уланды. Илимий-техникалык революциянын тез өнүгүшү Франциянын түспөлүн өзгөрттү. Париж жана башка ири шаарларда көк мелжиген имараттар пайда болду. Бүткүл мамлекетти автомобиль жолдору жана саатына 250 – 300 км ылдамдыкта жүрүүчү темир жол трассалары камтып алды. Англия менен шериктештикте курулган Ла-Манш кысыгы астынан өткөн темир жол тоннели (Евротоннел) – XX кылымдын эң чоң инженердик ийгиликтеринен бири 1994-жылы май айында салтанаттуу түрдө ачылды.

Башка өнүккөн мамлекеттердеги сыяктуу Францияда да электроника, информатика жана алар менен байланыштуу өнөр жай тармактары тез өнүктү. Индустриалдык коомдун символу болгон өнөр жай тармактары – металлургия, көмүр казып алуу өндүү тармактар акырындык менен кризиске жүз бурду.

**XXI кылымда Франция.** XX – XXI кылымдардын чек арасында Франция бардык маанилүү көрсөткүчтөр боюнча дүйнөнүн эң өнүккөн мамлекеттери катарына кирди. Бирок 2008 – 2009-жылдардагы дүйнөлүк финансы кризиси Франциянын экономикасына өтө чоң терс таасир көрсөттү. 2007-жылы Франция президенти болуп шайланган Николя Саркози оңчул консервативдик «Элдик кыймыл үчүн союз» партиясынын жетекчиси эле.


Франсуа Олланд

2012-жылдагы шайлоолордо Франциянын президенти кызматына шайланган ФСП (Франция социалисттик партиясы) жетекчиси



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Франсуа Олланд Франциянын Евробиримдиктеги ролун дагы да ашыруу, Европа саясатында алдыңкы мамлекеттерден бири катарындагы ордун сактап калуу үчүн аракет кылды. Ал 2012-жылы байлар үчүн кошумча салык орнотуу демилгеси менен чыкты. Бул демилге конституциялык сот тарабынан четке кагылды. Соң бир жыныстуу адамдардын ортосундагы никени жактап чыгып, аны мыйзамдаштырды. Бул католик чиркөөсүнүн наразылыгына себеп болду.

Сирия жана башка согуш аракеттери болуп жаткан Чыгыш мамлекеттеринен келе жаткан эмиграннтардын агымы да Франциядагы социалдык абалды курчутту. 2015-жылы ноябрда Парижде болгон террордук актынын натыйжасында жүздөн ашык адам каза болду, үч жүздөн ашуун адам жараланды. Бул террордук актыларды ИШИМ террордук тобу өз мойнуна алды.



**Шенген келишими ...** **1993-жылы ...**
**1996-жылдан ...** **2007-жылы ...**

Өкмөт тарабынан бардык этият чаралары көрүлгөнүнө карабай, террордук актылар дагы кайталанды.

Ф.Олланд Франция тарыхына эң беделсиз президент болуп кирди. Ал 2017-жылдагы президенттик шайлоолорго өз талапкерлигин койбоду. Апрель айында болуп өткөн шайлоолордун экинчи турунда «Алга!» кыймылынын өкүлү Эммануель Макрон женди. Ошол учурда бул шайлоолор Францияда да Германиядагы сыяктуу мультикультуриализм саясатынын кыйраганын көрсөттү. Эмиграннтардын санынын ашышы, терроризм коркунучунун күчөө шартында оңчул Улуттук фронт партиясынын абройю ашып барды. Улуттук фронттун өкүлү Марин Ле Пен алгачкы жолу президенттик шайлоолордо экинчи турга чыгып, дээрлик 34% добуш алды.



Эммануел Макрон

Мамлекеттеги көптөгөн көйгөйлөргө карабай, XXI кылымдын башына келип, Франция экономикалык жактан да, саясий жактан да дүйнөнүн жетекчи мамлекеттеринин бири болуп калууда.



**Мультикультуриализм** – бул бир мамлекетте жана бүткүл дүйнөдө маданияттардын ар түрдүүлүгүн сактап калууга багытталган саясат жана бул саясатты негиздөөчү теория жана идеология.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. 1990-жылдардын баштарында Францияда кандай себептер солчул күчтөрдүн жеңилүүсүнө алып келди?
2. Францияда постиндустриалдык коомдун калыптануусу эмнелерде көрүндү?
3. 2010-жылдардын башында кандай себептер Францияда социалдык абалды курчутту?
4. XXI кылымда Франциянын алдында кандай көйгөйлөр пайда болду?

### Өз алдынча иш



Интернет каражатында Францияга виртуалдык саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый чындыкты талда.

## 14-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ИТАЛИЯ

**1990-жылдарда Италия.** Италияда постиндустриалдык коомдун негиздери өткөн кылымдын 80-жылдарында калыптанды. Кең көлөмдө өнөр жай өндүрүшүнүн техникалык базасы жана технологиясын жаңылоо жараяны – өндүрүшкө компьютердик башкаруу режимин киргизүү, роботтордон кең пайдалануу башталды. Эң негизгиси, бул жараяндын алдыңкы катарында кичи ишканалар турду.



**Европа экономикалык шериктештигин түзүү жөнүндө Рим келишимине качан кол коюлган?**

Коомдун социалдык структурасында да олуттуу өзгөрүүлөр болду. Ылдам өнүгүп жаткан тейлөө багытында иштегендердин саны тез өстү.

Саясий турмушта туруксуздук жана өкмөттүн тез-тез алмашуусу Италиянын өзүнө таандык салтына айланды. Италияда мамлекеттик институттардын терең кризиси, о.э., мафия режимдеринин ишмердүүлүгү менен да байланыштуу эле. Бийликтин жогору органдарындагы чек билбеген коррупция Италия саясий механизминин өзүнө мүнөздүү жагы болуп калды. Шайлоо бул жерде пропорционалдуу режим боюнча



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өткөрүлчү. 1993-жылдагы референдумда Италия эли мындай шайлоо режиминен баш тартуу үчүн добуш берди.

1980 – 1990-жылдардын башында ички саясий жараяндарга салттык партиялардын таасири азайды. 1991-жылы Италия коммунисттик партиясы тарап кетти. Анын базасында Либералдык-социалисттик партия жана Коммунисттик кайра жаралуу партиясы түзүлдү.

1992-жылы февралда мамлекетте «Адал колдор» кампаниясы башталып, бийликтин жогорку катмары жана негизги партиялар жетекчилигинде массалык коррупция абалдары аныкталды. Пара алуу менен байланыштуу жаңы саясий жаңжал күчөдү. Ири ишкерлер, Христиан-демократтар партиясы (ХДП) жана Италия социалисттик партиясынын (ИСП) жетекчилери, депутаттар жана сенаторлор, бир нече министрлер тергөөгө тартылды. Италия президенти Ф.Коссига отставкага чыкты. Бардыгы 20 миң адам тергөө тизмесине киргизилди. 1992-жылы февралдан баштап эки жыл ичинде паракордукка айыпталып үч миңге жакын адам, атап айтсак, мурдагы премьер-министрлер, парламент депутаттары, министрлер камакка алынды. Бийликтин жогорку жетекчилиги менен мафиянын ортосундагы байланышты ачыкка чыгарып таштаган сот жараяны бүткүл коомду таң калтырды. Каршылык аракетинин толкунунда калыптанган партиялык-саясий режимдин кулашы башталды. 1992-жылдагы парламент шайлоолору негизги саясий партиялар, атап айтсак, ХДП жана ИСПнын да коомдогу аброю төмөндөгөнүн көрсөттү. 1993-жылы ХДП базасында Италия эл партиясы түзүлдү. ИСП таркалып кетти. 1994-жылы мартта болуп өткөн парламенттик шайлоолор мурдагы партиялык режимдин кулагандыгын көрсөттү. Жаңы, али таанылбаган топтор: «Алга, Италия!», «Түндүк лигасы», «Улуттук альянс» – неофашисттер жана оңчул националисттер бирикмеси негизги аренага чыкты.


Сильвио Берлускони

Өкмөттү «Түндүк лигасы» жана «Улуттук альянс» коалициясынын негизинде С.Берлускони түздү. Өкмөт 1994-жылдын аягына чейин гана тура алды. Коррупцияга каршы күрөш жарыялаган С.Берлусконинин өзү салык эрежелерин бузгандыкта айыпталды жана отставкага чыкты. Италиянын жаңы өкмөтү партиясыздардан түзүлдү.

1996-жылдан бийликте сол борборчулар коалициясы турду. Бирок, социалдык камсыздоо режимин өзгөртүүгө урунуу менен байланыштуу маселелер боюнча коалицияда келишпестиктер болду. Ошол учурда бир топ мафия топтору башчыларынын камалышы коом тарабынан колдоп-кубатталды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Италия Республикасы

Эсте сакта

**1992-жылы февралда мамлекетте «Адал колдор» кампаниясы башталды.**

**1993-жылдагы референдумда Италия эли пропорционалдуу шайлоо режиминен баш тартуу үчүн добуш берди.**

Бирок премьер-министр Романо Проди өкмөтү ички келишпестиктерди жоё албады жана парламенттеги үстөмдүктү жоготуп, 1998-жылы отставкага чыкты. Массимо Д’Алема премьер-министр кызматын ээледи. М.Д’Алема ушул учурга чейин жогору даражада сакталып келе жаткан ишсиздикти кыскартууну сунуштады.

2000-жылы апрелде болуп өткөн жергиликтүү шайлоолордо бардык түндүк облустарда оңчул күчтөр жеңип чыкты. Элдик пикирге «Адал колдор» операциясы чоң таасир көрсөттү, католик чиркөөсү да оңчулдарды колдоп-кубаттады. М.Д’Алема отставкага чыкты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Италия XXI кылымда.** Заманбап Италия – жогорку даражада өнүккөн индустриалдык мамлекет. XX кылымдын соңку жылдарында жана XXI кылымдын башында ал өз өнүгүүсүндө сезилерлүү натыйжаларга жетишти. Инфляция кыйла төмөндөдү, ишсиздик азайды, жаңы мекемелердин саны тез өстү. Мыкты ойлонгон жаштар саясаты алып барылууда. 1998-жылдын өзүндө 12 миң кичи жана орто бизнес мекемелери жаратылып, алардын негизги бөлүгүн жаштарга караштуу фирмалар түздү. Учурда Италия жогорку технологиялык азыктарды өндүрүү боюнча алдыңкы мамлекеттерден артта калууда.

Соңку он жылдын ичинде Италияда ИДӨнүн өсүүсү өз туруксуздугу менен айырмаланып турчу. Бул 2008 – 2009-жылдардагы дүйнөлүк финансы кризиси менен гана байланыштуу болбостон, Италия экономикасынын өзүнө мүнөздүү түзүлүшү менен да байланыштуу. ИДӨ кичине болсо да, туруктуу өсүү мүнөзүнө ээ. Бирок мамлекеттин карызы да өтө чоң, азыр ал ИДӨгө салыштырмалуу 130% ды түзөт.

**1992-жылы ...** **1993-жылы ...**
**Пропорционалдуу шайлоо режими – бул ...** **1998-жылы ...**

2014-жылы февралдан баштап Италия өкмөтүн башкарган Маттео Ренси салыктарды төмөндөтүүнүн эсебинен италяндардын кирешесин ашыруу максатын жарыялады. Ал 2015-жылдан билим берүү системасын реформалоону да баштады. 2016-жылы декабрда премьер-министр кызматын ээлеген Паоло Жентилони ушул саясатты улантууда.


Маттео Ренси

XXI кылымга кирип келген Италия дүйнөнүн жетекчи мамлекеттерине салыштырмалуу технологиялык жакырлыкты жоюуга, өз экономикасынын атаандаштыкка туруктуулугун ашырууга умтулууда. Заманбап маалыматтык технологияларды, экономиканын салттык эмес багыттары – банк ишмердүүлүгү, туризм, спорт жана саламаттыкты сактоо индустриясын өнүктүрүүгө өзүнчө көңүл бурулууда.

**Пропорционалдуу шайлоо режими** – мында мандаттар партиялардын ортосунда алар алган добуштардын санына пропорциялаш түрдө бөлүнөт.

**Неофашизм** – бул 1920–1940-жылдардагы фашисттик уюмдардын идеялык-саясий улантуучусу болгон оңчул радикалдык уюмдар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. 1980 – 1990-жылдарда Италия коомунда кандай оң өзгөрүүлөр болду?
2. «Адал колдор» кампаниясы Италияда кандай натыйжаларга алып келди?
3. XXI кылымдын башында Италия экономикалык өнүгүүдө кандай ийгиликтерге жетишти?
4. Жаңы кылымда Италияда кандай көйгөйлөр сакталып калууда?

### Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, Италия кайсы мамлекеттер менен чектеш экендигин дептериңе жаз.



Италиядагы «Адал колдор» кампаниясын талдоо менен «Биз коррупцияга каршыбыз» темасында чакан окуу планын даярда жана ийримдик сабакта башкаларга көрсөтүүгө даярдан.

## 15-ТЕМА. АЗИЯ, АФРИКА ЖАНА ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН САЯСИЙ, СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

**Модернизациялоонун татаал жолу.** XX кылымдын аягына келип Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринде модернизация көйгөйлөрү терендеп барды. Мында «суук согуш»тун бүткөнү да өзгөчө роль ойноду. СССРден жардам алып турган Азия, Африка жана Латын Америкасындагы мамлекеттер ал тарап кеткенден соң оор абалга түшүп калды. Вьетнам, Лаос, Ангола, Мозамбик, Куба, Никарагуа сыяктуу СССРдин жардамына таянган мамлекеттерде режимдер алмашты же өнүгүүнүн кошумча жолдоруна өтүлдү.



**«Африка жылы» деп аталган доордо дүйнө картасында канча көз карандысыз мамлекеттер пайда болгон?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XX кылымдын экинчи жарымында ишке ашырылган модернизациянын оң натыйжалары да өнүгүп жаткан мамлекеттерде бир топ көйгөйлөрдү келтирип чыгарды. Алардан бири демографиялык көйгөй болуп, азыр Жер жүзү калкынын өсүүсүнүн негизги бөлүгү өнүгүп жаткан мамлекеттердин үлүшүнө туура келүүдө. Жашоо булактарынын чектелүү шартында калктын санынын тез өсүүсү олуттуу көйгөйлөрдү андан да көбөйттү. Атап айтсак, калктын эң бай бөлүгү менен эң кедей бөлүгүнүн кирешеси ортосундагы айырма өтө жогору бойдон калууда.

**Түштүк Азия мамлекеттеринин өзүнө мүнөздүүлүгү.** Модернизациялоону максат кылган Азиянын эң ири мамлекеттери (Индия, Пакистан, Индонезия, Филиппин, Таиланд ж.б.) өздөрү үчүн бирдиктүү туура жолду табууга аракеттеништи.

Бул жол социалдык-саясий реформаларды ишке ашырууда этияттыкты, негизинен социалдык турмуштун эң жакыр формаларын жоюу менен чектелишин талап кылчу.

Чет эл капиталын тартуунун шарты болгон социалдык жана саясий туруктуулукту камсыздоого чоң көңүл бурулду. Бул мамлекеттерде жалпы жашоо деңгээли кыйла төмөн болгон абалда эң байлар менен эң кедейлердин кирешелери ортосундагы айырма анча чоң болбостон, өнүккөн мамлекеттердеги көрсөткүчкө жакын экендиги көңүл бурууга татыктуу. Өкмөт коомдо нааразылыктын өтө күчөшүнө жол койбостон, модернизациялоонун мыкты ойлонгон стратегиясын алып барууда. Анын негизин мамлекеттин инвестицияларын экономиканын келечектүү секторлоруна багыттоо, протекционизм саясаты, чет эл капиталын продукциясы өтүмдүү болгон багыттарга салуу түздү. Түштүк Азия мамлекеттеринде Европа тибиндеги гигант-шаарлар, постиндустриалдык зоналар, жогорку технологиялуу өндүрүш, алдыңкы мамлекеттердеги заманбап илимий ийгиликтер даражасында иш жүргүзүүчү илимий борборлор пайда болду.

Бирок чечилбеген көйгөйлөр көп. Мисалы, улуу муундагы калктын дээрлик жарымы сабатсыз. Калкы окуганды да, жазганды да билбей турган бул мамлекеттерде модернизация очоктору айылдардагы натуралдык айыл-чарба менен жанаша иш жүргүзүүдө.

**Ислам дүйнөсү.** XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында ислам мамлекеттери модернизациянын татаал баскычын башынан өткөрүүдө. Ирандагы 1979-жылдагы ислам революциясы бүткүл мусулман дүйнөсүнө өтө чоң таасир көрсөттү. Көптөгөн мамлекеттерде




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

консерватордук топтор пайда болду же барлары активдешти, көбү максатка жетүүнүн каражаты катары террорду тандады.

Бул жараянда ислам фундаментализми өзүнчө роль ойноодо. Чындыгында фундаментализм исламга гана тиешелүү эмес. Мисалы, соңку жылдарда Индияда индуизмдин алгачкы баалуулуктарына кайтууну талап кылып жаткан күчтөр активдешип калды. Бирок азыр көбүрөк «ислам фундаментализми» жөнүндө айтылууда. Жадагалса ал XXI кылымда эл аралык мамилелердин да негизги көйгөйү болушу жөнүндөгү божомолдор азырынча өзүн актоодо.

Ислам фундаментализми ар түрдүүчө көрүнөт. Мисалы, 1990-жылдардын баштарында араб мамлекеттери жана Түндүк Африкада «Мусулман бурадарлар» сыяктуу террордук топтор активдешти. Алар кээ бир араб мамлекеттери тарабынан каржыланды. Кээ бир ислам мамлекеттериндеги экстремисттик топтор Усама бин Ладин башчылыгында «Жихад эл аралык фондун» түздү, бул уюм бүткүл дүйнө бойлоп террордук актыларды колдоп-кубаттады.




Ислам дүйнөсүнүн картасы: ■ – суннийлер; ■ – шиалар.



**1979-жылы ...**
**1990-жылдардын баштарында ...**

XXI кылымдын башында АКШ «демократия орнотуу» шылтоосу менен Ирак жана Ливия сыяктуу суверендүү мамлекеттерде бийликти куралдын күчү менен оодарып таштады. Натыйжада аймакта террористтик агымындагы консерватордук уюмдар күчөп, бошоп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

калган бийликти ээлөө үчүн күрөш баштады. Ирак, Ливия, Сирия согуш отунда калды. ИШИМ террордук уюмунун айланасында дүйнөнүн бардык бөлүгүнөн террорчулар топтолуп, ислам желеги астында согуш алып барууда.

Ислам фундаментализми – бул жөнөкөй терроризм эмес, ал өтө көп кырдуу жана кооптуу кубулуш. Ага өтө этияттык менен мамиледе болуу керек. Чыныгы динди анын атынан террор уюштуруп жаткан, дүйнөдө тынчтыкка кооп салып жаткан топтордон ажырата алууда адамдарга жардам көрсөтүү, ислам дининин тынчтыкты сүйүүчү дин экендигин негиздөө бүгүнкү күндө ислам аалымдарынын олуттуу милдети болуп калууда.

**XX кылымда Латын Америкасы мамлекеттери** үчүн жалпы болгон модернизациялоонун үч – революциячыл, неоконсервативдик жана реформачылык варианттары даана көзгө көрүнөт. Бирок Латын Америкасы мамлекеттери социалдык өнүгүүнүн жогору тепкичине көтөрүлүү үчүн колдогон бардык варианттары күтүлгөн натыйжаларды бербеди. Латын Америкасы коомдору бир мезгилде үч көйгөйдү: натыйжалуу, туруктуу өнүгүүчү экономиканы жаратуу; өтмүштөн калган социалдык көйгөйлөрдү чечүү; индустриалдык өнүккөн мамлекеттер, оболу АКШга көз карандылыкты жоюунун бирдиктүү жолун таба албады.

Латын Америкасында 1990-жылдардагы неолибералдык реформалардын терс кесепеттерин жоюу жараянында солчул багыттагы өкмөттөр шайлоо жолу менен бийликке келди. Бул бүткүл дүйнөнүн көңүлүн өзүнө бурду жана «солчул бурулуу» атын алды.

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын баштарында Латын Америкасы мамлекеттери өз тарыхында биринчи жолу диктатураларсыз өнүктү, дээрлик бардык мамлекеттерде шайлоолор аркылуу конституциялык режимдер бийликке келди. Бирок 2008-жылдагы дүйнөлүк финансы кризиси жана 2014-жылы башталган энергетикалык кризистин натыйжасында Латын Америкасында түзүлгөн оор жагдай бул мамлекеттердин реформаларга муктаждыгын көрсөтүүдө.



**Неоконсерватизм** – бул консервативдүү идеялык-саясий агымдын салттык социалдык баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүүгө багытталган түрү.

**Неолибералдык реформа** – мамлекеттин экономикага аралашуусун азайтуу максатында өткөрүлө турган иш-чаралар. Неолиберализм өкүлдөрү базар өзүн-өзү тартипке салат деп эсептейт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттери модернизациялоо жараянында кандай көйгөйлөргө туш келүүдө?
2. Түштүк Азия мамлекеттеринин өнүгүшүндөгү өзүнө мүнөздүү жактар эмнелерден турат?
3. Ислам мамлекеттериндеги модернизациялоо жараянында ислам фундаментализми кандай роль ойноодо?
4. Латын Америкасы мамлекеттери XX кылымдын аягында өз алдында турган кандай көйгөйлөрдү чечүү жолдорун таба албады?

## Өз алдынча иш



Концептуалдык жадыбалдын негизинде Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын өзүнө мүнөздүүлүктөрүн чечмеле.

# 16-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА КЫТАЙ ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫ

**Кытай Эл Республикасынын саясий өнүгүшү.** Социалисттик режим жана СССР тарап кеткенден соң Кытай Эл Республикасы (КЭР) эң ири социалисттик мамлекет катары сакталып калды. Бул жерде Кытайга таандык социализм куруу улантылды. Бийликти бирдиктүү Кытай коммунисттик партиясы (ККП) ээлеп турат.



**Кытайда «Улуу улуттук революция» кандай натыйжалар менен аяктады?**

1989-жылы Тянанмень майданындагы тынч демонстрация басырылгандан соң үч жылга жакын Кытай саясатында олуттуу өзгөрүү болбоду. Болгону 1992-жылы Ден Сяопин мамлекеттин түштүк провинцияларына кылган сапары учурунда бир топ докладдар жасап, экономикалык реформалар саясатын токтотуп болбойт, деди. Реформалар башталгандан соң колго киргизилген ийгиликтер тандаган



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жолдун тууралыгына адамдарды ишендирди. Ден Сяопин өз сапары маалында дагы бир маанилүү чечимди кабыл алды: ал өз шаарында демонстрацияларды тынч жол менен токтото алган Шанхай шаарынын мэри Цзян Цземинди өзүнүн мураскору деп жарыялады.

Ошол учурда мамлекет аппараты да жарымына кыскартылды. Пайдасыз иштеп жаткан кары аткаминерлердин ордуна жаштар келди. ККПнын Башкы катчысы отставкага чыгып, ордуна салыштырмалуу жаш Ху Цзинтао шайланды.

2012-жылы бийликке келген Си Цзиньпин башчылыгындагы ККП жана КЭР башчыларын «Кытайдын тилегин» ишке ашыруу идеясы бириктирип турат. «Кытайдын тилеги» дегенде эң жалпы мааниде «Кытай улутун кайра тикелөө» жолунда эки кадам – ККПнын жүз жылдыгына (2021-жылы) «орточо жыргалчылык» даражасына жетишүү, КЭРнын жүз жылдыгына (2049-жыл) болсо дүйнөнүн өнүккөн мамлекеттери катарынан орун алуу түшүнүлөт.


Ден Сяопин

**Экономикалык реформалар.** 1989-жылы Тянанмень майданындагы студенттердин чыгуулары ырайымсыз бастырылгандан соң Кытайга каршы белгилүү бир санкциялар жарыяланышына карабай, мамлекетте реформалар улантылды. Аларды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн Мао Цзедун доорундагы бир топ иш-чаралардан баш тартууга туура келди. Ошолу, колхоздор жоюлду. Дыйкандар түшүмүнүн бир бөлүгүн эркин базарда сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду, шаарлар жана айылдарда чакан жергиликтүү мекемелерди түзүү колдоп кубатталды. «Бай болуу – бул өтө жакшы» – деп айтты Ден Сяопин. Ал ишкерликти колдоп-кубаттоо программасы алкагында Кытайдын жээктеги төрт облусун атайын экономикалык зоналар деп жарыялады. Бул экономикалык зоналарда чет эл инвесторлору үчүн ыңгайлуу шарттар жаратылды.

1997-жылы февралда Кытай «реформаларынын атасы» Ден Сяопин каза болду. Ошол жылы сентябрда ККП «Мамлекет секторун модернизациялоо программасын» кабыл алды. Зыян келтирип иштөөчү мамлекеттик банктар жана мекемелерден баш тартууну чечишти.

Реформалардын ийгиликтүү ишке ашырылышы натыйжасында XX кылымдын соңку 20 жылында КЭРнын ИДӨ алты эседен көбүрөөккө ашты. КЭР жетекчилиги XXI кылымдын алгачкы жыйырма жылынан да өтө натыйжалуу пайдаланууну максат кылып койду. Бул доор экономикалык, аскердик, тышкы саясий кудуретти ашыруу жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дүйнөдө сапат жагынан жаңы орунду ээлөө үчүн «стратегиялык мүмкүнчүлүктөр баскычы» катарында каралды.

Кытай 2001-жылы Дүйнөлүк соода уюмуна (ДСУ) мүчө болгондон соң дүйнө базарынын мүмкүнчүлүктөрүнөн жана мамлекеттин Жер жүзүндөгү «эң ири фабрика» түрүндөгү артыкчылыгынан өнүмдүү пайдаланып, экономикалык өсүүнүн жогорку темптерин сактап калды жана өзүнүн дүйнө экономикасындагы беделин андан да ашырууга жетишти.

2017-жылы октябрда болуп өткөн КЭРнын 19-жалпы Кытай съездинде Си Цзиньпин Кытай коммунисттеринин эзелки максаты Кытай элинин бакыты үчүн күрөш жана Кытай улутун кайра калыбына келтирүү экендигин айтып, XXI кылымдын ортолоруна келип Кытай заманбап улуу социалисттик мамлекетке айланат, деп жарыялады.

**Социалдык көйгөйлөр.** Экономикалык өсүүнүн туруктуу жогорулугуна карабай, XXI кылымдын башына келип, Кытай бир топ олуттуу экономикалык, экологиялык жана социалдык көйгөйлөргө туш келди: байлар менен кедейлердин кирешеси ортосундагы айырма кескин ашты.



Си Цзиньпин

Кытайдын эң олуттуу көйгөйлөрү катарына калктын тез картайып баруусу жана өндүрүштүн экологияга тийгизип жаткан зыянын кошуу мүмкүн. Кытайда узак жылдар алып барылган «бир үй-бүлө – бир бала» саясатынын натыйжасында мамлекетте жаштардын саны улуу муундун санына салыштырмалуу азайып барууда. XXI кылымдын башында индустриалдаштыруу, урбанизация жана эл аралык сооданын таасири астында энергия каражаты жогору болгон оор өнөр жай кеңири көлөмдө тез өнүктү. Натыйжада зыяндуу газдар Кытай шаарларында өтө оор экологиялык жагдайды пайда кылды. Айылдарда болсо суунун булганышы негизги көйгөй болуп калууда. Бул калктын саламаттыгынан сырткары улуттук экономикага да чоң зыян келтирүүдө. Кытай өкмөтү жакынкы келечекте экологиялык абалды жакшыртуу боюнча иш-чаралар иштеп чыккан. Анда экологиялык таза чөйрөнү жаратуу XXI кылымдын негизги милдети катары каралды.

Кытайдын олуттуу көйгөйлөрүнөн дагы бири терроризм эсептелет. Айрыкча, Синьцзян-Уйгур автономдуу аймагында терроризм коркунучу өтө күчтүү. 2013-жылда эле аймакта 200 гө жакын террористтик актылар жасалды.


XX кылымдын аягындагы реформалардан айырмалуу түрдө жаңы кылымдын баштарындагы реформалардын негизги максаты экономикалык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өзгөрүүлөр болбой калды. XXI кылымдын башында негизги көңүл экономикалык жогорулоого гана эмес, реформалар жараянында пайда болгон социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү жоюуга да каратылды. Бул көйгөйлөр негизинен шаар менен айыл, мамлекеттин батыш бөлүгү менен чыгыш бөлүгүнүн өнүгүшү ортосундагы айырма менен байланыштуу. Экономикалык реформалардын азыркы баскычында мамлекеттин негизги көңүлү базар мамилелерин өнүктүрүүгө каратылган.




Кытай Эл Республикасы

**Тышкы саясат.** Кытай БУУ Коопсуздук Кеңешинин туруктуу мүчөсү эсептелет. Батыш мамлекеттери Кытайдын тышкы саясатын Корея Эл Демократиялык Республикасын колдоп-кубаттагандыгы үчүн сындап келишет. КЭР өкмөтү дүйнөлүк саясатта Кытайдын ролун ашырууга каратылган тышкы саясат алып барууда жана ошол эле учурда, көптөгөн эл аралык маселелер боюнча нейтралдык позицияны ээлеп турат.



**2001-жылы ...** **2017-жылы октябрда ...**
**2013-жылы ...**
**«Кытай реформаларынын атасы» – бул ...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

АКШ Кытайдын негизги соода шериктеши болуп калууда. Бирок эки мамлекеттин ортосундагы мамилелерде бир топ көйгөйлөр да бар. Бул оболу АКШнын Азия-Тынч океан аймагында өз таасирин күчөтүүгө каратылган саясаты натыйжасында пайда болгон карама-каршылыктар болуп саналат. АКШнын бул саясаты аймактан Кытайды кысып чыгарууга каратылгандыктан, Пекиндин олуттуу каршылыгына учуроодо. Бул аймакта жагдайдын курчушуна алып келди. Кытай менен АКШ ортосунда башталган куралдануу жарышы да чыңалууну ого бетер күчөтүүдө.

Ошентсе да, тараптардын ортосунда XXI кылымдын башынан бери экономикалык маселелер боюнча стратегиялык келишим бар болуп, регулярдуу жолугушууларда негизги көйгөйлөр талкууланат. Мисалы, 2017-жылы ноябрда АКШ президенти Д. Трамп Кытайга расмий сапар менен келип, бир топ экономикалык шериктештик маселелерин чечүүгө жана 250 млрд доллардан ашуун суммага соода келишимине кол коюуга жетишти.

КЭР тышкы саясатынын негизги максаты Азия жана Африка мамлекеттеринде өз таасирин ашырууга каратылган. Ал үчүн Кытай жетиштүү экономикалык, аскердик жана саясий мүмкүнчүлүктөргө ээ.



**Урбанизация** – шаарлардын саны көбөйүп, аларда мамлекеттин саясий, экономикалык жана маданий турмушунун жалпылануусунун тарыхый жараяны.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын баштарында КЭРде жасалган саясий өзгөрүүлөрдөн кандай максаттар көздөлгөн эле?
2. Кытайда ишке ашырылган экономикалык реформалар кандай натыйжаларга алып келди?
3. XXI кылымдын баштарына келип Кытайда индустриалдаштыруу жана урбанизация менен байланыштуу кандай көйгөйлөр пайда болду?
4. Кытай тышкы саясатында АКШ менен болгон мамилелер кандай роль ойнойт?

## Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, Кытайдын тарыхында 1991–2017-жылдарда негизги орунду ээлеген облустар-ды тап жана түшүндүрмө жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 17-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ЯПОНИЯ

**1990-жылдарда Япониянын өнүгүшү.** Бул мезгилде Япониянын саясий турмушунда либералдык-демократиялык партиянын (ЛДП) аброю кайра оңолду. 1990-жылы бийликке келген Тосики Кайфу Япониянын эл аралык аброюн ашырууга жетишти. 1990-жылы Кувейттин Ирак тарабынан аннекцияланышы учурунда Япония эл аралык аскердик континентке, о.э., Египет, Иордания жана Түркияга каржылык жардам түрүндө бир нече миллиард доллар киреше ажыратты.



**Качан Япония ички дүң өнүмдүн көлөмү боюнча дүйнөдө АКШдан кийинки экинчи орунга чыгып алган?**

1990-жылдардан баштап экономикада мамлекеттик сектордун үлүшү азайып барды. О.э., өнөр жайды мамлекет тарабынан тартипке салуу да басаңдады. Бул мезгилде Япониянын негизги экспорту четке капитал чыгаруу болуп калды. Чет мамлекеттерде салынган инвестициялардын көлөмү 1 трлн доллардан ашып кетти. Япония эмгек өндүрүмдүүлүгү боюнча да Батыш Европа мамлекеттеринен өтүп, АКШга теңдешип барды. 1990-жылдары бүткүл дүйнөдө өндүрүлгөн видеоаппаратуралардын 90% ы, өнөр жай роботторунун 2/3 бөлүгү Япониянын үлүшүнө туура келчү. Бирок тышкы базарга көз карандылык 1997 – 1998-жылдардагы «Азия кризиси» мезгилинде Япония үчүн чоң кыйынчылыктар туудурду. Ошого карабай, Япония экономикасы кризистер доорунда өзүнүн ийкемдүүлүгүн жана чыдамкайлыгын көрөттү.



Кейдзо Обути

Ички саясатта 1990-жылдар өкмөттүн туруксуздугу менен мүнөздөлөт. Бул жылдары Японияда бир нече коалициялык өкмөттөр алмашкандан соң 1996-жылы январда ЛДП дагы бир партиялуу өкмөт түзүүгө жетишти. Ага Рютаро Хасимото башчылык кылды. Ал «алты реформа»: 1) салык; 2) билим берүү багытында; 3) социалдык камсыздоо; 4) экономикада мамлекет башкаруусун төмөндөтүү боюнча; 5) административдик башкарууну децентрализациялоо боюнча; 6) өнөр жай компанияларына жер участкаларын бөлүү боюнча реформалардын башталышын жарыялады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

О.э., Р.Хасимото жаңыча дипломатияны көрсөтүп, тышкы саясатта «евразиялык» концепциясын колдонуугa умтулду. Ал Японияда бир топ террордук актыларды жасаган «Аум Синрикё» сектасынын ишине чек коюудагы кескин аракеттери менен да таанылды.




Япония

XX кылымдын аягында Япониянын ички саясатында ЛДП жетекчиликти сактап калды. 2000-жылы Япония премьер-министри Кейдзо Обути каза болгон соң бул кызматты Ёсиро Мори ээледи.

**Япония XXI кылымда.** Япония XXI кылымдын баштарында экономикасы туруктуу өнүгүп жаткан мамлекет болуп калууда. Ал 400 млрд доллардан ашыгыраак суммага тең продукция экспорттоп жатат. Япония кеме куруучулук, трактор куруучулук, металлды кайра



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

иштетүү өнөр жайы үчүн аспаптар иштеп чыгаруу боюнча дүйнөдө биринчи орунду ээлеп турат. Ал болот, телевизорлор жана автомобилдер өндүрүүдө да дүйнөдө жетекчилерден эсептелет. Япония ИДӨ көлөмү боюнча дүйнөдө АКШ жана Кытайдан соң үчүнчү орунду ээлеп турат.

Япония көптөгөн аралдардан турган мамлекет. Ал башка мамлекеттерге салыштырмалуу табият күчтөрү: океан бороондору, тайфундар, жер титирөөлөргө көбүрөк байланыштуу. Япондор өз өндүрүш маданиятында ошол көз карандылыкты азайтууга умтулуп келди. Бирок табият күчтөрүнөн толук үстөм болуу мүмкүн эмес, алардын зыянын азайтууга гана болот.


Синдзо Абэ

2011-жылы мартта Хонсю аралында болгон жер титирөө Японияга чоң зыян алып келди. Миңдеген адамдар каза болду, 300 миңден ашуун адам үйсүз калды. Бир нече атомдук электростанцияларга зыян жетти, Фукусима-1 атом электростанциясынан радиоактивдүү заттар айлана-чөйрөгө тарап кетти. Мамлекетке өтө чоң экономикалык зыян болду.

Ички саясатта негизинен ЛДПнын жетекчилиги сакталып калды. 2001-жылы Япония премьер-министри кызматын Жунитиро Коидзуми ээледи. Ал салыштырмалуу жаш, кайраттуу болуп, мамлекетте чоң абройго ээ эле. Ж. Коидзуми Япония конституциясынын мамлекетке өз куралдуу күчтөрүнө ээ болушуна тыюу салуучу беренесин (статья) кайра көрүп чыгуунун жактоочусу болуп чыкты. Ж. Коидзуми үч мөөнөт өкмөттү башкарды. 2012-жылдан ЛДП жетекчиси Синдзо Абэ өкмөттү башкарып келүүдө.

Саясий кризистер Япония үчүн гана мүнөздүү болгон окуя эмес экендигин да айтып өтүү керек. Бул өңдүү жараяндар жаңы, постиндустриалдык цивилизация калыптанып жаткан башка мамлекеттерде да болууда. Калктын социалдык курамы өзгөрүүдө, коомду тынчсыздандырып жаткан көйгөйлөрдүн да маңызы өзгөчө түс алып жатат; көптөгөн эски партиялар кризисти башынан өткөрүүдө – алар өтө кыйынчылык менен жаңы шарттарга ыңгайлашууда, дайыма эле жаңылыкты өз убагында ылгап алалбай жатат. Өнүккөн мамлекеттердин саясий режиминде да олуттуу кайра куруу жүрүп жатат. Өкүлдүк демократиясынын өнүгүшү жакын келечекте таптакыр жаңы мазмунга ээ болушу мүмкүн, кандайлыгын убакыт көрсөтөт. Бирок азыртадан эле япондор көйгөйлөрдүн ийгиликтүү чечилишине ишеним менен аракеттенүүдө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Япония тышкы саясатында АКШ менен мамилелер негизги орунда турат. Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан бери Япония АКШнын аймактагы эң жакын соода шериктеши жана стратегиялык шериги болуп келүүдө. Япониянын Кытай менен мамилелери кыйла татаал. 2005-жылы Ж.Коидзуми өкмөтү Тайвань аралы маселесинде алгачкы жолу АКШны ачык колдогондо Кытай менен мамилелери кескин начарлады. Дүйнөлүк коомчулукту түйшүккө салып келаткан жана 2017-жылы дагы да курчуган Түндүк Корея маселесинде да Япония менен Кытайдын ортосунда келишпестиктер бар.



**Децентрализация** – бул мыйзамдар кабыл алуу боюнча укук жана милдеттерди борбордон башка мекемелерге өткөрүү.

**Секта** – бул адамдардын көбүнчө тар, өтө консервативдик жана экстремисттик көз караштар чөйрөсүндө биригүүсү, жалпы диний багыттан четке чыгуу.

**Аскердик контингент** – бул белгилүү бир аскердик милдетти аткаруу үчүн түзүлгөн кошуундар жана аскердик техникалык комплекс.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. 1990-жылдары Япония экономикасында кандай өзгөрүүлөр болду?
2. Рютаро Хасимото кандай реформаларды жарыялады?
3. XXI кылымда Япониянын туруктуу өнүгүшү кандай факторлорго таянат?
4. Япония тышкы саясатында АКШ жана Кытай менен болгон мамилелери эмне үчүн негизги багыт эсептелет?

## Өз алдынча иш



«Япон экономикалык укмушу» темасында эссе жаз.



Интернетте Японияга виртуалдык саякат уюштур жана заманбап Япониянын өнүгүүсүнүн негизги себептерин дептериңе мамыча түрүндө жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 18-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ТҮШТҮК-ЧЫГЫШ АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИ

Түштүк-Чыгыш Азия (ТЧА) мамлекеттерине өнүгүү даражасы бири-бирине жакын болгон Вьетнам, Камбоджа, Лаос, Мьянма, Таиланд, Малайзия, Бруней, Чыгыш Тимор, Индонезия жана Филиппин кирет. Бул мамлекеттерде жарым миллиарддан ашуун калк жашайт. Өнүгүүнүн социалисттик жолун тандаган Вьетнам, Камбоджа, Лаос 1990-жылдарда өтө оор абалда калды. Алар дүйнөнүн эң жакыр мамлекеттери катарына кирчү. Социалисттик багыттагы бийликчил партиялар башкарууда калган болсо да, алар өз мамлекеттеринде олуттуу реформалар өткөрүүгө мажбур болду.



**Түштүк-Чыгыш Азияда кайсы мамлекеттер Япония моделинин негизинде өнүгүү жолун тандаган?**

**Вьетнам, Камбоджа, Лаос.** 1991-жылы болуп өткөн **Вьетнам** Коммунисттик партиясынын VII съезди реформалар курсун жарыялады. Съезд эркин ишкерликке уруксат берди, дыйкандар узак мөөнөткө жерге ээлик кылуу укугун алды.

Базар реформаларынын натыйжасында туруктуу экономикалык өсүү камсыздалды, XX кылымдын соңку жылдарында бул көрсөткүч жылына 9% ды түздү. Чет эл капиталы ийгиликтүү өздөштүрүлдү, инвестициялардын өсүүсү күзөтүлдү. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын баштарында Вьетнамда чет эл фирмаларынын катышуусунда бир топ долбоорлор ишке ашырылды. Экономикалык ийгиликтер калктын жашоо деңгээлин көтөрүү мүмкүнчүлүгүн берди. Бул болсо көп улуттуу мамлекетте туруктуулуктун гаранты болуп калды.

Вьетнамдын экономикалык ийгиликтери да сезилерлүү болду. Азыр Вьетнам тамак-аш экспорту боюнча Азия мамлекеттеринин ичинде биринчи, шалы экспорту боюнча дүйнөдө мамлекеттер арасында экинчи орунду ээлеп турат.

**Камбоджада** бийликти Жогорку улуттук кеңешке берүү жөнүндө 1991-жылы октябрда аяктаган Париж конференциясында токтом кабыл алынды. БУУнун Камбоджадагы Убактылуу кеңсеси түзүлдү жана ал жалпы шайлоолорго даярдыкты ишке ашырды.

1999-жылы Камбоджа ASEANдын тең укуктуу мүчөсү болду. XXI кылымдын башында Камбоджа оор экономикалык абалда



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

болуп, эл аралык жардамдын эсебине күн кечирчү. Мамлекетте «тирүү товар» соодасы кеңири жайылган болуп, ата-энелер балдарын арзыбаган акчага сатчу. XXI кылымдын башында айрым оң өзгөрүүлөр байкалды. Саламаттыкты сактоо жана билим берүүгө бөлүнгөн каражаттар көбөйтүлдү, мамлекетте жакырчылык даражасын төмөндөтүү иш-чаралары жасалды.




ТЧА мамлекеттери



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Лаосто** 1991-жылы конституция кабыл алынды. Парламент – Улуттук ассамблеянын мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгү күчөдү, Лаос ASEANга мүчө болду.

XXI кылымдын башына келип экономиканын 10%ы гана мамлекетке тиешелүү эле. 1999-жылы мамлекет биринчи жолу өзүн шалы менен камсыздады. Акырындык менен Лаоско чет эл капиталы кайтууда, инфляция төмөндөдү, улуттук валюта – кипанын баасы ашууда. Конституция боюнча мамлекетте бир партиялуу режим өкүм сүргөнүнө карабай, демократиянын элементтери акырындык менен пайда болууда. 2016-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо бир орунга орточо 1,5 талапкер туура келди.

**Чыгыш Азия мамлекеттери.** 1980–1990-жылдар Чыгыш Азия мамлекеттеринин баарында экономикалык өсүүнүн жогору темптери күзөтүлдү. Бул аларга 1990-жылдардын башында эле заманбап дүйнөдө олуттуу таасирге ээ болгон «жаңы индустриалдык мамлекеттер» деп аталуучу топтун катарынан орун алуу мүмкүнчүлүгүн берди.


Махатхир Мухаммад

**Малайзия** өтө тез экономикалык өнүгүү себеп коррупция жана мамлекеттин түндүгүндө ислам фундаменталисттеринин активдешүүсү менен байланыштуу ички саясий кризисти жеңип өттү. 1995-жылы апрелде болгон шайлоолордо доктор Махатхир Мухаммад башчылыгындагы Малайя бириккен улуттук партиясы (МБУП) ишенимдүү жеңишти колго киргизди жана муну менен ислам фундаменталисттеринин бийликке келүүсүнүн алдын алды.

1990-жылдардан Малайзиянын экономикалык өсүү темптери жогору болуп, ал индустриалдык өнүккөн мамлекеттердин катарына умтулууда. XXI кылымдын башына келип мамлекет чийки заттын маанилүү түрлөрүн гана эмес, о.э. өтө чоң көлөмдө өнөр жай азыктарын да экспорттоодо.

Малайзияда мамлекетти өнүктүрүүнүн 2020-жылга чейинки программасы иштеп чыгылган. Ага көрө, 2020-жылга келип, Малайзия индустриалдык өнүккөн мамлекеттер катарынан орун алуусу көздө тутулган.


Жоко Видодо

**Индонезияга** 1990-жылдардагы «Азия кризиси» өтө катуу таасир көрсөттү. Экономикалык өсүү темптери төмөндөп кетти. Бул калктын массалык наразылыгын келтирип чыгарды. Президент Сухарто



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

отставкага чыгууга мажбур болду. Бул мезгилге келип мамлекетти ислам фундаментализми толкуну курчап алды. Мусулмандардын арасында козголоңдор, христиандарды кыруу, мамлекеттин түрдүү аймактарында бөлүп-жаруучулук демонстрациялары башталып кетти.


Филиппиндик Карен Ибаско – «Мисс – 2017» дүйнө сулуусу конкурсунун жеңүүчүсү

2001-жылы мамлекеттин президенти болуп Мегавати Сукарнопутринин шайланышы калк тарабынан жылуу кабыл алынды, рупиянын курсу тез ашып кетти, фонд базары да активдешти. 2014-жылы болуп өткөн кезектеги шайлоолордо Жоко Видодо Индонезиянын президенти болуп шайланды.

**Филиппинде** 1992-жылдагы шайлоолордо генерал Фидель Рамос мамлекеттин президенти болуп шайланды. Ал түштүктөгү мусулман сепаратисттерин жеңүүгө аракеттенди, бирок буга жетише албады.

Филиппинде мусулмандардын бир нече радикалдык уюмдары бар. Алардын башкаруусунда он миңдеген жакшы куралданган, Ооганстан жана Түндүк Кавказда тажрыйба арттырган, Ирак жана Сирияда ИШИМ сабына барып кошулган согушчандар бар.

Ички абалдын оордугуна карабай 1990-жылдары экономикалык өсүүнү тездетүүгө жетишилди. Филиппин электрондук жана химия өнөр жайы азыктарын өндүрүүчү эң ири мамлекеттердин бирине айланды.

2016-жылы майда болуп өткөн шайлоолордо Родриго Роа Дутерте жеңип чыгып, Филиппиндин президенти болду. Ал мамлекетте 2006-жылы бекер кылынган өлүм жазасын кайра киргизүүнүн жактоочусу. 2016-жылы июлда мамлекетте мыйзамсыз маңзат соодасы менен алектенүүчүлөргө каршы кампания башталып, маңзат соодасында шектелген 2 миңден ашуун адам өлтүрүлдү. Маңзат соодасында шектелгендердин сотсуз өлтүрүлүшү дүйнөлүк коомчулукту тынчсыздандырууда.

**Түштүк-Чыгыш Азия аймагындагы «жаңы индустриалдык мамлекеттер».** XX кылымдын экинчи жарымы – XXI кылымдын башында тез модернизациялоону ишке ашырган **Түштүк Корея, Тайвань, Сингапур, Гонконг** өнүгүүнүн жогорку темптерин камсыздап, «Азия жолборстору», «жаңы индустриалдык мамлекеттер» деп атала башталды. Аларда калктын жашоо деңгээли кескин жакшыланды.

Бул мамлекеттерде өнөр жайдын кеме куруучулук, автомобиль куруучулук, мунайды кайра иштетүү тармактары жана жеңил өнөр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жай буюмдары өндүрүшү өнүккөн. Илим талап кылынуучу жогору технологияларды колдонуу, компьютерлештирүү жана роботтоштуруу боюнча жогорудагы мамлекеттер дүйнөдө эң алдыңкылардан эсептелет.

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Вьетнамда 1991-жылы башталган экономикалык реформалар кандай натыйжаларга алып келди?
2. XXI кылымда Камбоджа жана Лаосто кандай өзгөрүүлөр болууда?
3. Чыгыш Азия мамлекеттери өнүгүүнүн кандай даражасында турат?
4. ТЧА аймагындагы «жаңы индустриалдык мамлекеттер»де өнөр жайдын кайсы багыттары өнүккөн?

### Өз алдынча иш



Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринде жасалган реформалар менен эгемендүүлүк жылдарында Өзбекстанда өткөрүлгөн реформаларды салыштыр. Окшош жана айырмалуу жактарын Венн диаграммасында чагылдыр.

## 19-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ИНДИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ

**1990-жылдарда Индия.** Бул доордо Индиянын экономикалык абалы начарлады: дүйнө экономикасында болгон түшкүндүк Индияны да четтеп өтпөдү. Экономикалык өсүү дээрлик токтоду, инфляция күчөдү, ишсиздик ашты. Мамлекетте түрдүү этникалык жана диний топтордун ортосунда карама-каршылык, жалпы чыңалуу абалы күчөп барды. Ошондой абалда 1991-жылы тамил террорчусу тарабынан Индиянын премьер-министри Ражив Ганди өлтүрүлдү.



**Махатма Гандинин ишмердүүлүгү жөнүндө эмнелерди билесиң?**

Бийликке келген Нарасимха Рао өкмөтү базар реформаларынын жаңы баскычын баштады. Мамлекеттик сектор кыскартылып, ири



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Нарасимха Рао

мекемелер менчиктештирилди. Экономикага мамлекеттин кийлигишүүсү андан да азайтылды. Бир топ кескин иш-чаралар да жасалды. Мисалы, рупия девальвацияланды, салык реформасы өткөрүлдү, мамлекеттин валюта кору (запасы) толтурулду.

1990-жылдарда Индия олуттуу ийгиликтерге жетишти. Ошол мезгилде ИДӨ көлөмү бир нече эсе ашты. Өндүрүштүн жогору өсүү темптери камсыздалды. Бул мезгилде Индия өзүнүн алтын-валюта корун көбөйтүүгө умтулду, мунай казып алууну арттырды.

Айыл чарбасы да ийгиликтүү өнүктү. 1992-жылдан Индия дан экспорттоону баштады. Мамлекет көптөгөн, атап айтсак, жогору технология азыктарын да экспорт кылат. Мисалы, жогору сапаттуу компьютер программаларын сатуудан жылына бир нече миллиард доллар пайда алууда. Индия компьютер программаларын жаратуу багытындагы жогору тажрыйбалуу кадрлардын саны боюнча дүйнөдө АКШдан соң экинчи, илимий-техникалык ишчилердин саны боюнча үчүнчү орунда турат.



Атал Бихари Важпаи

**Заманбап Индия.** 1998-жылы мартта болуп өткөн парламенттик шайлоолордо Элдик-демократиялык альянс жеңип, анын жетекчиси Атал Бихари Важпаи премьер-министр кызматын ээледи.

Көптөгөн табигый кыйынчылыктарга, атап айтсак, мамлекеттин батышындагы кургакчылыкка карабай, А.Б.Важпаи өкмөтү өзүнүн бир топ пландарын ишке ашырды. Кашмирдеги мусулман сепаратизмин алсыратуу иш-чаралары жасалды.

2000-жылы мамлекеттин түндүк-батышында үч жаңы штат түзүлдү. Өкмөт мамлекеттин бул аймагын өнүктүрүүгө чоң көңүл бурду, ошол максатта биринчи жолу атайын министрлик түзүлдү.

А.Б.Важпаи өкмөтү добуш берүүнүн дагы да эркиндигин, шайлоо алды кампаниясында финансылык каражаттардын ашкерелигин камсыздоо максатында бир топ шайлоо реформаларын жасады.




**1991-жылы тамил террорчусу тарабынан Индиянын премьер-министри Ражив Ганди өлтүрүлдү.**

**2000-жылы мамлекеттин түндүк-батышында үч жаңы штат түзүлдү.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Индия Республикасы

Экономикалык багытта А.Б.Важпаи кабинети айыл-чарба ишине өкмөттүн түздөн-түз кийлигишүүсүн кыскартуу чараларын көрдү. Ал көптөгөн багыттарда мамлекет монополиясын жойду, ишкерлер жана фирмалардын ишмердүүлүгүнүн үстүнөн көзөмөлдү азайтты, салыктарды төмөндөттү. Өкмөт туруктуу экономикалык өсүүнү, Индия өнөр жайынын атаандаштыкка туруктуулугун, компьютер технологиялары, транспорт жана байланыш тармактарынын өнүгүүсүн камсыздады. Бирок экономиканын андан да либералдашуусу айрыкча жаштардын арасында ишсиздиктин өсүүсүнө, жакырлык көйгөйүнүн тереңдөөсүнө алып келди. Натыйжада 2004-жылы майда болуп өткөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

шайлоолордо Индия улуттук конгресси (ИУК) солчулдар менен шериктештикте жеңип чыкты.

Өкмөттү Манмохан Сингх башкарды. Жаңы өкмөт майда өндүрүүчүлөрдү колдоп-кубаттоого, ишсиздикти азайтууга, калктын аз камсыздалган бөлүгүн тамак-аш менен камсыздоону жакшыртууга, жакырлардын санын азайтууга, адамдын кызыкчылыктары жолунда экономикалык реформалар өткөрүүгө убада берди.

Индия – XXI кылымда дүйнөнүн экономикалык жетекчилеринен бирине айланууга умтулуп жаткан мамлекет. 2006-жылы жарыяланган Дүйнө банкынын прогноздоруна караганда, 2025-жылга келип, Индиянын экономикасы дүйнөдө Кытай жана АКШдан соң үчүнчү орунга чыгуусу мүмкүн. Индия азыртадан эле туруктуу экономикалык өсүүнү камсыздоо, жогору кошумча мааниге ээ болгон секторду өнүктүрүү, о.э., билим берүү жана саламаттыкты сактоо системасын өркүндөтүү жолунан барууда. 2014-жылы Индиянын премьер-министри болгон Нарендра Моди да реформалар саясатын улантууда.


Нарендра Моди

Индиянын ички жана тышкы саясатынын калыптануусуна, XXI кылымда анын экономикалык жогорулашына таасир көрсөткөн жана көрсөтүп жаткан чечүүчү фактор мамлекеттин демократиялык жолдон өнүгүшү болду. Анда бийликтин башкаруучу органдарында коомдун түрдүү катмарларынын өкүлдөрүнүн катышуусу үчүн мүмкүнчүлүк жаратылды.

Индияда социалдык-экономикалык өнүгүүнүн кыйла жогору темптери калктын чоң бөлүгүнүн жашоо деңгээлин жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн берди, бул индия коому жана мамлекети жетишкен эң чоң ийгилик болуп эсептелет.



**1991-жылы ...** **1998-жылы мартта ...**
**Демографиялык көйгөй ...**
**Заманбап Индиянын көйгөйлөрү ...**

Ошого карабай, кең көлөмдүү социалдык көйгөйлөр мамлекеттин үзгүлтүксүз өнүгүшүнө тоскоол болуп турат. Алардан эң негизгиси демографиялык көйгөй. 2017-жылдын аягына келип, Индияда калктын саны 1 млрд 350 млн кишиден ашып кетти. Мамлекетте 400 млн кедейлер бар, калктын дээрлик 1/3 бөлүгү сабатсыз. О.э., Индия көп этностуу, көп тилдүү, калкы эң тез



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көбөйүп жаткан мамлекет болгондуктан, этникалык көйгөйлөр туруктуу сакталып калууда. Алар, мисалы, Панжабда сикхтер, Ассамда бенгалдар, Түштүк Индияда тамилдер, Кашмир көйгөйү сыяктуулардан турат. Булардан тышкары, диний көйгөйлөр да бар. Мисалы, азыр Индиядагы мусулмандардын саны 160 млн кишиден ашып кеткен. Алардын индилер менен мамилесинде келишпестиктер бар. Жакырчылыкты жоюу, ишсиздик даражасын төмөндөтүү жана калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу да алигече мамлекет жана коомдун эң олуттуу көйгөйү болуп калууда.

Ушул кыйынчылыктарга карабай, Индия демократиялык өнүгүү жолунан тез баруда. Бул мамлекеттин жаңы доор чакырыктарына татыктуу жооп берүүсү үчүн күчтүү негиз эсептелет.

Тышкы саясатта Индиянын башкы максаты дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттеринен бирине айлануу болуп эсептелет. Экономиканы тез өнүктүрүүнүн негизинде мамлекеттин экономикалык жана саясий кудуретин арттыруу, ядро куралына жана заманбап техникага ээ болгон күчтүү армияны жаратуу ошол максатка каратылган эле. Индия БУУ Коопсуздук Кеңешинин туруктуу мүчөсү болуу үчүн тынымсыз аракет кылып келүүдө.

XXI кылымда да Индиянын тышкы саясаты салттуу багытта уланууда. Бул саясаттын негизин коомдо демократиялык баалуулуктар үстөм болгон жагдайда мамлекеттин тышкы коопсуздугун камсыздоо курсун түзүп, бул курс коомдун чоң бөлүгү тарабынан колдоп-кубатталууда.



**Девальвация** – бул конкреттүү эл аралык валютага салыштырмалуу улуттук валютанын расмий курсун төмөндөтүү.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Нарасимха Рао өкмөтү ишке ашырган реформалардын натыйжасында Индия 1990-жылдары кандай ийгиликтерге жетишти?
2. А.Б.Важпаи өкмөтү кандай маанилүү иш-чараларды жасады?
3. Индия XXI кылымда кандай ийгиликтерге жетишүүнү максат кылып өнүгүүдө?
4. XXI кылымда индия коомунун алдында кандай олуттуу көйгөйлөр турат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өз алдынча иш**



Картадан 1991–2017-жылдарда Индия тарыхында негизги орунду ээлеген штаттарды тап жана түшүндүрмө бер.

## 20-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ

**XX кылымдын 90-жылдары – XXI кылымдын баштарында Түркиянын саясий өнүгүшү.** XX кылымдын 80-жылдарынын аягы – 90-жылдарынын баштарында дүйнөдө болуп жаткан саясий өзгөрүүлөр Түркияга да өз таасирин көрсөттү. 1989-жылы атактуу реформачы Тургут Озал Түркия Республикасынын президенти болуп шайланды. Шайлоо жөнүндө жаңы мыйзам кабыл алынып, саясий партиялар үчүн бир топ жеңилдиктер түзүлдү.

Бирок бул жеңилдиктерден биринчи кезекте түрдүү ислам дини жактоочуларынын партиялары натыйжалуу пайдаланды. М.К.Ататүрк доорунан бери Түркия Республикасынын дүйнөлүк өнүгүү жолунан баруусуна өзүн жооптуу эсептеп келе жаткан армия башчыларынын эскертүүсүнө карабай, коомдо исламдык партиялардын таасири ашып барды. Ошондой шартта 1993-жылы Т.Озал каза болду. Түркиянын президенти болуп Сулайман Демирел шайланды.



**Түркия тарыхында Мустафа Кемал Ататүрктүн кызматтары эмнелерден турат?**

1995-жылдын аягында кезексиз парламенттик шайлоолор болуп өттү. Шайлоо коомдо ислам дининин таасири өскөндүгүн дагы бир жолу көрсөттү. Ислам дини жактоочуларынын Нажмиддин Эрбакан башчылыгындагы «Рефах» (Бейпилдик) партиясы бардыгынан көп добуш алды.

Ошол доордо күрддөр көйгөйү да олуттуу болду. Өкмөттүн саясатынан наразы болгон Абдулла Ожалон башчылыгындагы Күрд ишчилер партиясы өкмөткө каршы согуш жарыялады. Көзгө көрүнгөн саясатчыларга карата террордук актылар жасалды. А.Ожалон камакка алынгандан соң гана Күрд ишчилер партиясы согуштук аракеттерди токтотууга, көйгөйлөрдү тынч жол менен чечүүгө макул болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мамлекетте ислам дини жактоочуларынын беделинин артышы уланды, алар жергиликтүү бийлик органдарында барган сайын көп орундарды ээледи, мунун үстүнө өкмөттү да башкарды. Көпчүлүктүн оюу боюнча, кезектеги шайлоолордо ислам дини жактоочулары толук жеңишке жетиши керек эле. Мындан наараазы болгон армия жетекчилиги президент С. Демирелди бир нече жолу эскертти.




**1993-жылы Т. Озал каза болгондон соң Сулайман Демирел Түркиянын президенти болуп шайланды.**

**2000-жылдарда да аскерлер менен ислам консерваторлорунун ортосундагы мамиле Түркия үчүн негизги көйгөй болуп калды.**

2000-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо Демократиялык солчул партия жеңди. Мамлекетте ислам дининин жактоочуларына карата туруктуу позиция сакталып турду. Түркия прокуратурасы «Нурчулар» уюмун конституцияга каршы деп таанды. Бул уюм жана «Хизбуллах» партиясынын түрк филиалынын ишине тыюу салынды. Армиянын баш штабынын башчысы эгерде ислам консерваторлору бийликке келсе, аскерлер конституцияны коргоого даярдыгы жөнүндө дагы бир жолу эскертти. Ошого карабай, 2002-жылдагы шайлоолордо ислам дини жактоочуларынын Р. Эрдоган башчылыгындагы Адилеттик жана өнүгүү партиясы (АӨР) парламенттик шайлоолордо жеңди. Р. Эрдоган соттун өкүмүнө ылайык саясий кызматтарды ээлөө укугунан ажыратылгандыгы үчүн премьер-министрлик кызматын Абдуллах Гүл ээледи.

Армия сергек болуп турду. Аскерлер абалды кунт менен күзөтүп барды жана зарыл болгондо аралашууга даяр эле. 2003-жылы Р.Эрдоган Түркиянын премьер-министри кызматын ээледи.

**Экономикалык өнүгүү.** Түркияда экономикалык реформалар 1990-жылдарда да улантылды. ИДӨнүн жылдык өсүүсү кыйла жогору болуп, 1990-жылдардын аягында экспорттун негизги бөлүгүн өнөр жай азыктары түздү. Жогору сапаттуу азык өндүрүүчү өтө көптөгөн менчик мекемелер пайда болду. Түркиянын валюта кору көбөйүп, ИДӨ жан башына 3 миң доллардан ашып кетти. Түркия дүйнө базарына атаандаштыкка туруктуу азык жеткирип берүүчү жогорку даражада өнүккөн мамлекетке айланды. ХХ кылымдын аягына келип Түркиянын негизги өнөр жай азыктары Европа мамлекеттеринин ошондой азыктары менен кеңири атаандаша алат эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түркиянын өтө чоң көйгөйү мамлекеттин бардык тармактарын чырмап алган коррупция болуп калды. Бул маселеде 2000-жылдардын башында президент менен премьер-министрдин ортосунда ажыралуу болгондон соң, финансылык кризис болду: мамлекеттен инвестициялар кете баштады. Түркия Борбордук банкы аралашууга мажбур болду, бул болсо запастагы чет эл валютасынын кескин азайышына алып келди. Натыйжада эркин коюп жиберилген лира кокусунан кескин кунун жоготту. Бирок кризистер Түркиянын соңку жылдардагы экономикалык ийгиликтерин жокко чыгара албады. Түркия бүгүн дүйнөнүн эң тез өнүгүп жаткан мамлекеттеринен бири болуп, G-20 клубунун мүчөсү эсептелет.




Түркия Республикасы

**XXI кылымда Түркия.** 2000-жылдарда да аскерлер менен ислам дини жактоочуларынын ортосундагы мамиле Түркия үчүн негизги көйгөй болуп калды. 2007-жылы ашынган улутчул «Эргенекон» жашыруун уюмунун ишмердүүлүгү менен байланыштуу тергөө жана камакка алуулар башталды. Түркия соту отставкадагы үч генералды мамлекет төңкөрүшүн ишке ашырууга аракеттенүүдө айыптуу деп тапты жана 20 жылдан камак жазасына өкүм кылды. Түрдүү мөөнөткө камалгандардын арасында жазуучулар, журналисттер, профессорлор жана парламент депутаттары да бар эле. Бул уюм мүчөлөрү Режеп Таййип



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эрдогандын өкмөтүн оодарып таштоого даярдык көрүүдө айыпталды. Уюм мүчөлөрү жана аларга кайдыгер эмес айрым журналисттердин оюнча, бул сот жараяны мамлекетте өз беделин чыңдоого умтулуп жаткан өкмөт тарабынан уюштурулган жалаа болчу.

Ошол мезгилден Түркия Сириядагы окуяларга активдүү аралаша баштады. Сирия менен чектеш Диярбакир авиабазасына F–16 кыруучу самолёттор жайгаштырылды. НАТО да Түркияны колдоого даярдыгын билдирди.

2014-жылы болуп өткөн президенттик шайлоолордо Р.Эрдоган Түркия Республикасынын президенти болуп шайланды. Бул Түркияда президент түздөн-түз эл тарабынан шайланган биринчи шайлоо эле. Мурда президент парламент тарабынан шайланган. Референдумда калк президенттин эл тарабынан түздөн-түз шайланышы үчүн добуш бергенден соң 2012-жылы бул жөнүндө мыйзам кабыл алынды.

2015-жылдын экинчи жарымында Сирияда ИШИМге каршы антитеррордук операцияда катышып жаткан Россиянын Су – 24 аскердик самолёту Түркия тарабынан атып түшүрүлдү. Бул эки мамлекеттин ортосундагы мамилелерди татаалдаштырды, Россия Түркияга каршы экономикалык санкциялар жарыялады.



**2015-жылдын экинчи жарымында ...**
**2014-жылы ...**
**Р.Эрдогандын доору ...**

2016-жылы Түркия аскерлери кезектеги мамлекет төңкөрүшүн ишке ашырууга урунуп көрдү. Бир топ аскердик бөлүктөр Анкара, Стамбул, Мармарис, Коня жана Малате шаарларында стратегиялык маанилүү объекттерди өз көзөмөлүнө алууга умтулду. Стамбул шаарындагы президенттин резиденциясы самолёттордон бомбаланды. Ошол учурда козголоңчулар Стамбул жана мамлекеттин борбору Анкара шаарларындагы эл аралык аэропортторду өз көзөмөлүнө алды. Р.Эрдоган козголоңчулар ээлөөгө үлгүрбөгөн телеканал аркылуу элге кайрылуу жасады. Калк президентти колдоп шаарларда демонстрацияга чыкты. Төңкөрүшкө аракеттенүү дүйнө коомчулугу тарабынан да каралanды.

Козголоң бастырылды. 60 миңден ашык киши, негизинен армия офицерлери камакка алынды. Түркия армиясында, мамлекет аппаратында тазалоо өткөрүлдү. Оппозицияга тиешеси бар деп эсептелген ондогон газеталар, телеканалдар жабылды. 2017-жылы апрелде референдум өткөрүлүп, анын натыйжаларына көрө, Түркияда президенттик башкаруу киргизилди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аскердик төңкөрүшкө урунуудан соң оппозицияга каршы кескин аракеттери үчүн АКШ жана ЕБ тарабынан сынга туш болгон Түркия өкмөтү Россия менен жакындашуу жолун тутту. Түркия президенти Р. Эрдоган Россия президенти В. Путин менен бир нече жолу жолугуп, эки мамлекеттин ортосунда үзүлүп калган соода, экономикалык жана гуманитардык мамилелерди тикелөөгө келишип алды. 2017-жылы ноябрда Россиянын Сочи шаарында В. Путин, Р. Эрдоган жана Иран президенти Х. Роуханий ортосунда сүйлөшүүлөр өткөрүлүп, анда террорчулукка каршы шериктештикте күрөшүүгө, Сирияда тынчтык орнотууга чечим кабыл алынды.

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. 1990-жылдардын аягы – 2000-жылдары Түркиядагы саясий жараяндардын өзүнө мүнөздүү жагы эмнелерден турат?
2. Түркиядагы саясий жараяндарда ислам фактору кандай роль ойнойт?
3. Түркиянын экономикалык өнүгүүсүндө кандай көйгөйлөр бар?
4. Жакынкы Чыгыштагы окуялар Түркиянын тышкы саясатында кандай роль ойноодо?

### Өз алдынча иш

Эгемендүүлүк жылдарында Өзбекстан Республикасы менен Түркиянын ортосундагы мамилелердин хронологиясын түз.

## 21-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ИРАН ИСЛАМ РЕСПУБЛИКАСЫ

**XX кылымдын аягында Иран.** XX кылымдын экинчи жарымы Иран коомунда социалдык-экономикалык жана саясий туруксуздук доору болду. Бирок дал ошол мезгилде мамлекет үчүн эң маанилүү окуялар болуп, алар белгилүү бир мааниде заманбап Ирандын өнүгүү жолун белгилеп берди.

**Ирандын тарыхында «Ак революция» кандай натыйжалар менен аяктады?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошол доордо Иран Ислам Республикасында маанилүү саясий жараяндар болуп, дүйнө тарыхында алгачкы жолу революциялык ислам XX кылымда бүткүл ислам цивилизациясы алдында турган көйгөйлөрдү чечүүнүн каражатына айланды. Ислам дини Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африкада өтө кудуреттүү социалдык-саясий күч катары майданга чыкты жана ошол аймактарда Батыш баалуулуктарынын жайылтылышына активдүү каршы турду.

1990-жылдардын башында Ирандын экономикасы да турукташып, ИДӨнүн тез өсүүсүнө алып келди. Ислам радикализми да бир аз басаңдады. Иран дүйнөлүк спорт жана маданият майданына кайтты. 1999-жылы Ирандын «Асман балдары» фильми АКШда «Оскар» сыйлыгына сунушталды. Мамлекетте чет эл музыкасы жана интернет-кафелерге уруксат берилди. Аялдар да активдүү социалдык жашоого кайтты.

Иран эл аралык жекеленүүдөн кутулуу үчүн реформалар өткөрүүгө мажбур болду. 1997-жылы реформачыл позицияларды колдоп-кубаттоочу М.Хотамий президент болуп шайланды. Ал Иранда демократиялык жана толеранттуу коом курууга каратылган реформалардын башталгандыгын, о.э., Батыш мамлекеттери менен мамиледе оң өзгөрүүлөр болушун жарыялады. Бирок реформаларды ишке ашырууда Мухаммад Хотамий консерваторлордун кескин каршылыгына туш келди.


Махмуд Ахмадинажод

**Заманбап Иран.** 2001-жылы 11-сентябрда Нью-Йоркто ишке ашырылган террордук актыдан соң АКШ Иранды «эл аралык терроризмдин шериги» деп атады. Бул кара тамгадан кутулуу үчүн Иран кыйла иш жасады. «Хизбуллахтын» башчылары Ирандан кууп чыгарылды, Судан, Ливия, Босниядагы ирандык диний кеңешчилер чакырып алынды. Бирок, ошого карабай, АКШ Иранды жашыруун түрдө ядро куралын жаратуу үстүндө иш алып бара жаткандыкта айыптады. 2002-жылы АКШ президенти Ж.Буш Иранды «караөзгөйлүктүн таянычы» мамлекеттери катарына кошуп, терроризмди каржылоодо айыптады. АКШ Иранды эл аралык изоляциялоого аракеттенди. Бирок бул аракет Франция, Германия, Улуу Британия тарабынан колдоого алынбады жана Иранга аскердик техника жеткирип берип жаткан жана атом электростанциясын куруп жаткан Россиянын каршылыгына учурады.

2005-жылы ультраконсерватор Махмуд Ахмадинажоддун президент болуп шайланышы Иранда реформалардын жүрүшүн, мамлекеттин дүйнөлүк коомчулукка кайтуусун бир аз басаңдатты. М.Ахмадинажод өзүнөн алдыңкы президенттердин бир топ либералдуу реформаларын токтотуп койду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Хумайний каза болгондон соң Иранда сакталып калган теократиялык режим дагы да күчөдү. Ислам укугуна (шариятка) негизделген мыйзамдар инсан укуктары боюнча катар көйгөйлөрдү пайда кылды. Мисалы, ошол мезгилде Иран өлүм жазасын ишке ашыруу боюнча дүйнөдө экинчи орунда (Кытайдан соң) турчу. 2006-жылы мамлекетте эки жүздөн ашык киши, атап айтсак, эрезеге жетпеген жети бала өлтүрүлдү. Тышкы саясатта М. Ахмадинажод консервативдүү көз караштарды карманды. Ал Ж. Буштун аппаратын кескин сындады, Ирандын араб мамлекеттери жана Россия менен шериктештигин күчөтүүнүн жактоочусу болду.




Иран Ислам Республикасы




**1997-жылы Иранда реформачылык караштарын колдоп-кубаттоочу М. Хотамий президент болуп шайланды.**

**2002-жылы АКШ президенти Ж.Буш Иранды «караөзгөйлүктүн таянычы» мамлекеттери катарына кошуп, терроризмди каржылоодо айыптады.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Ирандык спортчу кыздар

2009-жылы кезектеги президенттик шайлоолор болуп өттү. Анда учурдагы президенттен сырткары дагы үч талапкер катышты. Негизги күрөш консерватор-президент М. Ахмадинажод менен реформалар убада кылып жаткан Мир-Хусейн Мусавийдин ортосунда болду. Бирок 1-турда эле М. Ахмадинажод жеңди.

Оппозиция шайлоолордун натыйжасын тан албады. Тегеран жана башка бир топ шаарларда демонстрациялар жана полиция менен кагылышуулар болуп өттү. Айрым оппозициялык партиялардын мүчөлөрү камакка алынды.

Бар көйгөйлөргө карабай, XXI кылымда Иран жакырчылык, сабатсыздык жана түркөйлүк сазына баткан мамлекетке таптакыр окшобойт. Заманбап Иран – Орто Чыгыштын эң ири экономикасына ээ болгон индустриалдык мамлекет. Ал 2009-жылы Семнондогу космодромдон Сафир – 2 ракетасынын жардамында өзүнүн «Үмүт» аттуу жасалма жолдошун космоско чыгарып, космосту өздөштүрүп жаткан мамлекеттер катарынан орун ээледи.

Иранда билим жана илим өнүккөн, урбанизация даражасы 70 % га жакындашууда, саламаттыкты сактоо жана социалдык камсыздоо режими жакшы жолго коюлган. Иран жаштар мамлекети, калкынын жарымын 30 жаштан кичүү жаштар түзөт. Ирандын заманбап көйгөйлөрү ичинде эң олуттуулары ишсиздик жана инфляция даражасынын жогорулугу болуп келүүдө.



**Толеранттык** – бул башкача дүйнөкараш, жашоо мүнөзү, кулк-мүнөз, ахлак жана үрп-адаттарга салыштырмалуу сабыр-такааттуу болуу.

**Изоляция** – эл аралык коомчулуктан ажыратып коюу, жекелөө.

**Ультраконсерватор** – бул кескин консервативдүү көз караштарга ээ болгон фанат адам.

2013-жылы июнда болуп өткөн президенттик шайлоолордо Хасан Роуханийдин жеңиши Иранда болуп жаткан терең өзгөрүүлөрдү туюнтат. Ирандын дүйнө коомчулугуна толук кандуу интеграциялашуусуна тоскоол болуп турган ядро программасы да он жылдан ашык уланган сүйлөшүүлөрдөн соң 2015-жылы июлда Иран менен алты мамлекет (АКШ, Россия, Кытай, Улуу Британия,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Хасан Роуханий

Франция, Германия) өкүлдөрү тарабынан кол коюлган келишим аркылуу чечилди. Иран 15 жыл ичинде байытылган уран иштеп чыгарбай турган, мунун акысына Батыш мамлекеттери 2015-жылдын аягынан баштап ага каршы колдонулган санкцияларды баскычма-баскыч бекер кыла турган болду. Ошондой шартта, 2016-жылы февралда Иранда парламент шайлоолору болуп өттү. Шайлоолордо реформачылар коалициясы консерваторлордон көбүрөөк добуш алды. Бул мамлекеттеги оң өзгөрүүлөр үчүн жакшы негиз болуп, президент Хасан Роуханий аброюнун жогорулугун көрсөттү.

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Президент М. Хотамий демократиялык реформаларды өткөрүүдө кандай каршылыктарга учурады?
2. 2001-жылы 11-сентябрдан соң Иран менен АКШнын мамилелеринде көйгөйлөрдүн күчөшүнө эмнелер себеп болду?
3. М. Ахмадинажоддун ультраконсервативдик саясаты Иран коомунда кандай көйгөйлөрдү келтирип чыгарды?
4. Заманбап Ирандын ийгилик жана көйгөйлөрү жөнүндө айтып бер.

### Өз алдынча иш



Темага тиешелүү негизги түшүнүктөрдү сөздүк жардамында котор жана дептериңе жаз.

## 22-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ПАКИСТАН ЖАНА ООГАНСТАН

**Пакистан.** 1990-жылдары Пакистанда кызуу саясий жараяндар жана бийликтин жогору тепкичинде коррупция менен байланыштуу жаңжалдар уланды. Беназир Бхутто өкмөтү отставкага чыгарылгандан соң 1990-жылы өткөрүлгөн шайлоолордо жеңип чыккан Мусулман лигасы партиясынын башчысы Наваз Шариф бийликти башкарды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Беназир Бхутто

Бирок 1993-жылы президент Гулам Исхакхан жаңы өкмөттү да коррупция жана тууган-урукчулукта айыптап, отставкага чыгарды. Ошол жылы болуп өткөн шайлоолордо жеңип чыккан Б.Бхутто дагы премьер-министр кызматын ээледи. Бирок 1996-жылы президент Сардар Фаррук Ахмадхан Легарий Улуттук ассамблеяны таратып жиберди жана Б.Бхутто өкмөтүн дагы отставкага жөнөттү. Өткөрүлгөн парламенттик шайлоолордо Пакистан эл партиясы (ПЭП) какшаткыч жеңилүүгө учурады.



**Пакистандын тарыхында 1977-жылда кандай окуя болгон?**


Парвез Мушарраф

1999-жылы күздө Пакистанда дагы аскердик төңкөрүш ишке ашырылып, бийликке генерал Парвез Мушарраф башчылыгындагы аскердик командалык келди. 2001-жылы 11-сентябрда Нью-Йоркто болгон террордук актыдан соң Пакистан террорчулукка каршы АКШ башчылыгында түзүлгөн коалицияга кошулду. Бирок көптөгөн пакистандыктардын оюнда АКШ террорчуларга эмес, мусулмандарга каршы күрөшкө киришти. АКШ менен жакындашуу курсун тандаган П.Мушаррафка каршы кутумдар уюштурулду. Ал кылмыштарда террорчуларды айыптады жана мамлекетти алардан тазалоого убада берди. 2003 – 2005-жылдары Пакистан армиясы АКШ жардамында коңшу Ооганстан аймагында аскердик операциялар алып барды. Ал эми ислам фундаменталисттери болсо П.Мушаррафты душман деп жарыялап, аны кулатып таштоого убада берди. Көпчүлүктүн оюнча, П.Мушарраф мамлекетте абалды турукташтырууга жетише албады жана отставкага чыгууга мажбур болду. 2008-жылдагы шайлоолордо ПЭП теңтөрагасы Асиф Али Зардарий президент болуп шайланды. 2013-жылдагы парламенттик шайлоолордон соң Мухаммад Наваз Шариф премьер-министр кызматын ээледи.

Пакистан өнүгүп жаткан агрардык-индустриалдык мамлекет. Ал БРИКС мамлекеттери менен бир топто, XXI кылымда дүйнөнүн эң ири экономикаларынан бирине айлануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон он бир мамлекеттин катарына кирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Наваз Шариф

Азыр калктын басымдуу бөлүгү айыл чарбасы менен алектенет. Экспорттоло турган негизги азыктарга токуучулук, тери азыктары, спорт буюмдары, химиялык заттар жана килемдер кирет.

Өнөр жайдын кайра иштетүү, мунай, тоо-кен тармактары өнүгүп жатат. ШКУнун 2016-жылы Ташкентте болуп өткөн саммитинде Пакистанды уюмга кабыл алуу тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндөгү документке кол коюлду.

**Ооганстан.** СССР тарап кеткенден соң Ооганстанда абал кыйла оорлошту. 1992-жылы апрелде Кабул шаарына моджахеддердин отряддары кирип келди. Ооганстан президенти Мухаммад Нажибулла качууга үлгүрбөдү. Моджахеддер аны кармап алып, дарга асышты.



**Совет өкмөтүнө кайрылып, Ооганстанга совет кошуундары киргизилишин сураган ким эле?**

Ооганстанда бийликти Жихад кеңеши деп аталган топ өз колуна алды. Мамлекеттин аты Ооганстан Ислам Республикасы деп өзгөртүлдү, бардык мыйзамдар бекер кылынып, шарият эрежелери киргизилди. Бирок моджахеддер ортосунда башталган келишпестик жаңы согуш аракеттерине алып келди, миңдеген адамдар курман болду, элчикана жана эл аралык миссиялар Ооганстандан чыгып кетти. 1994-жылы жаңжалга жаңы саясий күч – ислам фундаменталисттеринин талибандар кыймылы кошулду. Алардын жетекчиси молдо Умар Ооганстанда жарандар согушун бүтүрүп, исламдык тартип орнотулаарын жарыялады. Алар 1996-жылы сентябрда Кабулду ээлеп, мамлекетти «Ооганстан Ислам амирлиги» деп жарыялады.

Талибандар Ооганстанда туруктуу исламдык тартиптерди орното баштады. Ошол учурда бул жерде ар түрдүү террорчулар түнөк тапты. Талибандар режими менен кышматташтыкты жолго койгон эл аралык террорчу Усама бин Ладен да Ооганстанга келди. Ал террорчуларды даярдоо үчүн аскердик базалар жана лагерлер режимин түздү. Талибандар режими Усама бин Ладенди эл аралык сотко тапшыруудан баш таркандан соң БУУ Коопсуздук Кеңеши (КК) Ооганстанга каршы экономикалык санкциялар жарыялады.

Эл аралык коомчулук тарабынан тан алынуусунан үмүтүн үзгөн молдо Умар исламга чейин болгон бардык ынаным объекттерин,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тарыхый эстеликтерди жок кылууга буйрук берди. V кылымга таандык эки баалуу эстелик – аскага оюп тартылган Будданын чоң айкелдери жок кылынды. Мусулман болбогон калктын өз кийимине сары белги тагып жүрүшү жөнүндө кабыл алынган декрет дүйнөлүк коомчулуктун кыжырын кайнатты. БУУ КК талибандар өкмөтүнө каршы санкцияларды күчөтүү жөнүндө жаңы резолюция кабыл алды.




Пакистан жана Ооганстан

2001-жылы 11-сентябрда Нью-Йоркто уюштурулган террордук актылар үчүн жоопкерчиликти АКШ бийлиги «Ал-Каида» уюму менен Усама бин Ладенге жүктөдү жана террорчулардын базаларын бомбалады. Талибан кошуундарына каршы күчтөрдүн ийгиликтүү чабуулдарынан соң талибандар өкмөтү оодарылып, мамлекетке эл аралык аскердик күчтөр жайгаштырылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**1994-жылы ...**
**1996-жылы сентябрда ...**
**V кылымга таандык ...**

2002-жылы июнда болуп өткөн жалпы ооган Лойя Жыргасында Хамид Карзай Оогандстандын президенти болуп шайланды. Ооганстанга 5 млрд доллар эл аралык жардам ажыратылды. Бирок мамлекеттин ичинде террордук аракеттер уланды.

2003-жылы Оогандстандын жаңы конституциясы кабыл алынды. Мамлекет «Ооганстан Ислам Республикасы» атын алды. Жаңы конституция мамлекетте президенттик башкарууну орнотту, эки палаталуу парламент, көз карандысыз сот режиминин түзүлүшүн көздө тутту, о.э., жарандардын демократиялык укук жана эркиндиктерин жарыялады. Конституция чакан улуттардын укуктарын кепилдикке алды, жалпынын, атап айтканда, эркек жана аялдардын мыйзам алдында теңдигин жана ынаным эркиндигин орнотту.


Хамид Карзай

Конституция шайлоолор жана саясий партиялар түзүү үчүн жол ачып берди. 2004-жылы болуп өткөн президенттик шайлоолордо Хамид Карзай Оогандстандын президенти болуп шайланды.

2005-жылы сентябрда өткөрүлгөн парламенттик шайлоолордо ислам дининин жактоочулары болгон партиялар чоң таасирге ээ болду жана жалпысынан парламент оппозициялык маанайда эле. Ошол маалда мамлекеттин негизги көйгөйлөрүнөн бири маңзат соодасы менен байланыштуу эле. БУУ маалыматына ылайык, 2005-жылы дүйнөдөгү маңзат соодасынын 87%ы Ооганстанга туура келет. 2007-жылдан маңзат соодасы азайып барды, бирок 2017-жылы дагы кескин өстү.


1970-жылдардагы жана азыркы ооган жаштары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**2001-жылы 11-сентябрда Нью-Йоркто уюштурулган террорчулук актылары үчүн жоопкерчиликти АКШ өкмөтү «Ал-Каида» уюму менен Усама бин Ладенге жүктөдү.**

**2002-жылы июнда болуп өткөн жалпы ооган Лойя Жыргасында Хамид Карзай Ооганстандын президенти болуп шайланды.**


Мухаммад Ашраф Гани

Х. Карзай өкмөтүнүн алдында турган көйгөйлөрдү чечүүгө алсыздыгы дүйнөлүк коомчулукту Ооганстанга жардамды күчөтүүгө, мамлекетти тикелөөгө активдүү катышууга үндөдү. О.э., билим берүү системасын кеңейтүү, социалдык маселелерди чечүү жана жакырлыкка каршы күрөш, транспорт жана энергетика инфраструктурасын модернизациялоо пландаштырылды.

2014-жылы болуп өткөн президенттик шайлоолордун экинчи турунда Мухаммад Ашраф Гани Ооганстандын президенти, Абдулла Абдулла болсо өкмөттүн төрагасы кызматтарын ээледи.

Бирок Ооганстанда алигече туруктуу тынчтык орнотулган жок. 2016 – 2017-жылдары бир топ террордук аракеттери жасалып, натыйжада ондогон адамдар курман болду, жүздөгөн адамдар жабыркады. Ооганстандын мурдагы президенти Хамид Карзай доклад жасап, мамлекеттеги туруксуз кырдаалдын себеби катары аймакта АКШ жүргүзүп жаткан саясатты көрсөттү жана АКШ өкмөтүн өз каталарын тан алууга чакырды.



**Лойя жыргасы** – бул ооган уруулары тарабынан шайлана турган жалпы ооган аксакалдар кеңеши.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Пакистанда П. Мушаррафтын кандай саясаты анын отставкасына себеп болду?
2. Пакистанда экономиканын кайсы тармактары жакшы өнүккөн?
3. СССР тарап кеткенден соң Ооганстанда кандай саясий кырдаал пайда болду?
4. Заманбап Ооганстандын негизги көйгөйлөрү эмнелерден турат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Өз алдынча иш



Ооганстандын саясий картасы менен тааныш жана тарыхый окуялар менен байланыштырып түшүндүрмө жаз.



Теманын текстин окуу жараянында тааныш эмес болгон сөздөрдү дептериңе жаз жана сөздүктөрдүн жардамында түшүнүктөрдү талда.

## 23-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА СИРИЯ ЖАНА ИРАК

**Сирия.** 1943-жылы Сирия өз эгемендүүлүгүн жарыялады. Бүгүн ал ушул кыска тарых ичиндеги эң терең саясий кризисти башынан өткөрүп жатат.



**Байыркы доордо Сирия жана Египетте кандай мамлекеттер болгон?**



Башар Асад

1970-жылы аскердик төңкөрүш аркылуу бийликке келген Хафиз Асад Сирияны 2000-жылга чейин башкарды. Ушул мезгил аралыгында мамлекет чоң өнүгүү жолун басып өттү. Мунай жана газ корлору ишке түшүрүлдү, өнөр жай жана айыл чарбасы өнүктү, калктын саны көбөйүп, жашоо деңгээли жакшырды. Бирок 1990-жылдарда экономикада токтолуу башталды. Мунун себептери ошол мезгилде болгон социалисттик режимдин кризисинен сырткары Сириянын жаңы тарыхындагы эң апааттуу кургакчылык менен да байланыштуу эле.

Ушундай шартта 2000-жылы Х. Асад каза болду. Мамлекетте өткөрүлгөн референдумдун натыйжасында бийликке Х.Асаддын уулу Башар Асад келди.

Б. Асад атасынан айырмаланып тышкы саясатта «жумшак» курс алып барды. Израиль менен Жолан дөңсөөлөрү маселесинде



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сүйлөшүүлөрдү кайра орнотту. 30 жылдан бери Ливанда турган Сирия кошуундарын ал жерден алып чыкты. Ирактын диктатору Саддам Хусейн менен жарашты.

Ички саясатта саясий партиялардын ишине уруксат берди, коррупцияга каршы өтө кескин чараларды колдонду. Ошол эле учурда атасы бийлик жүргүзгөн доорду сындаган аткаминерлерди да жазалады.

Экономикадагы токтоп калууну Б. Асад соода жана каржы тармагын либералдаштыруу аркылуу жеңип өтүүгө аракеттенди. Бирок бул болгону Дамаск жана Халаб өңдүү ири шаарларда экономиканын жандануусуна алып келди. Айылдар жана кичи шаарларда болсо ишсиздердин саны артып кетти. Мындан сырткары, ушул маалда коңшу мамлекеттерден келген качкындар да Сириянын чоң көйгөйүнө айланды. 2011-жылы Сирияда жарым миллионго жакын палестиналык жана бир миллиондон ашуун ирактык качкындар бар эле.




Сирия жана Ирак




**1970-жылы аскердик төңкөрүш аркылуу бийликке келген Х.Асад Сирияны 2000-жылга чейин башкарды.**

**Сирияда 2000-жылы Х.Асад каза болду, референдум натыйжасында бийликке Башар Асад келди.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сириядагы үрөй учурган согуштун кесепеттери

2000-жылдары араб мамлекеттеринде башталган «Араб жазы» аттуу революциялык жараяндар Сирияны да курчап алды. 2011-жылы мамлекеттин түштүгүндөгү Дарья шаарында жума намазынан соң башталган козголоңдор «Жума революциясы» атын алды. Козголоңчулар Б.Асад режимин кулатуу, демократиялык реформалар өткөрүүнү талап кылышты.

Жаңжалда иш жүзүндөгү президент Б.Асаддын тарабында Сирия араб армиясы жана ага каршы болгон Сирия «орто заар» оппозициясынын Сирия боштондук армиясы, күрддөр отряддары, о.э., ар түрдүү террордук уюмдар – «Ирак жана Шам ислам мамлекети» (ИШИМ), Жибхат ан-Нусра жана ушул сыяктуулар катышты. Мына ушундайча мамлекетте жарандар согушу башталып, араб мамлекеттеринен, бүткүл дүйнөдөн келген түрдүү террордук топтор өкмөттүк кошуундар менен согушууда.

2013-жылы Ирак жана бир аз Сирия аймагында террордук топтор «Ирак жана Шам ислам мамлекети» деп аталуучу мамлекетти түздү. 2014-жылы ал «Жалпы дүйнөлүк халифат» деп жарыяланды. Бул жагдай АКШ жана анын союздаштарын аскердик интервенцияны ишке ашырууга үндөдү. Алар 2014-жылдын сентябрынан баштап Сириядагы террорчулардын позицияларын бомбалашууда. 2015-жылы сентябрдан дал ушундай аскердик операцияны жүргүзүүдө Россия аскердик-космостук күчтөрү да катышууда. Жаңжалда Түркия, Иран, Саудия Арабстаны, Иордания, Ирак, Ливан, Израиль сыяктуу мамлекеттердин да кызыкчылыктары байкалууда. Мына ошентип Сириянын аймагы өтө чоң, ар бири өз кызыкчылыгын көздөгөн эл аралык күчтөрдүн кагылышуу майданына айланды.

Согуштун айынан 2017-жылы сентябрь айына чейин мамлекетти 4 млн дон ашуун адам таштап кетти. 2017-жылдын аягына келип, Сирия армиясы Россия аскердик-космостук күчтөрү жана АКШ башчылыгындагы эл аралык коалиция жардамында мамлекеттин аймагын согушчандардан дээрлик толук бошотту. Калктын бир бөлүгү өз үйлөрүнө кайтууда. Декабрда В. Путин Сириядагы Россия аскердик-космостук күчтөрүнүн негизги бөлүгүн өз аймагына кайтаруу жөнүндө буйрук берди.

**Ирак.** 1932-жылы өз эгемендүүлүгүн жарыялаган Иракта 1968-жылы бийликке Араб социалисттик кайра жаралуу (BAAS) партиясы келди. Өкмөттү президент Хасан ал-Бакр башкарды, бирок чыныгы бийлик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Саддам Хусейн

коргоо министри Саддам Хусейндин колуна өттү. Бул жараяндар Иракка мунайдан келе турган кирешенин ченемсиз ашуусу дооруна туура келди. Калктын турмуш даражасы сезилерлүү жакшырды.

1979-жылы Саддам Хусейн расмий түрдө Ирактын президенти болуп шайланды. 1980-жылы сентябрда Ирак Иранга каршы согуш баштады. Бул согуш XX кылымдын эң узакка созулган аймактык кагылышуусу болду. Ал көптөгөн курмандыктарга алып келди.

1990-жылы Ирак дагы бир эл аралык жаңжалга себеп болду. Ал Кувейтке бастырып кирип, анын аймагын ээлеп алды. БУУ Коопсуздук кеңеши Кувейттен Ирак кошуундарын тезинен алып чыгып кетилүүсүн талап кылды. Иракка каршы санкция жарыяланды. Бир нече айлык дипломатиялык аракеттерден соң 1991-жылы январда АКШ башчылыгындагы эл аралык күчтөр Кувейтти бошотуу боюнча «Чөлдөгү бороон» операциясын баштады. Ирак армиясы толук талкаланды. Байкоочулар С.Хусейндин кулашын болжошту, бирок ал өз бийлигин сактап калды.

Бийликти чындап алып, С.Хусейн БУУнун Ирак аскердик программаларын токтотууга багытталган аракеттерине каршылык кылды. Ал БУУ инспекторлорун АКШ пайдасына тыңчылык кылууда айыптады жана бардык эл аралык инспекторлорду мамлекеттен кууп чыгарды. Ушундан соң, 1999 – 2000-жылдары АКШ башчылыгындагы эл аралык күчтөр Ирак аскердик объекттерин бомбалады. 2003-жылы АКШ жана Улуу Британия кошуундары Багдадга бастырып кирди. С.Хусейндин өкмөтү кулады. Америкалыктар жана алардын союздаштары бүткүл мамлекет аймагында өз көзөмөлүн орнотту. Алар С. Хусейндин эки уулу жана жаш небересин өлтүрүштү. 2003-жылы декабрда С.Хусейндин өзү да колго алынды жана асып өлтүрүлдү.

Диктатор өлтүрүлдү. Бирок убада берилгендей Иракта демократия жана тынчтык орнотулбады. АКШ жана анын союздаштары Ирактагы кырдаалды жылоолой алышпады. Террордук аракеттер күч алды. Булардын натыйжасында көптөгөн бейкүнөө адамдар курман болду.

2005-жылы кабыл алынган конституцияга ылайык Ирак анын элин түзүүчү үч этнос – араб-суннийлер, араб-шиялар жана күрддөрдүн келишимине негизделген парламентардык федеративдик республика деп жарыяланды.

С. Хусейндин маалында бийликте болгон суннийлер эми оппозицияга өттү. Бирок 2010-жылы болуп өткөн парламенттик шайлоолордо



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күтүүсүздөн оппозициядагы суннийлер женди. Бирок, жайларда реалдуу бийлик түрдүү куралдуу топтордун колунда калды. Алар өздөрү ээлеген аймакта шарият мыйзамдарын жарыялап, миңдеген күнөөсүз адамдарды орто кылымдык усулдар менен өлтүрүштү. Миллиондоп адамдар качкынга айланды.



**1990-жылдарда ...**
**2013-жылы ...**
**1991-жылы январда ...**
**«Чөлдөгү бороон» операциясы ...**

АКШ өкмөтү, т.а., президент Б. Обама АКШнын Иракка карата саясаты ката экенин тан алды. Көпчүлүк адистер дал ушул Америка саясаты Жакынкы Чыгышта кырдаалдын курчушуна, ИШИМ өңдүү террордук уюмдардын пайда болуусуна себеп болду, деп эсептешүүдө. 2016-жылы декабрда АКШ президенти болуп шайланган Д. Трамп Жакынкы Чыгыштагы өз саясатын кайра карап чыгууга убада берди.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Сирияда саясий кризистин келип чыгуусу жана жарандар согушунун башталышына кандай факторлор себеп болду?
2. Сириядагы согушта кайсы мамлекеттердин кызыкчылыктары камтылган?
3. Саддам Хусейндин кандай аракеттери Ирактын эл аралык күчтөр тарабынан бомбалануусуна алып келди?
4. Эмне үчүн С. Хусейндин кулатылышы Иракка тынчтык алып келбеди?

## Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып 1991–2017-жылдарда Сирия жана Ирак мамлекеттериндеги саясий, социалдык-экономикалык өнүгүүдөгү көйгөйлөр жана алардын чечимдерин дептериңе жадыбал түрүндө жаз.



«Ирак жана Шам ислам мамлекети», «Жалпы дүйнөлүк халифат» түшүнүктөрүн салыштырма талдоонун негизинде азыркы күндөгү маалыматтык чабуулдарды чийме түрүндө дептериңе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 24-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ИЗРАИЛЬ МАМЛЕКЕТИ ЖАНА ПАЛЕСТИНА КӨЙГӨЙҮ

**Израилдин социалдык-экономикалык өнүгүшү.** 1947-жылы БУУ Коопсуздук Кеңеши Палестина боюнча резолюция кабыл алды. Ага көрө 1948-жыл 1-августтан Палестинада эки – еврейлердин Израиль жана арабдардын Палестина мамлекеттерин түзүү сунушталды.



**Байыркы дүйнө тарыхында Палестинанын аймагында Израиль падышалыгы качан пайда болгон?**

Израиль еврейлердин улуттук мамлекети эсептелет. Ал баштап еврейлердин улуттук очогу, башпаанеги катары түзүлгөн жана ушундай болуп калууда. Мекенге кайтуу жөнүндөгү мыйзамга ылайык ар кандай еврей өз үй-бүлөсү, б.а. жубайы, перзенттери, неберелери менен туруктуу жашоо үчүн Израилге келүү укугуна ээ. Ушундан соң кабыл алынган жарандык жөнүндөгү мыйзамга көрө Израилге келген бардык еврейлер өз-өзүнөн жарандыкка ээ болушу жөнүндөгү тартип орнотулду. Бул мыйзамдар репатриациянын эсебинен Израиль калкынын тез өсүүсүнө алып келди.

Өз көз карандысыз өнүгүүсүнүн бир нече он жылынын ичинде Израилдин аскердик өнөр жай комплекси өтө өнүккөн мамлекетке айланды. Аскердик өнөр жай комплексинин өнүгүшү металлга иштөө берүү, машина куруучулук, электротехника, электроника жана алмазга иштөө берүү өңдүү башка тектеш тармактардын да бат өнүгүүсүнө себеп болду.

1990-жылдардан баштап Израиль экономикасы тез өнүгүп жаткан мамлекеттердин катарына кирди. Адистердин оюу боюнча, бул мамлекетте чыныгы экономикалык өсүү башталды. Израилдин чарбасы өз түзүлүшү боюнча АКШ жана Батыш Европа мамлекеттериникине жакындашты жана постиндустриалдык моделге ылайыкташты.

Мындай ийгиликтерге жетишүүгө ички жана тышкы абалдардын ыңгайлуулугу жардам берди. 1990-жылдарда мурдагы СССРден 600 миң адамдын Израилге көчүп келиши курулуш, өнөр жайдын айрым тармактарында тез өнүгүүнү камсыздады. Жогорку маалымат даражасы жана экономикалык активдүүлүккө ээ болгон жаңы иммигранттар Израилдин түспөлүн өзгөртүп жиберди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Учурда көптөгөн факторлор себеп мамлекеттин экономикасы тышкы каржы булактарына күчтүү көз каранды (АКШ ар жылы 3 млрд доллар өлчөмүндө кайрымсыз жардам көрсөтөт) жана ал үчүн жогорку милитаризация даражасы мүнөздүү болуп саналат.




Израиль



Ясир Арафат

**XX кылымдын аягында Палестина көйгөйүнүн чечилиши.** 1948-жылы Израиль жана Палестина мамлекетин түзүү планын араб эли адилетсиздик деп эсептеди жана кабыл албады. Ошол мезгилден баштап Палестина элинин өз мамлекетин түзүү үчүн күрөшү башталды. Бул күрөш араб мамлекеттери жана мурдагы Союз тарабынан колдоп-кубатталды. Палестина



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

арабдарынын күрөшүнө жетекчилик кылуу үчүн Палестинаны бошотуу уюму (бул уюм арабча ҒАТХ аталышы менен белгилүү) түзүлүп, ага узак жылдар бою Ясир Арафат башчылык кылды.

Бирок 1990-жылдарга келип гана Палестина көйгөйүн чечүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. 1991-жылы октябрда Мадридде Жакынкы Чыгыш боюнча эл аралык конференция иш баштады жана анда Палестина делегациясы да катышты. Кийин Норвегия өкмөтүнүн сунушу боюнча Осло шаарында Израиль менен ҒАТХ ортосунда сүйлөшүүлөр башталды. Сүйлөшүүлөр натыйжасында 1993-жылы Израиль менен ҒАТХ бири-бирин тааныгандыгы жарыяланды.

**Палестина мамлекетин түзүү жолундагы алгачкы ийгиликтер.** 1993-жылы Вашингтондо Израиль жана ҒАТХ делегациялары Палестина автономиясын түзүү жөнүндө келишимге кол койду. Автономияны түзүү баскычтуу түрдө 5 жыл ичинде ишке ашырылышы көздө тутулду.



**1990-жылдардан ...**
**1993-жылы ...**
**1991-жылы октябрда Мадридде ...**
**ҒАТХ – бул ...**



Исхак Рабин

Биринчи баскычты ишке ашыруу Газа сектору жана Иордан дарыясынын Батыш жээгин ҒАТХтын автономдуу башкаруусуна берүү жөнүндө келишимге кол коюу менен башталды. Бул келишим Палестина уюмдарында наразылыкты күчөтүп жиберди жана ҒАТХта бөлүнүү болду. Я. Арафат экстремисттер тарабынан «чыккынчы» катары өлүмгө өкүм кылынды. Радикалдык ислам багытындагы уюмдар – «Хамас», «Жихад» жана «Хизбуллах» (бул уюмдарга Өзбекстанда тыюу салынган) активдешип кетти. Алар түрдүү жолдор менен келишимди бузууга аракеттеништи. Ушуга карабастан, келишүү жараяны уланды.




**1947-жылы БУУ Коопсуздук Кеңеши Палестина боюнча резолюция кабыл алды.**

**1990-жылдары мурдагы союздан 600 миң адамдын Израилге көчүп келиши курулуш, өнөр жайдын айрым тармактарында тез өнүгүүнү камсыздады.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1995-жылы FATX менен Израилдин ортосунда убактылуу келишимге кол коюлду. Бул Палестина автономиясын түзүүнүн кийинки баскычы болуп, Иордан дарыясынын батыш жээгиндеги көптөгөн шаар жана айылдар FATXтын карамагына өткөрүлдү. Палестина автономиясында шайлоолор болуп өттү жана FATXтын карамагындагы аймактарды көзөмөлдөө үчүн полиция күчтөрү түзүлдү.

Бул келишим Израиль коомунда да кайчы пикирлерди келтирип чыгарды. 1995-жылы ноябрда Израиль премьер-министри Исхак Рабин консерватор-еврей тарабынан өлтүрүлдү. Бул палестиналыктарга жасалган болушууларга Израиль коомунун бир бөлүгүнүн нааразылыгын көрсөтөт эле. Ушул жылы болуп өткөн шайлоолордо «Ликуд» блогу жеңди жана Палестинага карата туруктуу багыттын жактоочусу болгон Бинямин Нетаньяху премьер-министр кызматын ээледи.

1996-жылы январда Я. Арафат башчылыгында Палестинанын мыйзам чыгаруучу кеңеши шайланды. Палестина мамлекетин куруу жараяны кыйынчылык менен болсо да, уланды.



**1995-жыл ноябрда ...** **1996-жылы январда ...**
**Радикалдык уюмдар ...**
**Палестинанын мыйзам чыгаруучу кеңеши – бул ...**

2006-жылы Палестинанын өзүнө мүнөздүү символуна айланган Я. Арафат каза болду. Анын ордуна Махмуд Аббас Палестина автономиясынын төрагасы жана FATXтын жетекчиси болуп шайланды. 2012-жылы Палестина байкоочу-мамлекет статусунда БУУ ишинде катышуу укугун алды. Бул жараян жана М.Аббастын БУУ Башкы Ассамблеясында сүйлөгөн доклады Израилдин өкүлдөрү тарабынан нааразылык менен каршы алынды. Ошого карабай, 2017-жылга келип, Палестинаны 140 ка жакын мамлекет тааныды.



**Репатриация** – бул мекенге кайтуу. Термин, адатта, аскердик туткундар, көчүрүлгөн адамдар, качкындар, эмиграттарга карата колдонулат. Еврейлердин тарыхый мекени болгон Палестинага кайтуусу да репатриация деп аталат.

**Иммиграция** – калктын бир мамлекеттен башкасына убактылуу же туруктуу жашоо үчүн көчүп өтүшү.

**Милитаризация** – бул мамлекеттик органдардын экономика, саясат жана социалдык тармактагы аракети болуп, ал мамлекеттин аскердик кудуретин ашырууга багытталган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Израиль мамлекети өз тарыхынын кыска доору ичинде кандай факторлор эсебинен өнүккөн мамлекетке айланды?
2. Палестина көйгөйүнүн негизги себептери эмнеде жана алар кандай чечилүүдө?
3. Палестина мамлекетин түзүү жолундагы негизги тоскоолдуктар эмнелерден турган эле?
4. Израиль менен Палестинанын мамилелерине эл аралык саясий кырдаалдын таасири эмнелерде көрүндү?

### Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, Израиль жана Палестинага тиешелүү аймактарды дептериңе бөлүп жаз жана аймактык бөлүнүүсүнө өз мамилеңди билдир.

## 25-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ МАМЛЕКЕТТЕРИ

**XX кылымдын аягында Латын Америкасы мамлекеттери.** XX кылымдын аягына келип Латын Америкасынын аймагында 34 көз карандысыз мамлекет жана бир нече көз каранды аймактар бар эле. XX кылымдын экинчи жарымында болгон ылдам экономикалык өсүүгө карабай, Латын Америкасы мамлекеттери дүйнө саясатынын четки аймагы болуп калууда. Кылымдын аягына келип аймакта социалдык-экономикалык өнүгүүнүн неолибералдык модели алдыңкы орунга чыкты. Чындыгында бул модель Аугусто Пиночет доорунда **Чилиде** ийгиликтүү ишке ашырылган эле. Бүгүн да Чили туруктуу өнүгүп жаткан мамлекет болуп, аймакта жетекчи орунду ээлейт. Бирок, жалпысынан, Латын Америкасы мамлекеттери үчүн неолибералдык реформалардын натыйжалары карама-каршылыктуу болуп чыкты. Эгерде бул реформалардын биринчи баскычы экономикалык өсүүгө түрткү болгон, модернизацияга көмөктөшкөн болсо, кийинчерээк тоскоолдуктар пайда болду, айрым учурларда болсо реформалар рецессияга, чарбанын терең түшкүндүгүнө алып келди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**XX кылымда Латын Америкасы үчүн жалпы болгон модернизациянын кандай варианттары бар эле?**

Аймакта биринчи болуп неолибералдык реформалар жолуна түшкөн **Мексикада** 1994-жылы декабрда каржылык-экономикалык кризис башталды. Мамлекетте социалдык-экономикалык абал оорлошту. Ушундай шартта Мексикадан капиталдын массалык түрдө АКШга көчүүсү башталды. Улуттук валюта – песо кескин түшүп кетти, иш жүзүндө улуттук финансы системасы изден чыкты, 20 миң мекеме банкрот болду, мамлекет ИДӨсү кескин түшүп кетти.

Мексика кризиси 1990-жылдарда Латын Америкасы мамлекеттерин солкулдаткан социалдык-экономикалык жана саясий кризистер чынжырынын биринчиси эле. Неолибералдык реформалардын натыйжасында аймактагы мамлекеттердин тышкы факторго көз каранды болуп калуусу Бразилия жана Аргентина өңдүү эң ири мамлекеттер экономикасына да оор сокку урду.

Айрыкча, 1990-жылдары «неолибералдык реформанын ийгиликтеринин жемиши» болгон **Аргентина** экономикасы катуу зыян тартты. 2001-жылы Аргентинада дефолт жарыяланышы дүйнө тарыхындагы эң ири банкрот абалы болуп, Латын Америкасы мамлекеттериндеги неолибералдык тажрыйбаларга чекит койду жана аймакта саясий жана экономикалык өнүгүүнүн жаңы доорун баштап берди.

Бул жараяндардын таасиринде экономикалык багытка болгон наразылык, салттык партиялар жана алардын жетекчилерине ишенбөөчүлүк абалдары күчөдү, каршылык акциялары, т.а., радикалдык маанайдагы уюмдардын (козголоңчулук, террордук уюмдар, наркомафия) активдешүүсү үчүн шарт түзүлдү.

XX кылымдын 90-жылдарында **Колумбияда** куралданган солчул радикалдык кыймыл күчөп, алардын кошуундары мамлекет аймагынын 40%ын көзөмөлдөйт эле. 1992-жылы **Перуда** да «Айлуу жол» козголоңчу-террордук уюму активдешти. 1994-жылы Мексикада индеецтердин массалык козголоңу башталды. Өкмөт саясатынын социалдык кесепеттерине каршы Аргентина, Мексика, Эквадор жана башка бир топ мамлекеттерде калктын массалык чыгуулары болуп өттү.

**Мексика кризиси ...** **1992-жылы ...**
**1994-жылы ...** **2001-жылы ...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Латын Америкасы мамлекеттери

Социалдык-саясий мамилелерде индеец элдеринин өз укуктары, өзүнө мүнөздүү маданиятын сактап калуу, автономия жана жерге болгон укугу үчүн күрөшү өзүнчө орун ээлейт. XX кылымдын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аягына келип индеецтер Боливия, Гватемала, Перу, Мексика, Эквадор сыяктуу мамлекеттер калкынын 25 – 50 % ын түзөт.

1990-жылдардын башында Х.Колумб тарабынан Американын ачылганына 500 жыл толушу кеңири белгиленди. Бирок бул окуя аймактын калкы тарабынан бирдей оң мааниде кабыл алынбады. Нагыз маданий көйгөйлөрдөн сырткары неолибералдык реформалар натыйжасында индеец жамааттарынын жерлерин тартып алуу абалдарынан нааразылык күчөдү. Өкмөттөрдүн индеец калкына карата алып барган адилетсиз саясатынын кесепетинен аймактын айрым мамлекеттеринде индеецтердин тартипсиз чыгуулары болуп өттү. Бул кыймыл Эквадор, Боливия, Перу, Бразилияда жана Мексиканын түштүгүндө айрыкча массалык түс алды.

**Латын Америкасы мамлекеттери XXI кылымдын башында.** Жаңы кылымдын башына келип Латын Америкасы мамлекеттери өз тарыхында биринчи жолу диктатураларсыз өнүгүү жолуна кирди, дээрлик бардык мамлекеттерде шайлоо жолу менен бийликке конституциялык режимдер келди. Аймак мамлекеттеринин басымдуу көпчүлүгүндө өзүнө мүнөздүү жагы жеке инсанга жагынуу жана популизм болгон саясий режим жана президенттик башкаруусу орнотулду.



**«Неолибералдык реформанын ийгиликтеринин жемиши» ...**
**1990-жылдардын башында ... 1992-жылы ...**

XX кылымдын аягынан баштап калктын салттуу партияларга ишеними жоголуп барды жана мунун натыйжасында XXI кылымдын башында Бразилия, Перу, Венесуэла, Эквадор өндүү мамлекеттерде бийликке жаңы, көз карандысыз деп аталып жаткан талапкерлер келди.

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында аймактагы мамлекеттердин саясий турмушунун башка бир мүнөздүү жагы коммунисттик партиялардын өз беделин жоготушу болду. Бул, албетте, дүйнөдө болуп жаткан глобалдык жараяндар менен байланыштуу эле.

1959-жылдагы революциядан соң өзүнө мүнөздүү коммунисттик саясий режим калыптанган Кубада да ушундай жараяндар болуп өттү. Социалисттик режим кулагандан соң Куба тышкы материалдык-техникалык жана финансылык жардамдан кол жууду, бул болсо, ополу, калктын абалына терс таасир этти. Бирок бул



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кыйынчылыктарга карабай, XXI кылымда да Куба социалдык мамлекет болуп калууда.

XXI кылымдын башында Латын Америкасы мамлекеттеринде интеграциялашуу жараяндары күчөдү. Бул жараяндардын негизги багыты аймактык эркин соода зоналарын түзүү болду. Келечекте Түндүк жана Түштүк Америка масштабындагы эркин соода зоналарын түзүү, соода жана өнөр жайды өнүктүрүү мерчемделген.

Бирок ири пландар жана чоң мүмкүнчүлүктөргө карабай, бул мамлекеттер, атүгүл Бразилия менен Мексика сыяктуу гиганттар да бүгүн глобалдык саясий жана экономикалык көйгөйлөрдү чечүү жараянында арзырлык таасирге ээ эмес. 2008-жылдан баштап аймактагы эң ири үч мамлекет – Бразилия, Мексика жана Аргентина G-20 («Чоң жыйырмалык») абройлуу клубга мүчө болсо да, дүйнөлүк саясатта али чоң роль ойнобойт. Ошого карабастан, бул мамлекеттер чоң келечектүү мүмкүнчүлүктөргө ээ. Мисалы, Мексика 1994-жылы Түндүк Америка эркин соода зонасына кирди жана 1994 – 2010-жылдары Мексикага салынган чет элдик инвестициялардын көлөмү төрт эсе өстү. Мунун 75 % ы АКШнын үлүшүнө туура келет. Эгерде жакынкы өтмүштө экспорттун негизин мунай түзө турган болсо, азыр Мексика экспортунун 80 % ын өнөр жай азыктары түзөт.




**XXI кылымдын башында Бразилия, Перу, Венесуэла, Эквадордун бийлигине жаңы, көз карандысыз талапкерлер келди.**

**1994 – 2010-жылдары Мексикага салынган чет элдик инвестициялардын көлөмү төрт эсе өстү.**

Бразилия бүткүл дүйнөнүн ири экономикаларынан бири, тез өнүгүп жаткан Кытай, Индия, Түштүк Африка Республикасы жана Россия менен чогуу БРИКС уюмунун мүчөсү саналат. Бразилия XXI кылымда Латын Америкасынын тан алынган жетекчисине айлануу, АКШнын туруктуу таасиринен бүткүл кутулуу жана БУУ ККнин туруктуу мүчөлөрүнөн бири болуу сыяктуу өтө бийик милдеттерди коюп, ушуга умтулууда.

Мында айтып өтө турган нерсе, Латын Америкасы мамлекеттери XX кылымда өз алдыларына койгон татаал көйгөйлөрдү толук чече албады, бирок мунун жолдорун издөөнү улантууда. XXI кылымда бул көйгөйлөр өз чечимин кандай табаарын жашоо көрсөтөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Популизм** – айрым тандалган жарандардын зарылдыгына эмес, жалпы элдин керектөөлөрүнө багытталган саясий позиция же докладдын түрү.

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Өнүгүүнүн неолибералдык жолу Латын Америкасы мамлекеттери үчүн кандай мааниге ээ болду жана кандай көйгөйлөрдү келтирип чыгарды?
2. XX кылымдын аягына келип Латын Америкасы мамлекеттеринин АКШ менен мамилелеринде кандай моделдер калыптанды?
3. XX кылымдын аягынан баштап Латын Америкасы мамлекеттеринде салттуу саясий партияларга элдин ишеними солгундап барышына кандай жараяндар себеп болду?
4. Латын Америкасынын ири мамлекеттери XXI кылымда алдына кандай максаттарды коюп өнүгүүдө?

### Өз алдынча иш

Интернеттин жардамында Латын Америкасы мамлекеттерине виртуалдык саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяларды талда.

## 26-ТЕМА. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

**Түндүк Африка.** Түндүк Африка мамлекеттерине Египет, Судан, Ливия, Альжир, Тунис, Марокко, Мавритания жана Батыш Сахара кирет.

**5-Панафрика конгресси качан болуп өттү?**

**Египет** цивилизациялык жактан көбүрөөк Чыгыш Жер Ортолук деңизине таандык болсо да, Африканын араб мамлекеттери турмушунда чоң роль ойнойт. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында Египет экономикалык өнүгүүдө, айыл чарбасы, маданиятта чоң ийгиликтерге жетишти, өнүккөн туристтик индустриясын жаратты, мамлекеттин валюта кору токтоосуз өстү. Бул ийгиликтер Египетке



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

араб жана мусулман дүйнөсүнүн жетекчиси болуу мүмкүнчүлүгүн берди.

Бирок 2000-жылдарга келип, Египетте да ислам фундаментализми активдешип калды. Алардын басымы астында Египеттин президенти Хусни Мубарак 2011-жылы отставкага чыкты. Ушундан соң болуп өткөн президенттик шайлоолордо «Мусулман бурадарлары» радикалдык уюмунан талапкер Мухаммад Мурси жеңди. М. Мурси мамлекет президенти «революцияны коргоого багытталган ар кандай декретке» кол коюшу жана ал сотто четке кагылышы мүмкүн эместигин белгилеп койду. Бул аракети үчүн оппозициячылар М. Мурсини бийликти ээлеп алууда, диктатураны орнотууда айыптады. Армияда наразылык башталды. Натыйжада 2013-жылы М. Мурси аскерлер тарабынан кулатылды жана камакка алынды. Бийликке коргоо министри генерал Абдул Фаттах ас-Сиси келди. Ал 2014-жылы болуп өткөн шайлоолордо Египеттин президенти болуп шайланды.

«Мусулман бурадарлары» террордук уюм деп жарыяланды, анын мүчөлөрү куугунтукка учурады. М. Мурси жана уюмдун дагы бир топ активдүү мүчөлөрү өлүм жазасына тартылды.

Бирок Египетте террордук кооп жогору бойдон калууда. 2017-жылы 24-ноябрда ИШИМ курамына кирүүчү «Вилаяти Синай» террордук уюмунун өкүлдөрү Синай жарым аралындагы мечитте жума намазы маалында жардыруу уюштуруп, намаз окугандарга карата автоматтан ок атышты. Натыйжада 235 киши, анын ичинде, балдар да курман болду, 100 дөн ашууну жараланды.

**Судан** XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында аймактын эң кедей мамлекети болуп калууда. Мамлекет калкынын негизги бөлүгү айыл чарбасы менен алек. Өнөр жай өтө начар өнүккөн, мамлекет калкынын болгону 5%ы гана бул тармакта иштейт.

Судандын чек арасы колониалисттик доордо жасалма түрдө бөлүнгөн болуп, бул көптөгөн этникалык-конфессиялык жаңжалдарга себеп болуп келүүдө.

**Ливияда** М. Каддафийдин узакка созулган бийлиги доорунда мунайдан алынган киреше ири социалдык реформаларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берди. Ливиялыктар Түндүк Африкада эң камсыздалган калкка айланды.



**Түндүк Африка мамлекеттери – бул ...**
**2011-жылы ...**
**2013-жылы М. Мурси ...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок тышкы саясатта М. Каддафий бийлиги революциячыл жана террорчу уюмдарга, айрыкча, ислам дини желеги астында аракеттенүүчүлөргө жардам көрсөттү. М. Каддафийдин аты бир топ террористтик актылар менен байланышты жана бул эл аралык коомчулуктун наразылыгына себеп болду.

2011-жылы Ливияда да өкмөткө каршы козголондор башталды. Козголоңчулар убактылуу өкмөт түзүп, жардам сурап НАТОго кайрылды. НАТО күчтөрү Ливияны бомбалады, М. Каддафий өлтүрүлдү, бирок түрдүү топтордун ортосундагы кагылышуулар токтогон жок. 2016-жылы мамлекетте жарандар согушу башталып кетти. Бул согушта ар түрдүү диний уюмдар катышууда. Согуш Ливияны экономикалык кырсыктын босогосуна алып келди. Миллиондоп адамдар мамлекетти таштап, качкынга айланды.




Африка мамлекеттери



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аймактын Альжир, Тунис, Марокко жана Мавритания сыяктуу мамлекеттеринде да бул доордо болгон революциялар жана төңкөрүштөр татаал көрүнүштө, көбүнчө диний негизге ээ болуп, бул коомдордун модернизацияга муктаждыгын көрсөтүүдө.

**Тропикалык жана Түштүк Африка.** 1990-жылдары Тропикалык жана Түштүк Африка мамлекеттеринде да маанилүү жана өтө татаал өзгөрүүлөр болду. Булар Африка мамлекеттеринин өзүндөгү өнүгүү тенденциялары жана жалпы дүйнөлүк мааниге ээ болгон окуя – «суук согуштун» бүтүшү менен байланыштуу эле. Эки карама-каршы блоктордун ортосунда Африкага таасир этүү үчүн күрөш аяктады.

Африка мамлекеттеринде демократташтыруу тенденциялары, жарандык коомун түзүүгө аракет пайда болду. Бир партиялуу режимдеги мамлекеттердин көпчүлүгү көп партиялуу режимге өттү. Программасында марксизм-ленинизм жөнүндөгү устав сакталып калып жаткан бийликчил партиялар бул адаттардан баш тартышты, марксизмге туруктуу калган **Эфиопиядагы** Менгусти Хайле Мариамдын өкмөтү 1991-жылы кулатып ташталды.

Бирок бул жараяндар аймактагы саясий абалды курчутуп жиберди. 1989-жылы **Либерияда** этникалык негизде башталган жарандар согушу көптөгөн курмандыктар жана 1 млн калктын коңшу мамлекеттерге массалык качуусуна алып келди. Мамлекет аянычтуу абалга келди. Либерияга эл аралык аскердик күчтөрдү киргизүү гана абалды бир аз жөнгө салды.

**Сьерра-Леонеде** да аскердик төңкөрүштөр жана куралдуу кагылышуулар жарандар согушуна алып келди. БУУнун аралашуусу гана чыңалууну бир аз жумшартты, бирок мамлекеттин экономикасы ойрон болгон эле.

**Руанда жана Бурундиде** да кандуу кагылышуулар болуп өттү. 1990-жылдардын ортолоруна келип туци жана хуту элдеринин ортосундагы күрөш курчуп, геноцидге алып келди. Натыйжада Руанданын 1 млн го жакын эли курман болду, Бурундиде 1 млн го жакын адам качкынга айланды.

1997-жылы **Конго Демократиялык Республикасында** Мобутунун диктатордук режими кулатылды. Бирок жаңы бийлик узак жылдар бою топтолуп калган социалдык-экономикалык кризисти жеңип, этникалык чыңалууну жөндөй албады. БУУ Конго Демократиялык Республикасын дүйнөнүн эң жакыр мамлекети деп таанышты.

Конго кризисине Африкадагы бир топ мамлекеттер: Түштүк Африка Республикасы, Ангола, Намибия, Уганда, Руанда, Зимбабве




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

да ал же бул даражада салым кошту. Алардын бардыгы жаңжалды тынч жол менен чечүү жөнүндө маалымат беришсе да, бир тобу борбордук бийликти, башкалары козголоңчуларды колдоп-кубатташты.

Бүгүнкү күндө жакырлык жана коррупция менен бирге мамлекеттин эң чоң көйгөйлөрүнөн бири гендердик теңсиздик болуп калууда. Аялдарга карата зордукчулдук кадимки көрүнүш болуп, эң коркунучтуусу, калктын чоң бөлүгү муну күндөлүк абал катары кабыл алат. Башка бир көйгөй Африка мамлекеттеринде заманбап кулчулуктун сакталып калып жатканы болууда. Айрыкча, балдардын кулдук абалы дүйнөлүк коомчулукту тынчсыздандырып жатат. Бүгүн Африка мамлекеттеринде миллиондогон балдар кулчулук абалында жашап жатышат.



Гендердик теңсиздиктин картасы: жашыл түс – гендердик теңсиздиктин төмөн даражасы; кызыл түс – гендердик теңсиздиктин жогорку даражада




**2011-жылы Ливияда бийликке каршы козголондор башталды.**

**2014-жылы Египетте болуп өткөн шайлоолордо Абдул Фаттах ас-Сиси мамлекеттин президенти болуп шайланды.**

Бул сыяктуу кырсыктар Тропикалык жана Түштүк Африканын чоң бөлүгүндөгү абалды чагылдырат. Социалдык-экономикалык кризис барган сайын күчөдү. Калктын өсүү даражасынын жого-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

рулугу ишсиздик көйгөйүн ого бетер курчутту. Дүйнөлүк базарда Тропикалык жана Түштүк Африканын чийки затына болгон талаптын азайышы аймак мамлекеттери экономикасына чоң сокку болду. Африканын көптөгөн мамлекеттеринде калктын жан башына жылдык киреше 1960-жылдагыдан да төмөн түшүп кетти. Болгону XXI кылымдын башында оң жакка өзгөрүү башталды. Бирок XXI кылымда африкалыктардын алдында чоң көйгөйлөр турганы анык. Булардан эң чоңу демографиялык көйгөй. Жакырлык, коркунучтуу ооруларга карабай, XXI кылымдын башында Африканын көптөгөн мамлекеттеринде калктын жылдык өсүүсү өтө жогору. БУУнун эсептөөлөрүнө ылайык, Африканын эли 2050-жылга келип 2 млрд адамга жетет. Бул жаңы кылымда Африка өтө чоң көйгөйлөрдүн алдында тургандыгынан кабар берет.



**Этно-конфессиалдык жаңжал** – бул этникалык жаңжалдын түрлөрүнөн бири болуп, анда этникалык келишпестик диний келишпестик менен кошулуп кетет.

**Гендердик теңсиздик** – бул социалдык режимдин маанилүү белгиси болуп, ага ылайык түрдүү социалдык топтор, бул мисалда – эркектер менен аялдардын коомдогу мүмкүнчүлүктөрү бири-биринен кескин айырмаланат.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. XXI кылымдын башына келип Египеттин саясий турмушунда ислам фундаментализми кандай роль ойноду?
2. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында Ливия жана башка Түндүк Африка мамлекеттериндеги революция жана төңкөрүштөр кандай натыйжаларга алып келди?
3. «Суук согуштун» бүтүшү Африка мамлекеттеринде кандай жараяндарды келтирип чыгарды?
4. XXI кылымда Африка мамлекеттеринин алдында кандай олуттуу көйгөйлөр турат?

## Өз алдынча иш



Африка мамлекеттеринин өнүгүүсүндөгү көйгөйлөр жана ийгиликтер маселесин Т-схеманын негизинде талдап, дептериңе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III БӨЛҮМ. ЖАҢЫ МИҢ ЖЫЛДЫКТЫН БАШЫНДА ДҮЙНӨ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

## 27-ТЕМА. XX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XXI КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА ГЛОБАЛДАШУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ, АСКЕРДИК, ЭКСТРЕМИСТТИК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПТОР

**Глобалдашуу көйгөйлөрү.** Глобалдашуу (глобус – Жер шары) дегенде жалпы дүйнөлүк экономикалык, саясий жана маданий интеграциялашуу жана унификациялашуу жараяны түшүнүлөт. Глобалдашуу объективдүү жана системалуу жараян болуп, коомдун турмушунун бардык тармактарын камтып алууда.

Экономиканын глобалдашуусу натыйжасында экономикалык өсүүлөр жана кризистер жалпы дүйнөлүк деңгээлде глобалдык мүнөзгө ээ болуп барууда. Заманбап маалымат системалары каржы капиталына өтө тез аракеттенүү, каржы базарларына болсо тынымсыз ишмердүүлүк кылуу мүмкүнчүлүгүн жаратты.



Глобалдашуу батышка ыктоо дегениби?

Маданий багытта глобалдашуу жараяны карама-каршылыктуу натыйжаларга да алып келүүдө. Бир жактан, маданий глобалдашуу жараянында интернет, эл аралык туризм, кинофильмдер, китептер жана пайдалуу эмгектин башка азыктары чоң роль ойнойт. Башка тараптан, көбүнчө сапаты анча жогору болбогон эл аралык маданий кубулуштардын жайылуусу, улуттук маданияттардын өнүгүшү үчүн кооп сала баштады. Мисалы, азыр «массалык маданият» деп аталып жаткан жараян ошондой терс абалдарга ээ болгон кубулуштардын бири.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1927-жылда Нью-Йоркто көрсөтүлгөн биринчи үндүү кино кандайча аталат?**

Глобалдашуу – бирдей бааланышы мүмкүн болбогон өтө татаал жараян. Бул жараянда ар бир эл өз ордун табууга, өздүгүн сактап калууга умтулууда. Азия жана Африкадагы салттуу цивилизациялардын батышка ыктоо жараяны өтө татаал болууда. Бул коомдордо Батыштын баалуулуктар системасын, анын салттуу коомдордун руханий-ахлактык негиздерине каршы болгон нормалардын сөзсүз жана толук кабыл алынуусу жакын кылымдар ичинде аргасы жоктой туюлат. Тескерисинче, Кытай жана Индия сыяктуу мамлекеттердин дүйнө экономикасы, саясаттагы ролунун артып барышы бул коомдордун руханий-ахлактык баалуулуктарынын да дүйнө майданына чыгуусуна алып келиши, бул болсо Батыш коомуна барган сайын тереңдешип бараткан руханий кризис абалынан чыгып алуу мүмкүнчүлүгүн бериши мүмкүн.

**«Массалык маданият» – бул ...**
**Глобалдашуу – бул ...**
**Салттуу цивилизациялардын батышка ыктоосу ...**

**Аскердик кооптор.** XX кылымдын 50-жылдарында дүйнөнүн бир топ белгилүү окумуштуулары ядролук куралды массалык колдонуу цивилизациянын толук жок болуусуна алып келет, деген эскертүү менен чыгышты. Чындыгында, ядролук курал бардык табигый апааттарга караганда да көбүрөк кыйратуу кудуретине ээ. Бул куралдын пайда болушу себептүү тарыхта алгачкы жолу адамзаттын өзүн өзү жок кылуу коркунучу пайда болду. Азыркы күндө цивилизацияны айкын кырсыкка алып келүү үчүн Жер жүзүндө топтолгон ядролук куралдардын 1%ын колдонуу жетиштүү экен. Ошол эле учурда адамзат үчүн аскердик кооптор XXI кылымда да жоюлбады. АКШ жана Россия сыяктуу алдыңкы ядролук мамлекеттердин ортосундагы карама-каршылык жана ишеничсиздик сакталып турган жагдайда ядролук согуш коркунучу да жоюлбайт, адамзат мындай согуш коркунучунан кутулбайт. О.э., дүйнөдө ядро куралына же аны тез жаратуу мүмкүнчүлүгүнө ээ мамлекеттердин санынын тынымсыз ашып барышы да адамзат үчүн чоң коркунуч болуп калууда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Химия жана ген адистигинин ийгиликтери себеп химиялык жана бактериологиялык куралдарды өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрү да адамзатты түйшүккө салууда. Мындай куралдарды жаратуунун салыштырмалуу арзандыгы, көзөмөлдөөнүн татаалдыгы, көптөгөн адамдарды жок кылуу мүмкүнчүлүгү бул куралдардын кичине кагылышуу очокторунда пайда болуу коркунучун ашырууда.

**Экстремизм жана терроризм.** Заманбап коомдун көптөгөн көйгөйлөрү арасында соңку мезгилде бири-бири менен үзгүлтүксүз байланышкан эки көйгөй – экстремизм жана терроризм өзүнчө орун тутат. Экстремизм жана терроризм адамзаттын социалдык баалуулуктарына чоң зыян келтирет, коомдо адамдын коргонуу сезимин тепсенди кылат.

Экстремизм – бул социалдык-саясий, диний, улуттук максаттарга тыюу салынган усулдар аркылуу жетишүүнүн теориясы жана практикасы. Тыюу салынган усулдар дегенде адамдын укук жана эркиндиктерине мыйзамда тыюу салынган күч колдонуу, зордук жолу менен кол салуу түшүнүлөт.



Терроризмдин үрөй учурган көрүнүшү

Экстремист өзүнүн саясий, диний же башка социалдык кооптуу идеяларынын тууралыгына ишенген жана аларды адамдардын, айрыкча, жаштардын аң-сезимине сиңдирүүгө аракеттенген «идеялык» кылмышкер. Бүгүн өзүнүн консервативдүү идеяларын далилдөө жана аларды коомдун негизине айландыруу үчүн аракеттенип жаткан, өз ишмердигинде аянычтуу, адамдыкка жат усулдардан пайдаланып жаткан бул топтор ушундай экстремисттерден болуп саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Экстремизмдин эң кооптуу формасы – бул терроризм. Терроризм – бул мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү башкаруу органдары, о.э. эл аралык уюмдардын мыйзамдар кабыл алуу жараянына калкты коркутуу же мыйзамга терс башка аракеттер менен байланыштуу зордук аркылуу таасир көрсөтүү идеологиясы жана практикасы болуп саналат. Тактап айтканда террорчулар эч нерсе менен чектелбеген таш боордуктар, мисалы, эл чогулган жайда жардыруу жасоо, жалпылап өлтүрүү сыяктуу усулдар аркылуу саясий бийликке умтулушат. Алар учурда айрыкча диний беткаптардан кеңири пайдаланышууда. Мисалы, «Ал-Каида», ИШИМ сыяктуу ислам динин беткап кылып алган террорчу уюмдар бүгүн дүйнөнүн эң чоң экстремисттик жана террористтик коркунучуна айланды. Бул коопту билбей турган же аягына чейин түшүнүп жетпей жаткан адамдар, айрыкча, жаштар террорчулардын тузагына түшүп калууда. Экстремисттик идеялардын жайылуусунда Интернет жана башка заманбап маалымат каражаттары да белгилүү бир даражада терс роль ойноодо.

Жакынкы Чыгыштагы бейтынч абал, ал жерден он миңдеген качкындардын Европага умтулуусу бүткүл дүйнөдө терроризм коркунучун кескин ашырды. Эң кооптуусу, азыркы заман адамдарына жат болгон коркуу жана тынчсыздануу абалы бүткүл дүйнөнү курчап алып жатат.

**Табигый ресурстар көйгөйү жана биосферанын булганышы.** Жер жүзүндөгү жашоого кооп салып жаткан коркунучтардан дагы бири адамзаттын өндүрүштүк ишмердүүлүгү менен байланыштуу. Адамдын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн Жердин биосферасына терс таасири күн сайын артып барууда. Соңку жылдарда планетабызды күндүн радиоактивдүү нурларынан коргоп турган озон катмары тешилүүдө. Натыйжада адамдардын рак оорусуна чалдыгуусу, жаныбар жана өсүмдүктөрдүн оору кооптуулугу артууда. Атмосферага ис газдарынын көп өлчөмдө чыгарылышы глобалдык климаттык өзгөрүү жараянын баштап берди. Натыйжада планетабызда орточо температура жыл сайын жогорулап барууда. Келечекте уюлдук мөңгүлөр, Гренландия жана Антарктида муз катмарларынын эрүүсү, дүйнөлүк океандын дэңгээлинин көтөрүлүшү, жээк боюндагы жүздөгөн шаарларды, чоң аянттагы өнүмдүү жерлерди суу басышы күтүлүүдө.

Өзбекстанда чечилиши зарыл болгон ушундай эң чоң көйгөй – бул Арал деңизи көйгөйү. Соңку кырк жыл ичинде Арал деңизи бассейни кескин кыскарды, суунун көлөмү азайды, анын минералдашуусу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

болсо ондогон эсе артып, деңизди тирүү организмдердин жашашы үчүн жараксыз абалга келтирди. Учурга келип, деңиздин 90 %ынан ашыгыраагы кургап болгон. Мындай көрүнүш Арал боюэлинин, айрыкча, балдардын саламаттыгына, улуттун генофондуна, айлана-чөйрөнүн тазалыгына олуттуу зыян тийгизүүдө.

Соңку мезгилде Жер жүзү калкынын чоң бөлүгү чогулган шаарларда адам өтмүштөгүгө караганда кыйла чоң маалыматтык таасирге кабылууда. Натыйжада нервдик-психологиялык, рак жана жүрөк-кан тамыр оорулары көбөйүп барууда. Жүз жылдар бою калыптанган жашоо мүнөзүндөгү өзгөрүүлөр, айрыкча, заманбап ыңгайлуулуктар натыйжасында кыймылдын азаюусу да адамдын ден соолугуна терс таасир этүүдө.



Зыяндуу газдар – адамзаттын глобалдуу көйгөйү

Албетте, жогоруда келтирилгендер адамзат чечиши зарыл болгон көйгөйлөрдүн баарын камтып албайт. Алардан айрымдары, мисалы, адамзаттын руханий кризиси, ахлактык бузулуу сыяктуу көйгөйлөр өтө татаал болуп, алардын чечилиши Жер жүзүндө адамзатты сактап калуу жана андан ары өнүгүүсүн камсыздоо



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

үчүн өтө маанилүү эсептелет. Ошондой эле адамзаттын алдында коом жана табияттын ортосундагы балансты калыбына келтирүү, экологиялык, технологиялык жана социалдык жараяндарды шайкеш келтирүү, социалдык тартыштыкты жоюу жана натыйжада адамзат цивилизациясын сактап калуудай глобалдуу татаал милдет турат. Бул көйгөйлөрдү чечүү адамзаттан, эң оболу, шериктештик жана биримдикти талап кылат.



**Унификация** – бул бир система же формага келтирүү.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Саясий, экономикалык жана маданий тармактардагы глобалдашуу жараяны эмнелерде көрүнөт?
2. Айлана-чөйрө жана адамдын саламаттыгынын начарлоосуна кандай факторлор себеп болууда?
3. Экстремизмдин идеялык кооптуулугу кандай көрүнүштөрдө байкалат?
4. Заманбап консерватор диний топтордун экстремисттик кооптуулугу эмнеде?
5. Эмне үчүн терроризм экстремизмдин эң кооптуу түрү болуп эсептелет?
6. Табигый ресурстардын азаюусу жана атмосферанын булганышы адамзаттын алдына кандай көйгөйлөрдү коюуда?

## Өз алдынча иш



«Экстремизм жана терроризм – өнүгүүнүн душманы» темасында презентация даярда жана видеоролик түрүндө ийрим сабагында көрсөт.



Интернет жардамында дүйнөдө табигый ресурстар көйгөйү жана биосферанын булганышы маселесин талда. Бул көйгөйлөрдүн чечими дүйнөлүк тажрыйбада кандайча чечилээрин дептериңе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 28-ТЕМА. XX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XXI КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖАНА ЭТНО-СОЦИАЛДЫК КӨЙГӨЙЛӨР

**Туруктуу коопсуз өнүгүү көйгөйлөрү.** Туруктуу өнүгүү – бул экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жараяны болуп, анда табигый ресурстардан пайдалануу, инвестицияларды багыттоо, илимий-техникалык өнүгүүнүн багытын белгилөө, жеке инсандын өнүгүшү жана институционалдык өзгөрүүлөр бир-бири менен ылайыкташтырылат, адамдын керектөөлөрү жана умтулууларын камсыздоо үчүн бүгүнкү жана келечектеги мүмкүнчүлүктөр күчөтүлөт. Булардан максат, албетте, адамдардын сапаттуу жашоо даражасын камсыздоо болуп саналат.



**Бириккен Улуттар Уюму кандай максатта түзүлгөн?**

Адамзаттын туруктуу коопсуз өнүгүшү көп жактан эл аралык кызматташтыкка да байланыштуу. Өнөр жайды энергия жана ресурстар сарпын азайтуучу жогорку технологияларга негизделген постиндустриалдык режимге которуу азыркы цивилизациянын мойнуна түшүп жаткан жүктү кыйла азайтышы мүмкүн. Мисалы, соңку 50 жылдын ичинде илим-билимдин ийгилиги себеп дүйнөдө күйүүчү отун сарпынын кескин азайышы табияттан ашыкча байлыктарды албастан, айлана-чөйрөнү булгабастан жогорку технологиялардын негизинде азык алуу мүмкүндүгүн далилдеп берди.

Табиятты коргоо боюнча өзүнчө мамлекеттер тарабынан жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар менен бир катарда, бул тармактагы эл аралык кызматташтык да өнүгүүдө. Айлана-чөйрөнү коргоо жана туруктуу өнүгүү боюнча 1992-жылы Рио-де-Жанейро шаарында өткөрүлгөн конференцияда XXI кылымдагы аракет, т.а., бүткүл адамзат үчүн туруктуу-коопсуз өнүгүү концепциясын иштеп чыгуу программасы кабыл алынды. Дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери озон катмарын жукартуучу заттарды атмосферага чыгарууну азайтуу жана кийинчерээк толук токтотуу милдеттемесин алышты. Ядро технологияларынан пайдалануучу мамлекеттер атомдук электростанциялардын коопсуздугунун эл аралык стандарттарына амал кылышууда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошого карабай, глобалдык, жалпы дүйнөлүк масштабда туруктуу-коопсуз өнүгүү моделине өтүү көйгөйүн чечүү үчүн азырча шарт түзүлгөн эмес. Бирок адамзат ушул багытта өнүгүп жатат, кызматташуу уланууда. Бул адамзаттын эртеңкисине болгон ишенимди чыңдайт.




Айлана-чөйрөнүн булганышы азыркы замандын эң олуттуу глобалдык көйгөйүнө айланууда

**Расизм жана расалык кемсинтилүүгө каршы күрөш.** Коомдогу расалык чыңалууну жумшартууга багытталган иш-чаралар этникалык азчылыктын тең укуктарын, мисалы, социалдык тармактагы укуктарын чыңдоого багытталган мыйзамдар кабыл алынуусун өз ичине алат. Мындай мыйзамдар баштап СССРде, АКШ жана Батыш Европа мамлекеттеринде кабыл алынды. Айрыкча, Европада расалык кемсинтилүүгө каршы мыйзамдарды чыңдоого багытталган иш-чаралар жасалды.



**Расалык кемсинтүү – бул ...**
**Атомдук электростанциялар – ...**
**Туруктуу-коопсуз өнүгүү концепциясы – бул ...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Дүйнө элдери расизмге каршы

Этникалык азчылыктын социалдык көйгөйлөрү жана саясий статусуна жарандык коомунун мамлекеттик эмес системалары айрыкча көп көңүл бурду. Мисалы, профсоюздарда этникалык азчылык өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарын туюнтуучу бөлүмдөр пайда болду. Жетекчи саясий партиялар да этникалык азчылык өкүлдөрү үчүн өз бөлүмдөрүн ачты. Парламентке, жергиликтүү бийлик органдарына этникалык азчылык өкүлдөрүнөн талапкерлер көрсөтүлдү. 1987-жылы Улуу Британияда алгачкы жолу жамааттык палатага этникалык азчылык өкүлдөрүнөн төрт адам шайланды. Кийин кара денелүү Девид Динкинс Нью-Йорк шаарынын мэри, афро-америкалык Барак Хусейн Обама АКШ президенти, келип чыгышы белуждардан болгон Садык Аманхан Лондон шаарынын мэри болуп шайланды.

Бирок 2015-жылы АКШнын бир канча шаарларында полициячылар жана расисттер тарабынан кара денелүү америкалыктардын өлтүрүлүшүнүн артынан президент Б. Обама АКШ үчүн расизм али да олуттуу көйгөй экендигин моюнга алды.

**XX кылымдын аягы – XXI кылымдын баштарындагы этно-социалдык көйгөйлөр.** XX кылымдын аягына келип чоң материалдык ресурстарга ээ болбогон мамлекеттер да этно-социалдык көйгөйлөргө туш боло баштады. Алсак, XXI кылымда этно-социалдык жаңжалдар өткөн кылымдагы катмардык (сословие) күрөштөрдөн да олуттуураак көйгөйлөрдүн булагы болушу мүмкүндүгүн бүгүнкү окуялар көрсөтүп жатат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Улуттар аралык биримдик – этникалык жаңжалдардын алдын алуунун эффективдүү жолу

Дүйнөдө калкы 1 миллиондон көп болгон 164 мамлекеттин жарымынан азыраагы салыштырмалуу бир улуттуу, б.а. негизги калкы бир улутка таандык мамлекеттер болушат. Калган мамлекеттер көп улуттуу эсептелишет.

Калктын көп улуттуу курамы ушул мамлекетте этно-социалдык жаңжалдар келип чыгуусун гарантиялабайт. Көп улуттуу мамлекеттер, мисалы, Өзбекстанда түрдүү улуттардын тынчынтымакта жашоо салты калыптанган. Бирок дүйнөнүн айрым аймактарында этникалык жаңжалдардын курчушу күзөтүлүп жатат. XX кылымдын 80-жылдарынын аягына келип, болуп өткөн бардык аскердик жаңжалдардын жарымынан көбү бир мамлекеттин ичиндеги, этностор аралык жаңжалдар болчу. Ошол учурда бул жаңжалдардын негизги майданы Азия жана Африка мамлекеттери болду.

Бирок СССР тарап кетээри менен анын мурдагы аймагында ондогон этностор аралык келишпестиктердин очоктору пайда болду. СССРде улуттук-аймактык чек аралануу өткөрүлгөн XX кылымдын 20-жылдарында советтик республикалардын ортосундагы чек араларды белгилөөдө этникалык фактор жакшы эсепке алынбаган, натыйжада көп элдер өз улуттук республикаларынын аймагынан сыртта калып кеткен. Бул көйгөй айрыкча Кавказ арты республикалары жана Орто Азияда СССР кулагандан соң даана байкалып калды. Бул аймактарда көптөгөн этностор аралык жаңжалдардын келип чыгуусуна себеп болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**1992-жылы Рио-де-Жанейро шаарында айлана-чөйрөнү коргоо жана туруктуу өнүгүү боюнча конференция өткөрүлдү.**

**Кара денелүү Девид Динкинс Нью-Йорктун мэри, афро-америкалык Барак Хусейн Обама АКШ президенти, келип чыгышы белуждардан болгон Садык Аманхан Лондон шаарынын мэри болуп шайланды.**

Советтик доордо бардык республикалардын өнөр жай потенциалы бирдей өнүктүрүлбөгөнү да СССР талкалангандан соң бир топ этно-социалдык көйгөйлөрдүн булагына айланды. Айрыкча, 2000-жылдардан баштап мурдагы советтик республикалардан эмгек мигранттарынын массалык түрдө Россия Федерациясына келиши бул жерде этно-социалдык абалды курчутуп жиберди.

Кыскасы, XX кылымдагы өтө чоң саясий жана аскердик кагылышуулардын жемиши болгон этно-социалдык көйгөйлөр кылымдын аягында Европада болгон саясий кризистер, СССР жана социалисттик лагердин тарап кетүүсү натыйжасында ого бетер күч алды. XXI кылымга келип, адамдарды расалык жана диний таандыктыгына карай кемсинтүүлөр азайган болсо да, социалдык теңсиздик, миграция жараяндары менен байланыштуу көйгөйлөр дагы эле сакталып калууда.



**Институционалдык өзгөрүүлөр** – бул социалдык-экономикалык өнүгүүнүн курамдык бөлүгү болуп, социалдык институттардагы өнүгүү жана өзгөрүүлөрдө көрүнөт.

**Потенциал** – бул кайсыдыр бир багыт, тармактагы бардык бар мүмкүнчүлүктөр, каражаттардын тобу; кеңири мааниде «запастык» каражаттар.

**Расизм** – бул расалардын теңсиздиги, «жогорку» расалардын «төмөн» расалардын үстүнөн бийлик жүргүзүүсү жөнүндөгү илимге каршы, реакциялык теория.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Этно-социалдык көйгөйлөр дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Миграциялык жараяндар этно-социалдык мамилелерге кандай таасир көрсөтөт?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Расизм жана расалык кемсинтилүү дегенде эмнени түшүнөсүң?

4. Этно-социалдык мамилелерге миграциялык жараяндардын таасири эмнелерде көрүнүүдө?

5. СССР талкалангандан соң мурдагы советтик республикаларда этностор аралык жаңжалдардын келип чыгуусунун кандай себептери бар эле?

### Өз алдынча иш

«Расалык кемсинтилүүлөргө каршы күрөш» жана «Этно-социалдык көйгөйлөр» түшүнүктөрүн салыштырма талдоонун негизинде алардын түрлөрүн дептериңе жаз.

## 29-ТЕМА. XX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XXI КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ. ИЛИМ-БИЛИМ, АДАБИЯТ, КӨРКӨМ ӨНӨР

**ИТР жана анын натыйжалары.** XX кылымдын экинчи жарымындагы илимий-техникалык революция соңку жүз жылдын ичиндеги илим-билимдин өнүгүүсүнүн мыйзамдык натыйжасы болду. Бул революциянын негизги белгилери табигый жана синтетикалык материалдардан азыктарды массалык түрдө өндүрүү, машиналардан кеңири пайдалануу, өндүрүштүн конвеерлүү линияларын, завод-автоматтарды жана өнөр жай роботторун жаратуу болду. ИТР дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттерин цивилизациянын индустриалдык баскычынан постиндустриалдык доорго алып чыкты.

**Интернеттин өтмүштөгү аналогу Arpanet качан ойлоп табылган?**


Маалымат жана жаңы технологиялардын ылдам өнүгүшү, XX кылымдын соңку 30 жылында болгон жаңы технологиялык революция, жалпы компьютерлештирүү жана коомдун маалымат-ташуусу, өндүрүштүн интеллектуалдашуусу өңдүү жараяндар өнүккөн мамлекеттерде коомдун таптакыр жаңы абалын келтирип



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чыгарды. Муну окумуштуулар «маалымат коому» деп атап жатышат. Окумуштуулардын айтымында, «маалымат коому» индустриалдык коомдон кийин келе турган, коомдун кыйла жогорку баскычы саналат. Азыр индустриалдык өнүккөн мамлекеттерде интеллектуалдык эмгек менен алек болгон калктын саны бүткүл ишчи күчүнүн жарымына жакындашып жатат. АКШ жана Японияда бул көрсөткүч андан да жогору. Эгерде Африкада калктын 2/3 бөлүгү айыл чарбасы менен алек болсо, АКШда бул көрсөткүч 3% дан ашпайт. АКШда маалымат технологиялары тармагында 80% калк эмгектенүүдө.



Илим жана технологиялар

**Табигый илимдер жана медицина.** XX кылымдын экинчи жарымында биология, биохимия жана медицинанын өнүгүшү адамдын жашоосунун кескин өзгөрүүсүнө, индустриалдык коомдун жаңы сапат баскычына өтүүсүнө алып келди. XX кылымда карачечек, испан гриппи, өлөт, холера, келте, кургак учук, безгек сыяктуу оорулар Жер жүзүндө 1 млрд га жакын адамдын өлүмүнө алып келди. Кылымдын аягына келип жаңы жугуштуу оору – ЖИЖС (СПИД) пайда болду. Ошентсе да, дал ушул XX кылымда тарыхта биринчи жолу жугуштуу оорулар адамдардын өлүмүнүн негизги себеби болбой калды. XX кылымдын экинчи жарымы, айрыкча, кылымдын аягына келип, жүрөк-кан тамыр системасы жана рак оорулары адамдардын өлүмүнүн башкы себепчилерине айланды. Биология, айыл чарбасы жана медицина илиминдеги революциялык ийгиликтердин натыйжасында Жер жүзү калкы кылымдын башындагы бир жарым миллиард адамдан кылымдын аягына келип алты миллиардга чейин көбөйдү. Өтө көп ооруларга каршы вакциналар жаратылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Медициналык техника тармагындагы ийгиликтер адамдардын турмуш шартын жакшыртты жана өмүрдү узартты.

**Баалуулуктар маселесиндеги өзгөрүүлөр.** Массалык маалымат каражаттарынын өркүндөөсү аны адамдардын аң-сезимине, жүрүм-турууму жана маанайына таасир тийгизүүчү күчтүү каражатка айландырды. XX кылымдын экинчи жарымында жасалма жолдош аркылуу теле-көрсөтүүлөрдү көргөзүү, глобалдык компьютер тармагын жаратуу аркылуу адамзаттын руханий турмушун интернационалдаштыруу үчүн шарт түзүлдү. Ошол себептүү адамдарда суроо туула баштады: кайсы баалуулуктар, идеялар, символдор, элестетүүлөр эми универсалдуу мүнөзгө ээ болот, баары үчүн бирдиктүү болот? Азыр идеялардын, маданий баалуулуктардын өзүнө мүнөздүү дүйнөлүк базары пайда болду деп айтууга болот. Анда күчтүү мамлекеттер өзүнүн саясий жана маданий таасирин камсыздоо үчүн күрөшүп жатышат.

Бардык жерде радиоберүү жана телевидениенин кеңири жайылышы, көп мамлекеттерде элдин сабаттуулук даражасынын өсүүсү тез пайда келтирүүчү, жалпы керектөөчүгө арналган көркөм азыктарга болгон талапты келтирип чыгарды.

Массалык маданият көңүл ачуучу гана эмес, о.э. белгилүү бир идеологиялык максатты да көздөгөн массалык көңүл ачуунун аудио жана видео азыктарын өндүрүүчү бүтүндөй бир өнөр жайдын пайда болуусуна алып келди. Дүйнөнүн алдыңкы компаниялары мында өз азыктарын түздөн-түз жана кыйыр түрдө рекламалоонун зор мүмкүнчүлүктөрүн көрүштү. Кино, эстрада жана спорт «жылдыздарынын» белгилүүлүгү алардын жашоо мүнөзүн, кийинүү стилин, жашоодогу жана саясий позицияларын көпчүлүк, айрыкча, жаштардын тууроосу үчүн үлгүгө айландырды.



**XX кылымдын экинчи жарымында ...**
**ИТР – бул ...**
**«Маалыматтык коом» – бул ...**
**Жаңы жугуштуу оору ...**

Соңку кездерде көптөгөн элдердин тууроо объектине айланган Батыш цивилизациясы техникалык жана технологиялык инновациялар, демократия жана адам укуктары өңдүү түшүнүктөр менен бирге маданий толеранттуулуктун жаңыдан-жаңы жактарын көрсөтүүдө. Бир топ Батыш мамлекеттеринде бир жыныстуу адамдардын ортосунда үй-бүлө куруунун мыйзамдаштырылышы, үрп-адаттардын жана диндин каршылыгына карабастан, бул адатты башка жерлерде да жайылтууга



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

умтулуу көпчүлүк тарабынан бүгүнкү Батыш коомунун руханий кризиси катары каралууда. Андыктан Батыштын өзүндө да массалык маданият көпчүлүк философтор, социлогдор жана маданият таануучулар тарабынан өтө кабатырлуу окуя катары каралууда. Ал дүйнөнү өтө жеңил кабыл алууга үндөгөнү үчүн интеллектуалдык бузулуунун булагы катары мүнөздөлүүдө. Окумуштуулардын пикири боюнча, массалык маданият жеке инсандын терең керектөөлөрүн кандыруу жана ишке ашырууга каршылык кылат. Кулк-мүнөздүн ээрчигичтик модели адамдарда пассивдик, ыңгайлашуучулук, б.а. дүйнөнү кандай болсо, ошондойлугунча кабыл алууга даярдык психологиясын калыптандырат.

**Адабият.** XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башына келип адабий жараяндар тез өзгөрдү, ар он жылда адабиятта жаңы багыт пайда болуп жатат, жаңы мектептер калыптанып жатат. Бул доор адабиятында интеллектуалдык изденүү жараянын улантууда, ал заманбап коомдун керектөөлөрүн жана өнүгүү усулдарын таанууга умтулууда.

Жаңы кылымдын башында көп тилдерде басылган жана чоң уу-дууга себеп болгон ушундай чыгармалардан бири Ооганстандык Халид Хусайнийдин «Шамалдын артынан чуркаган адам» деп аталган романы болду. Романдын окуялары Кабулда «талибан» кыймылы күчөгөн мез-гилде болот. Бул – Амир менен Хасандын ортосундагы достуктун тарыхы. Анда адамдардын ортосундагы достук жана милдеттин руханий негиздери жөнүндө ой жүгүртөт. Чыгарма 2001-жылдагы сентябрь окуяларынан кийин жарык көргөндүктөн, чоң кызыгуу ойготту.

XXI кылымда өзбек китепкөйүнө жетип келген дагы бир белгилүү чыгарма Бразилиялык жазуучу Пауло Коэлёнун «Алхимик» романы болуп саналат. Чыгарма жаштык, үмүт жана ага умтулуу жөнүндө. «Өз Тагдырына жетишүү – мына ушул инсандын чыныгы бурчу болуп саналат», деп жазат П. Коэлё.

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүнө арзыган эң белгилүү чыгармалардан бири англис жазуучусу Жоан Роулингдин калемине таандык «Гарри Поттер» жөнүндөгү романдар болду. Окумуштуулар чоң тарбиялык мааниге ээ деп эсептей турган бул романдар өлүмдү да жеңип өткөн кудайчыл өспүрүм Гарри Поттердин көргөн-билгендерине арналган. Чыгарма бүгүнкү дүйнө ар качанкыдан да изгиликке, адамдарга жакшылык келтирүүчү улуу бир инсанга муктаж экендиги, изгиликтин жолу азыр ар качанкыдан оор жана карама-каршылыктуу болсо да, Гарри Поттердей ак дилдүү адамдар аларды жеңип өтүшү мүмкүндүгү жөнүндө баяндайт. Салттарды сактап калууга умтулган



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жазуучу бул чыгармаларда кайталангыс образдардын жардамында өзүнүн өтө ишенимдүү көркөм ааламын жаратууга жетишти.

Бул түрдөгү чыгармалардын көптүгүнө карабай, бүгүнкү адабияттын көп бөлүгүн негизинен коммерциялык жана реклама мүнөзүндөгү чыгармалар түзүп жатат.

Заманбап коом өз өнүгүүсүнүн маанилүү интеллектуалдык бөлүгү болгон адабияттын мааниси жана көйгөйлөрүн, коом адабиятсыз жашай албастыгын жана өнүгүшү мүмкүн эместигин толук түшүнүп жетиши зарыл. Телевидение, радио жана интернет тармактары аркылуу бериле турган күндүн маанилүү жаңылыктары катары басып чыгарыла турган китептерди сунуштоо, аларды рекламалоо көнүмүш адатка айланышы керек. Бул чындыгында заманбап коомдун маданиятынын маанилүү бөлүгү, аны эсепке албоо мүмкүн эмес.

**Көркөм өнөр.** Заманбап көркөм өнөр XX кылымдын экинчи жарымында калыптанган салттардын негизинде түзүлдү. Бул доордун көркөм өнөрү модернизмге альтернативдүү, кээде ага кескин карама-каршы багыттарды издөө, жаңы көркөм өнөр тилин жаратууга умтулуу менен мүнөздөлөт. Ал жаңы образдарды, ойду билдирүүнүн жаңы, материалдык эмес каражат жана материалдарын издөө жараянында көрүндү.

Маалымат доорунун жаңы технологиялары, маалыматтын чектен ашык көптүгү, адам менен машинанын ортосунда тирешүүгө алып келди. Бул карама-каршылыкты чечүүнүн жолу катары телекоммуникацияга эстетикалык негиздерди алып кирүү, аны маалымат жеткирүү функциясынан бошотуу, мисалы, көрсөтүүлөрдүн мазмунун чыгышка мүнөздүү мистицизм, иррационалдык негиз менен толтуруу сунушталат. Интеллектти «ишке салбастан», түз эле адамдын ички ааламына кайрылуу жасоо – бул принцип компьютер графикасы, видеоклиптер жаратуу сыяктуу көркөм өнөрдүн жаңы түрлөрүндө, бир аз заманбап кино өнөрүндө колдонулууда.




**XX кылымдын экинчи жарымы, айрыкча, кылымдын аягына келип, жүрөк-кан тамыр системасы жана рак оорулары адамдардын өлүмүнүн башкы себепчилерине айланды.**

**Биология, айыл чарбасы жана медицина илиминдеги революциялык ийгиликтердин натыйжасында Жер жүзүнүн калкы кылымдын башындагы бир жарым миллиард адамдан кылымдын аягына келип 6 миллиардга чейин көбөйдү.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Телекоммуникациялардын глобалдык тармагы, массалык маданияттын пайда болуусунун эң маанилүү натыйжасы көркөм өнөрдүн социалдык-саясий ролунун ашкандыгында байкалды. Эми көркөм өнөр жалаң гана жашоонун күзгүсү болбостон, социалдык реалдуулукту калыптандыруучу факторго да айланды. Ушундан келип чыгып, бир топ сүрөтчүлөр «постдемократиялык коомдо» көркөм өнөр бийликтин колундагы куралга айланат, деп тынчсызданышууда.



**Вакцина** – жугуштуу ооруларга каршы эмдөөдө колдонула турган каражат.

**Мистицизм** – бул мистикага жакындык, мистикага негизделген диний-иделисттик көз караштын түрү.

**Иррационалдык** – бул чындыкты билүүдө аң-сезимдин мүмкүнчүлүгүн четке кагуучу же аны өтө чектелген деп билүүчү философиялык концепция.

**Массалык маданият** – бул заманбап коомдун жашоосунун дээрлик бардык тармактарына кирип келген күндөлүк, көңүл ачуучу жана маалымат маданияты.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. ИТР өнүккөн мамлекеттерде коомдун кандай сапаттык өзгөрүүлөрү байкалды?
2. Сен баалуулуктар системасынын интернационалдашуу жараянына кандай карайсың? Анда улуттук маданияттар үчүн кандай коркунуч жашынган?
3. Массалык маданият коомдогу баалуулуктар системасына кандай таасир көрсөтүп жатат?
4. Заманбап маалымат каражаттары адабият жана көркөм өнөрдө кандай жаңы багыттар жана көйгөйлөрдү келтирип чыгарууда?
5. Азыркы заман адабиятынын китепте келтирилген үлгүлөрүнөн кайсы бирин окугансың? Алар жөнүндө айтып бер.

## Өз алдынча иш



Интернеттин жардамында «XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында илим-билим, адабият, көркөм өнөр» темаларын чагылдыруучу видеоролик даярда жана аны көрсөтүүгө даярдан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

Киришүү ........................................................................................ 3

## I БӨЛҮМ. XX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XXI КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА ДҮЙНӨ МАМЛЕКЕТТЕРИ

1-тема. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын баштарында эл аралык мамилелер.................................................. 4
2-тема. Чыгыш Европа мамлекеттеринде демократиялык революциялар жана социалисттик лагердин кыйрашы ................................................... 9
3-тема. Совет мамлекетинин кыйрашы жана мурдагы советтик республикаларда эгемендүүлүктүн жарыяланышы..................15

## II БӨЛҮМ. 1991 – 2017-ЖЫЛДАРДА ДҮЙНӨ МАМЛЕКЕТТЕРИ

4-тема. 1991 – 2017-жылдарда Россия Федерациясы...............................19
5-тема. 1991 – 2017-жылдарда Украина, Беларусь жана Молдова республикалары ........................................................ 23
6-тема. 1991 – 2017-жылдарда Балтика бою мамлекеттери..................29
7-тема. 1991 – 2017-жылдарда Кавказ арты мамлекеттери....................33
8-тема. 1991 – 2017-жылдарда Борбордук Азия мамлекеттери............38
9-тема. Батыш мамлекеттеринде интеграциялашуу жараяндарынын тездешүүсү. Европа биримдиги менен АКШ мамилелери........................................................ 44
10-тема. 1991 – 2017-жылдарда Америка Кошмо Штаттары............... 48
11-тема. 1991 – 2017-жылдарда Германия Федеративдик Республикасы ................................................................................52
12-тема. 1991 – 2017-жылдарда Улуу Британия .......................................55
13-тема. 1991 – 2017-жылдарда Франция ................................................ 60
14-тема. 1991 – 2017-жылдарда Италия .................................................. 64
15-тема. Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин саясий, социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн негизги багыттары .................................................................................. 68
16-тема. 1991 – 2017-жылдарда Кытай Эл Республикасы......................72
17-тема. 1991 – 2017-жылдарда Япония ...................................................77



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

18-тема. 1991 – 2017-жылдарда Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттери ....................81
19-тема. 1991 – 2017-жылдарда Индия Республикасы ....................85
20-тема. 1991 – 2017-жылдарда Түркия Республикасы .................... 90
21-тема. 1991 – 2017-жылдарда Иран Ислам Республикасы .................... 94
22-тема. 1991 – 2017-жылдарда Пакистан жана Ооганстан ....................98
23-тема. 1991 – 2017-жылдарда Сирия жана Ирак ....................104
24-тема. 1991 – 2017-жылдарда Израиль мамлекети жана Палестина көйгөйү ....................109
25-тема. 1991 – 2017-жылдарда Латын Америкасы мамлекеттери ..... 113
26-тема. 1991 – 2017-жылдарда Африка мамлекеттери .................... 118

## III БӨЛҮМ. ЖАҢЫ МИҢ ЖЫЛДЫКТЫН БАШЫНДА ДҮЙНӨ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

27-тема. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында глобалдашуу көйгөйлөрү, аскердик, экстремисттик жана экологиялык кооптор ....................124
28-тема. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында туруктуу өнүгүү жана этно-социалдык көйгөйлөр............130
29-тема. XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында илимий-техникалык өнүгүү. Илим-билим, адабият, көркөм өнөр ....................135



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Shuhrat Ergashev, Begzod Xodjayev,
Jamshid Abdullayev**

# JAHON TARIXI

**(1991–2017-yillar)**

O‘rta ta’lim muassasalarining 11-sinfi
uchun darslik

Birinchi nashr

*(qirg‘iz tilida)*

«TURON-IQBOL»
Toshkent, 100182. H. Boyqaro ko‘chasi, 51-uy.
Toshkent – 2018

Которгон Г. Токтобаев
Редактору А. Зулпихорова
Көркөм редактору Э. Абдикайырова
Техникалык редактору А. Юлдашева
Корректор Б. Кадырова
Компьютерде беттеген А. Мухаммадиев

Басманын лицензиясы AI №223, 16.11.2012.
Басууга 29 июнь 2018-жылда уруксат берилди. Форматы 70×90 1/16.
Офсеттик ыкмада басылды. «Times New Roman» гарнитурасы.
Шарттуу б.т. 10,53. Эсеп б.т. 9,95. Тиражы 786 нуска.
18-281-сандуу буюртма.

Өзбекстан Басма сөз жана маалымат агенттигинин
«O‘zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүнүн
басмаканасында басылды. 100011, Ташкент, Наваий көчөсү, 30.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал***

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчи-синин колу | Окуу китебинин тапшы-рылгандагы абалы | Класс жетекчи-синин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |
| 5. | | | | | | |
| 6. | | | | | | |

***Окуу китебин ижарага бергенде жана окуу жылынын аягында кайтарып алганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат***

| | |
|---|---|
| **Жаңы** | Окуу китебинин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| **Жакшы** | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| **Канааттан-дырарлык** | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу оңдолгон. Көчкөн барактары кайра оңдолгон, айрым беттерине чийилген. |
| **Канааттан-дырарлык эмес** | Мукабасына чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлык эмес оңдолгон. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган, окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE